Жыпар Акунова

# ТҮШТҮККӨ ТҮШКӨН КЕЛИН





Жыпар АКУНОВА

# ТҮШТҮККӨ ТҮШКӨН КЕЛИН

*Аңгемелер, ырлар, тандалмалар*



«Улуу тоолор»
Бишкек – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А – 80

*Ушул китебимдин жарык көрүшүнө көмөк көрсөткөндүгү үчүн иним* ***Райымбек Матраимовго*** *ыраазычылык билдирем.*

**Акунова Жыпар.**
А–80 **Түштүккө түшкөн келин.** Аңгемелер, ырлар. – Б.: «Улуу тоолор», 2015. – 188 б.

ISBN 978-9967–15-435-6

Акындын колуңуздарда турган жыйнагына кийинки мезгилдерде жазылган прозалык чыгармалары жана ырлары, тандалган чыгармалары топтолду.

Китептин өзөгүн окурманды кайдигер калтырбаган «Түштүккө түшкөн келин» аңгемеси түзөт. Автор бул аңгемесинде Түндүк менен Түштүктүн ортосундагы салттардагы айрым айырмачылыктары менен Түштүккө келин болгон кыздын күлкүлүү окуяларына токтолгон.

Жыйнак жалпы окурман журтчулугуна арналып чыгарылды.

А 4702300201-15

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-15-435-6

© Акунова Ж., 2015

# АНГЕМЕЛЕР

# ТҮШТҮККӨ ТҮШКӨН КЕЛИН

## Үйдү айланып...

Бишкектен Ошко самолетто учтук. Менин самолетто биринчи учушум болчу. Тилек жебиреп жаңы келин кандай болоорун, эмне кылуу керек экенин, атасына, апасына, бир туугандарына кандай мамиле кылаарымды, эртең менен эрте туруп эшиктин алдын шыпырышымды, үйгө ким келсе да сылык-сыпаа тосуп алып, эшиктин алдына чейин узатышымды, айтор жаңы келинге тиешелүү эрежелердин бардыгын айтып баратат. Мен бир сөзүн угуп, бир сөзүн укпай толкунданып кетип баратам. Көзүм кебездей аппак булуттарда. Колума кармалчудай, жупжумшак.

– Үйдү айланып чуркайсың,– деген сөзү кулагыма шак дей түштү.

– Үйдү эмнеге айланып чуркайм, ыя?

– Мен баятан бери эмнени айтып жатам? Дагы жакшылап угуп ал үйлөнгөн жигит менен жаңы келген келинге өпкө чабат. Ошол өпкө чабаар замат, буйдалбай үйдү он жолу айланып жүгүрүп келишиң керек.

Элдин баары карап турса күшүлдөп үйдү айланып чуркап бараткан өзүмдү элестетип көңүлүм азып кетти.

– Үйдү айланып жүгүрбөй койсом болбойбу?

– Болбойт, анда Абдыназардын келини салтты бузду, түндүктөн келген да, ошон үчүн кайын-журтун тоготподу, үйдү тегеренип жүгүрбөй койду дебейби. Ата-энемди сөзгө калтырбайлы,– деди сырдуу жылмайып.

Мен унчукпай калдым. Мейли жүгүрсө жүгүрө берем го, жүгүнгөнү, башка салттары биздикине эле окшош экен, ушул жүгүргөнү кызык экен, ыңгайсыз деп койдум ичимден.

Аңгыча Оштун аэропортуна да жетип калдык. Ал жерде досторy, туугандары шаңдуу тосуп алышып, Тилектин үйүнө сапар тарттык. Өзүмчө опкоолжуйм. «Түндүк тараптан барган келиндерди Оштуктар жаман көрүшөт, «аркалык»,– деп бөлүшөт экен, кайненелери күн көрсөтпөй кодулайт экен», деген сөздөрдү көп уккандыктанбы, айтор жүрөгүм туйлай баштады. Үйдүн эшигинин алдында көп эл чогулуп турушуптур. Машинадан түшкөндө биздин үстүбүзгө конфет, печенье чачып, узун бойлуу, Тилекке окшош аял мага ак жоолук салды. Жүзү жылуу аялды көрүп коркконум тарай баштады. «Жүз жолу жүгүнүшүң керек»,– деген Тилектин сөзүн эстеп тынбай жүгүнө баштадым эле, «болду балам, болду, өмүрлүү бол, бактылуу бол, акжолтой келин бол»,– деп бетимден өптү. Кандай келин болду экен деп таңданып тиктегендерден да, сын көз менен сыдыра карагандардан да ийменип, эмне кылаарымды билбей кызарып турганымда жанагы аял кашык менен оозума сары май салды. «Өпкө алып келгиле, өпкөнү»,– деген сөздү укканда жүрөгүм «болк» дей түштү. Тилек экөөбүздү катар тургузуп, биз жакка каны шорголоогон өпкөнү көтөрүп келатканын көрдүм. Анан бирөөлөр бир нерселерди сүйлөп жатканын билем, эмне дегенин укканым жок. Эси-дартым бул узун огороду бар үйдү он жолу кантип тегеренип чуркайм, элдин баары жабылып мени тиктеп турса деп ойлой бердим. Бутумда да кыйраткансып бийик такалуу туфли. Өпкөнү ары алып кетээр замат узун көйнөгүмдү көтөрүп коргонду айланып чуркап жөнөдүм. Тургандардын бардыгы эч нерсе көрбөгөнсүп мени жабыла карап калышты. Көзүм боорун тырмап каткырып жаткан Тилекке түштү. Коргонду бир айланып, экинчи ирээт айлана баштаганда жанагы башыма ак жоолук салган аял алдымдан утурлай чуркап жетип:

– Кой, садагаң кетейин, Тилек тентек ошентип жөн жүрбөйт. Сени тамашалаган турбайбы, жаңы келин антип чуркабайт, айланайын – деп, бетимден өөп үйгө алып кирди.

Эшиктин алдында тургандардын бардыгы күлүп жатышыптыр. Ызамды айтпай эле кой, ыйлап жибере сактап зорго кармандым.

– Сени шашпа,– деп коем ичимден Тилекке ызырынып. Көшөгөгө аялдар кирип жоолук салышып, «Ак жолтой келин бол», «бактылуу болгула», «кошконуң менен кошо кары» – деп тилектерин айтып, бетимден өөп кетип жатышты. Жаңы келинди көргөнү келип таң калып караган кичинекей кыздар да бар. Тилек бир убакта көшөгөгө баш бакты, күлүп жүрөт, шылдыңдап. Ачуум эчак тарап кеткен болсо да «сениби!» дедим.

– Эй ыйлабай эле отурасыңбы, ыйлабайсыңбы! – дейт.

– Эмнеге ыйлайм,– дедим.

– Тилектин аялы эрге тие албай араң жүргөн неме көрүнөт, ырсаңдап күлүп отурат дебейби, калп деле болсо ыйламыш этип бетиңе шилекейиңден сүйкөп койбойсуңбу, биздин айылга келген келиндердин бардыгы көшөгөдө ыйлап отурушчу, бол эми ыйла, өңгүрөп ыйлап калсаң, ыйлабасаң деле жоолугуңду ылдый тартып алып уу-уу-уу дей бербейсиңби, эл сени ыйлап атат бечара дейт, болбойсуңбу,– деп демите баштады.

– Баятадан бери күлүп эле отуруп эми ыйлап баштасам уят эмеспи, ыйлабайм,– дедим. Кошо келген курбу кызым: – Жаңы келин келсе ыйлачу эле, ушуну ойлоп койбоптурбуз да,– деди. Аңгыча көшөгөгө баш баккан апасына Тилек: «Апа, келиниңиз кетем деп ыйлап атат, жеткирип коеюнбу» – деди.

– Дагы эмнени быштагың келип турат, келиним ыйлабай, этпей эле отурат, кара шумдукту баштабай тынч отурчу,– деди. Ый дагы Тилектин кезектеги тамашасы экенин ошондо түшүндүм.

## Нике

Кечинде молдо чакырылып, нике кыйыла турган убакыт келди. Молдонун сүйлөгөнү көшөгөнүн ичине даана угулат.

– Кыздын атасынын атын сурагылачы,– деди молдо. Тилек экен,– деди Тилектин досу. – Ой Тилек экенин мен деле билем, кыздын атасынын атын сурабайсыңбы?

– Ошол кыздын атасынын аты Тилек турбайбы,– деди Медер.

– Мунуңардын дени-карды соо немеби, же ичип алганбы, башка бирөөнү сураткылачы, кыздын атасынын атын сурап келсин!

– Ошол кыздын атасынын аты Тилек экен да,– деди Жыргал.

– Астапырылла,– деди таң калган молдо.

## Казан көөлөгөндө

– Эртең айылдагы аялдар келишет. Сен аялдар отурган бөлмөгө кирип казан көөлөйсүң. Адегенде кирип жүгүнөсүң, анан казан көөлөгөндөн кийин буйрулбай артың менен чыгып кетишиң керек,– деди.

Бизде түбүнө көө толуп калган казанды көмкөрүп алып кыргыч менен көөсүн кырат. Ошону казан көөлөйт деп коебуз. Аялдар отурган жерде менин казандын көөсүн кырганым, көөнүн үйдүн ичине учуп атканы, колум, бетим көө болгону элестеп кетти.

– Мен казан көөлөбөйм,– дедим. «Эмнеге ботом, анын анчалык деле кыйынчылыгы жок. Тамак салынган казан турат. Чөмүчкө ак пахтадан жип өрүп байлап коебуз. Сен казанды аралаштырып гана коесуң»,– деди. – Өх,– деп эс ала түштүм. Аралаштырып эле коюш керек болсо аралаштырам, мен көөсүн кырышым керек турбайбы деп коркподумбу,– дедим.

Эртеси аялдар келгенде кирип казан көөлөдүм. Аялдар баталарын беришип, бирден жоолук салышты. «Казан көөлөбөйм» дегенимди эстеп көпкө чейин күлүп жүрдүм.

## Эшик шыпырганда

– Таңкы саат 4тө атам менен апам турушат, сен күн сайын 3тө туруп үйдүн алдын, короону мизилдетип шыпырып коюшуң керек. Анан эң баалуу көйнөгүңдү, эң бийик такалуу туфлиңди кийип алып шыпырууң керек,– деди Тилек.

– Эмнеге, көйнөгүм чаң болуп калбайбы? Анан бийик така менен ыңгайсыз дагы,– дедим.

– Себеби кошуналардын келиндеринин бардыгы эртең менен эрте эң кооз көйнөктөрүн кийип алып эшик шыпырышат. Кокус сени кошуналар көрүп калышса, бечаранын жаңы көйнөгү жок көрүнөт деп кеп кылышат,– деди.

– Жаңы келинге өтө кыйын экен да, мейли эми каникул бүтсө кетип калам да, эшигин шыпырып кое берейин,– деп койдум ичимден. Мен саат 3тө турсам, таң ата элек экен. Көчө чырагын жактым да, эшиктин алдына суу сээп шыпырып койдум. Эртеси дагы саат 3тө эшик алдына суу сээп жүрсөм, кайненем чыгып:

– Ээ катыгүн бул эмнең, биринчиден эшик алдын бир жумада бир шыпырсаң болот. Анан да саат 3тө эмес, таң атканда эле шыпыр, балам. Анан алдагы көйнөгүң чаң болбодубу, халатыңды кийбейсиңби! Тигил шиш така кийип алган эмнең, кокуй, үйдө каляч толуп жатпайбы – десе болобу!

Тилекке ачуум келгенин айтпай эле коеюн.

– Сени шашпа, таң атсын,– деп коём ичимден. Үйгө кирсем Тилек быкылдап күлүп жатат.

## Нан үзгөндө

Күндөрдүн биринде кайненем тандырга нан бышырды. Мен тандырга нан жапканды билбеген соң нан жасашып, даяр камырды жеткирип берип жардамдашып жүрөм. Тандырды биринчи көрүшүм болчу. Бизде нанды

көмөчкө же көңкөгө бышырат да. Нан кызарып бышып калган. Баятан бери ысык тандырга нан жабыштырып жүрүп чарчадыбы, же мени сынайын дедиби, айтор кайненем үйгө кирип кыйшайып жатып калды. «Нандарды үзүп келчи балам»,– деди. «Үзүп» деген бизде туурап келчи деген сөз эле. Канчоосун үзөйүн,– десем, «баарын»,– деди. Нандын баарын туурап алып эмне кылат болду экен,– деп мен таң калып турдум. Тандырга нан бышырып көрбөгөндөр үчүн өтө кыйын экен. Тандырдын ичи алоологон ысык. Колумду сала албайм, эңкейсем, бетим күйөт. Анан ойлондум да, тандырдын ичине тактай коюп, бешилик менен улам бышкан нанды чыгарып, баарын чарага салдым. Кичине сууй баштаганын туурасам, эки нанды туураганда эле чара додо болуп толуп калды. Анын үстүнө апам: «Эгер нанды ысыгында туурасаң былтыйып калат, тикесинен жөлөп сергитип, суугандан кийин тууращ керек – деп калчу. Мынча нанды туурап эмне кылат болду экен деп ойлондум да, чарадагы тууралган нанды кайненемдин алдына алпарып койдум.

– Бул эмне,– дейт таң калып. «Нанды үзүп кел» дебедиңизби – дедим.

– Ой орус, мен тандырдан чыгарып кел дедим эле,– деди күлүп.

## Сынган чыны

Келин болуп барганыма эки, үч күн болгон. Кокусунан колумдан түшүп кетип бир чыны сынып калды. Жапжаңы, гүлдөрү кооз, жакшынакай чыны болчу. Эң негизгиси кымбатыраак сервиздин чынысы экен. Абдан кыжаалат болдум. Чапталса чаптап коймокмун. Келе элек жатып сервизимдин чынысын сындырып койду, жаңы келин эби, сыны жок, олдоксон неме экен, тарбия алганбы, албаганбы дейт го деп абдан кыжаалат болдум. Чыныны болсо идиш жууган марлиге ороп столдун алды-

на бекитип койдум. Эшикке чыксам, эч кимге көргөзбөй ыргытып жиберем деп ойлогом. Анан унутуп коюптурмун. Бир күнү кайненем: «Ээ, Нурила, бул чыныны ким сындырган,– дейт. Эмне дешимди билбей калдым. Мен сындырып бекитип койгом деп кантип айтам. «Жанагы жаңы келин сындырып алып, эмне кылаарын билбей бекитип койгон турбайбы»,– дедим. Кайненем таң калып мени карап туруп, «кайсы келин» – деди көрүнөт, анан каткырып жиберди. Сынган чыныдан ошентип кутулгам.

## Каляч

Идиштерди жууп жүргөм. «Тигил калячты сүртүп койчу»,– деп колума носки карматып койду кайненем. Носки жуулган, таза носки. «Каляч» деген эмне экенин билчү эмесмин. Кол шилтеген жагын карасам, столдун үстүндө нан салган кара табак турат. Үстү чын эле чаң экен. Ошол табакты «каляч» дейт болду бекен? Бирок ошол нан салган табакты носки менен сүртпөсө керек деп таң калып турдум. Кайра сурасам, дүлөйбү деп ойлосочу, сурабасам, көрсөткөн жагында табактан башка эч нерсе жок экен. Табакты носки менен сүрбөсө керек,– дедим да «эмнени дедиңиз?»,– деп кайра сурадым. «Калячты» дейт кайра. «Каляч эмне? – десем, «тигил бутка кийген» – деп таң калып карап койду. Көрсө, каляч деген галош экен.

## Нан палоо

– Бүгүн нан палоо жасачы, балам,– деди кайненем. Өмүрүмдө «нан палоо» дегенди жеп да, жасап да көрбөгөм. «Нан палоону кантип жасайт?» – десем мени таң кала карап туруп, күрүчтүн ордуна нан саласың, калганы ошондой эле,– деди кайненем. Андан ары суроо узата алган жокмун. Сурайын десем, үйдө башка эч ким

жок. Кайненемден кайра-кайра сурай бергенден тартындым. Эжеме телефон чалып, «нан палоо жасаганды билесизби?» – десем, «андай палоону сенден биринчи угуп атам, кайненеңден сурап албайсыңбы?» – деди. «Эмне болсо ошо болсун,– дедим да, этти, сабиз, пиязды кууруп, суу куюп койдум. Ал бышып атат. «Бул нандан палоо жаса» деген үкөктү карасам, тууралып, кургатылган нан көп экен. Нандан табакка салып алып, күрүчтү уюткандай жылуу сууга салып коюп, бир убакта келип карасам, наным сууга эзилип, эрип кетиптир. Наным жок. Эмне кылаарымды билбей, бир аз ойлондум да, күрүчтү уюта салдым. Эрип кеткен нандын үстүнө нандан туурап туруп, акырын эч кимге көрсөтпөй итке куюп бердим. Ошентип менин күрүчүм кеч уюп, палоом кеч бышты. Кичирээк балдар уктап да калышты. Табакка салынган ашты дасторконго койгондо, кайненем таң калып: «Нан палооң кана?» – деди. Мен: Тилек нан палоону жегим келбей атат, андан көрө аш жасачы дегенинен күрүч палоо жасадым,– дедим. Тилек менин бир балээ жасаганымды билип, унчукпай, мыйыгынан күлүп аштан сугунуп отурду.

## Камыр палоо

– Бүгүн камыр палоо жасачы, балам,– деп вермишелди колума карматты кайненем. Камыр палоону жеп, аны жасагандарын көрүп жүрчүмүн го, бирок эч качан камыр палоо жасап көргөн эмесмин. Өткөндө нан палоону жасай албай койсом, эми камыр палоосун жасай албай койсом эмне дейт,– дедим да кадимки палоо сыяктуу эле болсо керек деп ойлодум. Этти, сабизди, пиязды куууруп, 1 литр суу куюп, туз, калемпиринин даамын көрүп туруп, кайнаганда вермишелди салып койдум. Суусу соолуганда отту азайтып демдеп койгом, бир убакта бышты го деп келсем, үстүндөгү вермишелдин бардыгы катуу бойдон жүрөт. Дагы жакшы, кухняда эч ким жок

болчу.Бышпай калган катуу вермишелдердин бардыгын бирден терип чыктым дагы пакетке салып таштандыга бекитип койдум. Калганына кайнак суудан куюп кайра демдеп койсом, камыр палоого окшошуп калды. Көрсө, мен сууну аз куюп коюптурмун. Ошентип камыр палоо жасаганды үйрөнгөм.

## Эчки сааганда

Эчкини сааганды көрмөк тургай, бала кезимде эчкинин өзүн чанда көрчүмүн. Жайлоодо кайнатамдардын эчкилери көп экен. Бир күнү кайненем ооруканага жатып калды. «Эчки саай аласызбы? – дейт кайним. Апам андасанда бир жактарга кеткенде уй саачумун. Эчки уйга караганда кичине эмеспи деген ойдо «Саайм»,– дедим сыр бербей. Эки кайним эчкини кыймылдатпай кармап турушат. Мен уй саагандай эчкинин капталына отурдум. Кайним «Жеңе, эчкини артынан саайт» – дейт. Эчки дагы менин шаардан келгенимди, эбим келбей жатканымды билдиби, айтор кыйла саап алган сүтүмдү тепкилеп төгүп салды. Ызаланып турсам да сыр бербей, кайра дагы саай баштадым. Өчөшкөнсүп эчким чакама бутун салып алса болобу! Дагы деле билгизбейм, чакамды жууп алып, дагы кайрадан саап кирдим. Бул жолу мына сага дедиби, чакамды булгап жиберди. Ошондо эчкиге аябай жиним келгенин азыр да айтып бералбайм.

## Сөлөкөттөн корккондо

Түнкүсү эшикке чыкчу эмесмин. Караңгыда тегеректеги тоонун боорлорундагы арчалар бирөө басып келаткандай коркунучтуу көрүнчү. Бир күнү аябай эшикке чыккым келди. Колумда кол чырагым бар. Там артына бурула берсем эле, бир караан турат. Байкасам, бир нерсе шамалга учуп кыймылдайт, жоолук экен. Кол чырак

менен жакшылап карасам, көз алдымда бир буттуу аял мени көздөй басып келаткандай көрүндү. Кандай кыйкырып, үйгө чуркап киргенимди да билбейм. Үйдөгүлөрдүн баары ойгонуп, мени тегеректеп калышты. Корккондумдан эч нерсе айтып beралбайм. «Бир буттуу аял, бир буттуу жоолукчан аял» – дей бериптирмин. Кайнатам эшикке чыкса, коңшулардын бардыгы чогулуп келишиптир. Кыйладан кийин өзүмө келе баштаганда, кайненем «Катыгүн, эмне болду?» – дейт. «Үйдүн артынан бир буттуу аял көрдүм»,– дедим. Кайнатам барып караса, буудайга чымчык жолобосун деп эски көйнөктү кийгизип, башына жоолук байлап койгон каракчы экен. Эртеси кайнатам баягы каракчыны алып таштады.

## Кайнагамды тергегенде

Үйдө кир жууп отурсам, бир киши келип кайнагамды сурады. «Алар жеңем экөө тең Карышкыр деген кишиникине барабыз, андан ары Кузгундукуна барабыз дешкен,– дедим. Тигил киши мени оңтойсуз карап алып, мейли анда» – деп кетип калды. Мен өзүмчө аттары кызыкча экен деп коюп, киримди жууй бердим. Көрсө, жеңебиз Бөрү аттуу кайнисин – Карышкыр, Карга деген кайнисин Кузгун деп тергейт экен. Баягы келген киши ошол Бөрү кайнагабыз болот экен. Үйүндө отурган жеңеме жаңы келиниңи да Карышкыр деп тергегенди үйрөтүп атыпсың деп таарыныптыр. Анан жеңем аш басып алдыңа түшөйүн деп кайнисинин таарынычын зорго жазыптыр. «Кокуй, сен аларды антип айтпа, мен теңтуш болгон үчүн тамашалашып эле ошентип терген коем, келиниңди да Карышкыр дедиртип атыпсың деп таарынып, өлүп кала жаздады»,– дейт. Мен аларды тааныбасам кайдан билейин, мындан ары аттарын айтпай эле коеюн дедим.

## Маасы

– Бизде жаңы келин маасы кийиш керек, балам – деди кайненем. Мен каршы болгонум жок. Бул жактын салты ошондойбу, демек аткарыш керек деп ойлодум. Келин болуп барган күндөн Бишкекке кеткиче маасы-галошту чечпей кийип жүрдүм. Мен кышында келин болуп баргам да, мага анча деле ыңгайсыздык сезилген эмес. Тетирисинче жылуу болуп, бутум жылуу жүргөн. Бирок кийин менин кайын-журтумдун кимиси келин алышса да маасы кийгизишиптир. Бир келинибизди жайында алып келгендиктен ысыкта маасы кийбейм десе, киесиң эле, биздин Бишкектен келген келинибиз деле маасы, галош кийип жүргөн, сен каяктан чыгыптырсың дешкен экен, ысыкта жүдөп маасы кийип жүрдүм, жеңе, сиз каяктагыны баштагансыз дейт. А мен кайдан билейин, маасы кийиш керек дешти, салты ушундай турбайбы деп кийдим да десем күлүшөт. Сиз баштап коюп, азыр эми базарыбызды зордоп маасы кийгизип атышат деп калышат.

## Анжирди көргөндө

Ош шаарына кайра каникулда жер-жемиштер бышып турган мезгилде бардык. «Анжирди көрдүң беле» – деди жолдошум. «Жок, ал эмне?» – дедим мен. Ал «ышкырык» – деди күлүп. Жан-жагыбызда коондой сапсары, эзилип кеткенге окшогон чоңдугу шабдаалыдай бирок жалпак, жалпак бир нерселерди чарага тизип алып сатып отурган аялдын жанына алпарды. Баягы сапсарыдан 20 даананы сатып алып, чоң жалбырактын бетине салдырып, ошол аялдын жанындагы столго коюп берди. «Сен жеп тур, мен үйгө аны-муну алып келе коеюн, мен келгенде жейм» – деди. Жейин деп колума алсам, былжыраганынан ирээнжий түштүм. Ичинде куртка окшогон бир нерселер жүрөт. Курттап кеткен турбайбы деп бүгдеп ичин

карап, жакын жерде турган таштандыга таштай берип, баарын ыргытып жиберипмин. Бир аздан кийин келген Тилек таң калып, «баарын жеп койдуңбу» – дейт. «Жок, баары курттап кетиптир, ыргытып жибердим» – дедим.

– Ой-ба-ай, Түндүктүн кызы, ал анжир деген болот, анын ичинде ошондой майда тамырчалары болот,– деп кайра дагы сатып келди. Жеп көрсөм, укмуш таттуу болот экен. Дагы сатып берчи деп көп-өп саттырып алып, Тилектин айылына жеткенче жеп бардым. Азыр да жакшы көрөм. Анжирди биринчи көргөндөгү жоругумду эстесем азыр да күлөм.

## «Ликаптарды» издегенде

Үйгө меймандар келип, дасторкон жайып, нан, момпосуй, печенье, салаттарды коюп жүрөбүз.

– Чоң үйдө сервантта турган ликаптарды алып келчи, келин бала,– деди кайненем. Чоң үйүнө кирсем, сервантта идиш-аяктар абдан көп экен. Кайсынысы «ликап» экенин билбей аңкайып көпкө турдум. Улам бирин кармалап коем, кайненеме келип «сервантта ликап жок го»,– дедим. «Ой ликап деген толтура, алдыңкы көзүн кара»,– деди мени кайра жөнөтүп. Анан ойлондум. Кайненем конфет, печенье, нават же кант сала турган идиш сурап атат. Же болбосо, чай куйганга чыны, же болбосо аш салган чоң табагын сурап атат болсо керек деп ойлондум. Сервантта турган идиштеринин баарынан экиден чоң патносуна салып алып келип алдына койдум. «Бул эмне?» – дейт кайненем. «Булардын кайсынысы ликап?» – десем, «кокуй, катыгүн, силерде эмне ликап жокпу, билбей жатам дебейсиңби, мына ликап, ушунун чоң, кичинелеринен алып кел»,– деди кайненем тарелкаларды көрсөтүп. Мен серванттагы ликаптарын апкелип бердим.

## Челекке суу алып келгенде

– Эки челек суу алып келе калчы,– деди кайненем. Мен аябай таң калып, ызаланып алгам. Эшик алдында турган Тилекке бардым да, «мен эмне өгүзгө окшоп турамбы?» – дедим. «Сага эмне болду?» – дейт ал, менин ачуум келип калганын байкап. – Апаң бир эмес, эки челекке суу алып келчи дейт го,– дедим. Тилек үндөбөй мени тиктеп, ойлонуп калды дагы, «жүрчү»,– деди. Мен эми апасы менен урушат окшойт деп ойлоп, кыжаалат болуп кеттим. Тилек түз барып ашканага киргенде, «аа челекке сууну өзү апкелгени калды окшойт, деп ойлодум. Ашканада турган анча чоң эмес эки чаканы колума карматты. «Челек деген ушул, ушуга суу көтөрүп келе аласыңбы»,– дейт. «Көтөрүп келе алам»,– дедим. А мен болсо апам бозо салуу үчүн шак куюп жүргөн чо-оң челекти элестетип, ошондой чоң эки челекти кантип өзүм жалгыз көтөрөт элем, кайненем мени атайын челекке суу апкел деп какшыктап атат окшойт деп туталана түштүм эле. Эки чакага суу апкелдим да, алардын чаканы «челек» деше турганын ошондо билдим.

## Жаванга жыйган жүгүм кулап...

Биздин үйдө жууркандарды кроватка жыйчыбыз. Айрым үйлөрдөн сандыктын үстүнө жууркандарды жыйып койгондорун көрчүмүн. Мен келин болгон үйдө жууркандарды ошол сандыкка окшогон тумбочкага жыйышат экен. – Мунун аты «Жаван» деди кайын сиңдим. Алар жыйган жүк зыңгырап кыймылдабай турат экен. Мен дагы ошол «жаванга» жүк жыймакчы болдум. Биринчи күнү жууркандарды алардыкына окшоштуруп бүктөп жыя баштаганда эле жууркандар кайра өзүмдүн үстүмө кулап түштү. Текши да болбой койду. Эки-үч ирээт аракет кылып атып, эптеп кондуруп койдум. Эртеси дагы жүк жыйдым, дагы деле үч ирээт кулап түшүп, анан ок-

шогондой болду. Үчүнчү күнү кичине окшошту окшойт. Кулап түшпөдү. Бирок ал үй салкыныраак болгондуктан, колго жасалган спиралдуу электр печкасын сайып койчубуз. Бир убакта эле мейман үйүбүздө бир нерсе күп деди, чуркап кирсем, жыйылган жүгүм печканын үстүнө кулап түшүптүр. Күйүк жыттанып кетти. Карасам, кайненемдин бир тукаба жуурканы теptегерек болуп күйүп калыптыр. Ошондо кайненемдин ачуусу келди. – О-о, оңбогон Тилек, каяктагы келинди апкелгенсиң, жаңы жууурканым күйүп калбадыбы, мунуңдун колунан бир нерсе келеби деги, ушул айылдан эле кыз ал десе болбодуң, эми муну үйрөткүчө качан,– деп кыйкырып атат, кыйкырып атат. Ачуусу таркагандан кийин: «Кечирип коюңуз» – десем, боору ооруду окшойт, «мен деле кайненемдин ачуусун көп келтиргем, менин кайненем абдан ачуулуу аял болчу, кичине бир нерсе болсо эле каргап-шилеп урушуп турчу. Катуу тилдеп койсом, капа болбо»,– деди.

## Шимек

56585 -050

Каникул бүтүп, Оштон Бишкекке учмакпыз. Самолетко кечкиге билет алдык. Өзүбүз айылдан эртең менен эрте келгенбиз. Убакытты өткөрүш үчүн базар кыдырдык.

Кетип баратканда көзүмө жыгачтан жасалган жаңы ышкырык урунду. Колума алып, оозума салып ышкырсам ышкырылбайт. Тешиктери да көрүнбөйт.

– Муну кантип ышкырам ыя деп коем. Сатуучу күлүп карап турат. Тилек колумдагы ышкырыкты жулуп алып, ордуна койду да, мени декдеңдетип сүйрөп кетти.

– Эй, сен бул эмне деп сурап, анан оозуңа салбайсыңбы!,– дейт. «Ал эмне эле?» – десем, «ал эркек баланын шимеги» – дейт. «Койчу, шимек деген жиликтен жасалат го»,– десем,– «бизде ошондой, жыгачтан жасалат, анан аны оозго салбайт,– дейт. Акыры «ал шимек иштетиле элек, жаңы экен го»,– деп зорго кутулгам.

## ЛЮСЯ АПА КЕЛИН БОЛГОНДО

– Менин байым мага абдан көп чыдады, кургурум. «Люсканы наристе курагында алып келгем, оозунан эне сүтү кете элегинде мени ээрчип келген»,– деп мени коргоп, сөз тийгизчү эмес. Жаңы келгенде кыргызча бир сөз билбейм. Кайнене, кайнатамдын, бир туугандарынын сөздөрүн өзү которуп берет. Мен дагы жанталашып, келген күндөн сөз үйрөнгөнгө аракет кыла баштадым. Абдыш жокто кайненем менен жандап сүйлөшөм. Шаарда, интеллигенттердин үйүндө, коммуналдык квартирада өскөн мен үчүн жер тамда жашоо канчалык кыйын болсо да, бардыгына чыдадым. Кыргыз келин болгондо минтпейт эле дебесин деп үй тиричилигинин бардыгын жасайм. Уй саганды да үйрөнүп, тандырга нан жапканды өздөштүрүп алгам. Эртең менен эрте туруп, эшик шыпырам. Кирин жууйм, гилас дарагынын башына чыгып алып, гилас терем, айтор тиричиликтин бардыгына бышып калгам. Бирок сөздөрдү абдан кыйынчылык менен үйрөндүм. Сөздөрдү тетири айтып, бир сөздүн ордуна башка сөз айтып күлкү болгон күндөрүм абдан көп болду. Анан Абдыш да менин сөз түшүнбөгөнүмдөн пайдаланып тамашалап, башка сөздөрдү үйрөтүп, анан менин сүйлөгөнүмө боору эзилип күлө берчү. Бир окуя азыр да көзүмдөн кетпейт. Ленинграддан келгенибизге бир жылдын жүзү боло элек болчу. Мен кыргызча бир да сөз билбейм. Бир күнү мен короодо иш кылып жүрсөм, топураган 5–6 жаш бала кирип келди. Кайнатам да короодо жүргөн. Анан ал киши «Охоо-оо, келгиле чочоктор...

Келгиле» – деп калды. А мен болсо «А-аа үйгө мейман келсе ушинтет турбайбы» деп кайнатам айткан сөздү абдан көңүл буруп жаттап алдым. Көп өтпөй эле Курман айт болуп калды. Курман айтта кайнатамдын ата-энесине куран окутабыз деп даярдандык. Үйдө кой союлду. Дасторконду жакшы жасадык. Анан аксакалдар үйлөрдү кыдырып куран окушат экен. Азыр биздикине келет деп күтүп отурганбыз. Мен короо шыпырып жүргөм. Калгандардын бардыгы үйдө эле. Бир убакта кобур, кобур болуп эле чалдар дарбазадан кирип келатышыптыр. Эмне кылаарымды билбей: «Охоо-оо, келгиле чочоктор, келгиле» – деп жибердим. Үйгө келаткандардын бардыгы бирин-бири карап туруп, чыгып кетип калышты. Мен эч нерсеге түшүнгөн жокмун. Абдышка чуркап барып: «Старики пришли и ушли»,– дедим. «Эмнеге кетип калышты, сен эмне дедиң? – деди күйөөм. Мен айткан сөзүмдү айтсам, аябай күлдү. Анан сен эми чыкпай тур деп ашканага мени камап коюп, аксакалдарды издеп барып, таап келди. Алар куран окуп кетмейинче мен ашканадан чыккан жокмун. Кийин анан «сага ал сөздү ким үйрөттү эле?»,– дейт. Мен кайнатамдын балдар келгенде айтканын айтсам ого бетер күлө берип жыгылып калды. Мен Абдыштан ал сөздүн маанисин укканда өзүм да боорумду тырмап күлүп, айыл аксакалдарынан өмүр бою уялып жүрдүм.

Абдыш жаңы келин болуп келгенде айылдын ар бир адамына, аксакалбы, байбичеби, келиниби, кичинекей балабы, же кызбы, бардыгына жүгүнүш керек, жүгүнгөндө жөн эле жүгүнбөйсүң, эңкейген сайын «Өлаа»,– деген сөздү айтышың керек, ошондо гана бул айылдыктар сени ыймандуу келин экен, бизди сыйлап жатат деп айтышат, адегенде апама, атама, үйдөгүлөргө жүгүн,– деген. Эртең менен эрте туруп суу алып келатсам алдымдан кайненем чыгып калса болобу. Мен чакаларды жерге кое калып жүгүнүп кирдим. «Өл-аа»

деп да коем. Кайненем мени жандап чакырып алып, Абдыш жаткан бөлмөгө алып кирди да, аны чырпык менен чапкылап кирди. Абдыш качып жүрөт, мен эч нерсеге түшүнгөн жокмун. Кайынсиңдим карап турган. Сурасам, Абдыш сизге туура эмес үйрөтүп коюптур, жүгүнгөндө «Өл-аа» дебейсиз, ал жаман сөз деп түшүндүрүп берди. Анан келин өзүнөн кичүүлөргө жүгүнбөй турганын да кайын сиңдим үйрөттү. Ошондон кийин билбегенимди Абдыштан эмес, кайын сиңдимден сурачу болдум.

Кудай бизге бала бербеди, балалуу боло албадык. Бирок Абдыш экинчи жолу үйлөнбөдү. Бала багып алдык. Биз бири-бирибизди өмүр бою сыйлап өттүк. Бир жолу жаман сөзүн уккан жокмун, кургурумдун...

# БАЛАЛЫК

*(Аңгеме)*

Азыр ойлосом мен бакытка балалыгымда кезигиптирмин. Балдардын бардыгындай эле менин ар бир күнүм бакыт болгон экен. Аны мен ал кезде туйбай калыптырмын.

Апамдын этегин бекем кармап, ал кайда барса калбай көлөкөдөй ээрчип жүргөн күндөрүм, ал менин аалamга сапар алган кадамым экен. Апам кайда барса калбай, айылдагы аш-тойлордун бардыгына ээрчип алчумун. Мен ойногон кошуна кыздар, чүкө атышкан балдар, айтор биздин үй оюндун очогу болчу. Индия киносундагы кыздарды туурап, апамдын сандыгындагы кездемелерин бекитип барып, кыздар болуп баарыбыз оронуп алып ырдачубуз. Жеңелерим «Кайын сиңди апасы жокто баш таңат» – десе апамдын дүкөнүнөн арак, момпосуй жашырып бергеним, айтор эскере турган окуялар абдан көп экен...

Менин чыгармачылыкка кеткен жолум ошол бүлбүлдөгөн чырактын жарыгына Акимкан байкем атам менен апама окуп берген Манас, Семетей, Сейтек, Эр Төштүк сыяктуу эпостордон, айылма айыл чакырып апама айттырган кошоктордон башталганын азыр ойлойм. Кичине болсом дагы, Акимкан байкем китеп окуп бергенде тырмийип, уктабай укчумун. Эпостун каармандары көз алдыма элестеп, алардын жашоосу менен жашап, алар үчүн кайгырып, көзүмө жаш тегеренген учурлар көп болгон.

## Апилкадан момпосуй издеп...

Кошунабыздын мен курактуу кызынын аты Төркүн болчу. Ал экөөбүз эртеден кечке ойночубуз. Кээде урушуп, кайра жарашчубуз. Биз жашаган Каратал Жапырык деген жерде карагай кесилип, тактай тилингендиктен опилкалар абдан көп үйүлүп жатчу. Биз ошол опилкада жылгаяк тээп ойноп жүрсөк, бир күнү кошуна жашаган Чагалдак деген киши келип, опилканы чукуп, чукуп момпосуй таап берди. «Жакшылап издесеңер, опилкадан момпосуй табасыңар» – деди. Ошол күндөн баштап Төркүн экөөбүз канча күн апилка каздык билбейм, бирок момпосуй тапкан жокпуз. Эгер апам «Чагалдак силерди тамашалаган турбайбы» – дебесе, дагы канча күн опилканы көөлөмөкпүз билбейм, бирок момпосуй издеп жүрө бермекпиз.

## Бастырмадан учканда

Мен кичине кезимде үч тоогубуз, анан корозубуз бар болчу. Капкара корозубуз абдан шамдагай, бир күнү бастырмада турсам, менин жанымдан канаттарын күүлөп ку–ка-ре-ку-у-у деген бойдон бастырмадан жерге учуп кетти. Мен кантип ушул корозчолук учалбайын деп ойлодум көрүнөт, эки колумду жайган бойдон бастырмадан учуп түшкөнүмдү билем. Кудай жалгап, мен учуп түшкөн жерде чөп жыйылып турган экен. Беттерим, колдорум гана кичине тытылганы болбосо, аман калдым. Болбосо эмне болоорун ким билсин! Менин учуп түшкөнүмдү көрүп калган кошуна аял апама айтып койгон экен, апам мени экинчи бастырмага чыкпай тургандай какыс-кукус кылды эле, экинчи бастырмага чыкпай калгам.

## Винону таштаганда

Кичинемде каным аз болгондуктан биздин айылдагы дарыгерибиз вино бергиле дептир. Апамдын айтымында мага күндө кырдуу 250 граммдык стакандын жарымынан ылдыйыраак «Кагор» деген кызыл вино беришчү. Мен анда 4-5 жаштамын. Бир күнү апам экөөбүз коңшу айылдагы бирөөнүн үйүнө тойго бардык. Аялдар абдан көп болчу. Анан үй ээси апама стакан толо вино апкелип, аялдар аны «алып кой, алып кой» – деп кыйнай башташты. Апам вино да ичпейт эле. Ага боорум ооруп, жардам берейин десем керек, стакан толо винону тигил аялдын колунан алып туруп, шарт ичип жибердим. Ачырканган да жокмун. Отурган аялдардын баардыгынын ооздору ачылып, мени тиктеп калышты. Биз үйгө тез эле кете турган болдук. Аркы айылдан үйгө жеткенче апам мени чымчып, кичине төпөштөп келди. – Экинчи вино ичесиңби,– деп чымчыйт. Мен «жо-ок, вино ичпейм – дейм ыйлап. Ошентип экинчи вино ичпей калгам.

## Куурчагымдын жууркaны

Мен канча жашта экенимди билбейм, иши кылып мектепке бара элек болчумун. Апамдын жууркан тиккенин тирмийип карап отурдум. Апам тигип, ичине жүндөн салып, кабып туруп, күнгө жайып койгон жууркан мага абдан сонун көрүндү. Бир күнү апам жокто анын мага жаккан кыпкызыл тукаба көйнөгүн алып чыктым даты этегинен төрт бурчтук кесип алып, куурчагыма жууркан тигип, ичине жүн салып, кабып туруп күнгө жайып койдум. Бир күнү апам мейманга бармакчы болду. Баягы этеги кесилген тукаба көйнөгүн кие баштаганда эле мен эшикке атып чыктым да, үйдү айланып качып кеттим. Бир кезде көйнөгүнүн кесик экенин көрдү окшойт, менин артымдан чыгып муштумун кагыштырып, «сениби,

Анан бир күнү күндөгүдөй апамдын этегине илээшип келатсам, баласын жетелеген бир аял жолукту. Апам: «күйөө бала кандай»,– деди. Анын апасы: «иий, менин келиним чоңоюп калыптыр»,– деп бетимден өптү. Жаңагы бала мурдун аарчый берип жеңи кир экен. Анын үстүнө алар ал кезде кой багышчу, күндө жүрө берип, бети дагы капкара. Биз коштошуп узаганда эле «Иий Турат деген баласы ушулбу, мен ал балага тийбейм, капкара турбайбы» – дегем. Ошондон кийин баягы кишини кайната дебей калгам.

## Эки тентек бир класста

Биздин класста балдардын тентеги Түлкү, кыздардын тентеги мен болчумун. Түлкү да, мен дагы жакшы окучубуз. Биринчи партада мен, менин артымда Түлкү отурат. Түлкү сөзсүз бир нерсе ойлоп табат, же көйнөгүмдү ботинкасы менен чаң кылып коет, же чачымды партага байлайт, эч болбоду дегенде сумкама сыя төгүп таштайт, анан мен аны китеп менен башка чабам, же болбосо уч менен саям, ошентип экөөбүз тытышып калабыз. Эжекелер урушуп, «энеңерди ээрчитип келгиле» – деп класстан чыгарып жиберет. Эс тартканча ошентип тытышып, урушуп жүрдүк. Кийин чоңойгондо, ошол кылыктарыбызды эстеп уялчубуз. Ал мени, мен аны тентек болчусуң деп күнөөлөп калчубуз.

## Эжейим калп айтканда

Биздин айылга автобус күнүнө бир гана маал каттачу. Биз комсомолдун катарына өтө турган күн келип калды. Комсомолдук билетке сүрөткө түшүү керек эле. Андай сүрөткө түшүү үчүн Нарын шаарына баруу керек болчу. Класс жетекчибизден ишемби күнү кетип, жекшембиде кайра келип калабыз деп уруксат сурадык. Эжекебиз

«макул бирок жекшембиде кайтып, дүйшөмбүдө сабакка келип калгыла» – деп жөнөттү. Уруксатты албетте мен сурадым. Биз барып сүрөткө түштүк. Эртеси кайталы десек, автобус биздин айылга барбай калса болобу! Дүйшөмбү күнү дагы автобус жок. Биз Нарындын ылдый жагында үшүп, үркөрдөй башыбызды сүзүштүрүп машина тосуп отурсак, бир машина жаныбызга токтоп калды. Сүйүнүп чуркап барсак биздин мектептин директору экен. Ошондогу корккону бузду мен азыр дагы айтып бералбайм.

– Силер бул жерде эмне кылып отурасыңар, эмнеге келдиңер, ким уруксат берди?» – деген сурак ошол жерде эле башталды. Биз жагдай кандай болгонун айтып бердик. Мектепке келгенде чыныгы сурак башталды. Класс жетекчи эжекебиз «Мен уруксат берген эмесмин» – деп чыгып кетти. Мен ортодо жалганчы болуп тил уктум. Бирок бул жалаага классташтарым ишенген жок. Себеби бул жерде жагдай кандай болгонун бардыгы билишчү. Мен тил укканыма анча деле кайгырган жокмун, бирок мени эжекенин калп айтканы абдан таң калтырды. Туура, балким чындыкты айтса, ага катуу чара көрүлмөк, балким партиядан чыгарып салышмак. Жалган деген эмне экенин, мугалим да калп айтаарын ошондо билдим. Мен эле эмес, бүт классыбыз менен бийик көргөн, урматтаган эжейибиздин кадыр-баркы ошондо урады. Эжейибиз күчтүү мугалим болчу. Жаш, татынакай, бизге абдан жакшы мамиле кылчу. Биз эжейибизди абдан сыйлачубуз. Ошондон кийин анан биз мугалим да калп айтат экен, өз аброю үчүн башка бирөөнү курмандыкка чалууга даяр турбайбы деп жүрдүк. А мен өзүм ошол бойдон ал эжекеге жылыбай калдым. Андан бери канчалаган жылдар өттү, бирок азыр дагы ошол күндү эстесем, кадимкидей чыйрыгып кетем.

## КЫЗГАНЫЧ

*(Аңгеме)*

Күн ысык. Бишкектен жаңы гана келген Тынчтык үйгө киргиси келбеди. Анын үстүнө үйдө да эч ким жок экен. Балдары мектептен келе элек көрүнөт. Саат алты болуп калса да негедир жубайы Каныкей да иштен кайтпаптыр. Сөрүдө эс алып турайынчы деп жамбаштап жатып калды. Көзү бир аз илинип кеткен экен. Кобур-кобурдан ойгонуп кетти. Ортону бир гана дубал бөлүп тургандыктан кошунасынын сөздөрү даана угулуп турчу. Анын үстүнө Азаматтын үнү бийик болгондуктанбы, акырын сүйлөгөн сөзү деле угулат. Кыйшайып жаткан Тынчтыктын кулагына «Кара жанымды чабайын, каралдым, берекем, Каныкейим, менин эркетайым, жароокерим, садагаң болоюн Каныкейим»,– деген сөздөр жаңырып угулду. Уккан кулагына ишенбей дагы тыңшады. Башка сөздөрү угулбаса да «Каныкейим» деген сөздөр өчөшкөнсүп, жаңырып угулат. Эмне кылаарын билбеген Тынчтык итатайы тутулуп, ордунан кандай ыргып турганын билбей калды. Каныкей кайда десе Азаматтыкында турбайбы, Азаматтын үйүндө баласы, келини, балдары, аялы дайыма болчу эле.

Балким баары бир жакка кетишип, Азамат Каныкей экөө ушул жакта турбайбы. Каныкей мени Бишкекте деп ойлоп жатса керек да. Эмне эле «Сенин келинчегиң мыкты»,– деп калат десе, менин катыныма көз артып жүргөн турбайбы, бир ойлоп койдум эле, көрсө мандем бар экен да, сени шашпа, аз-зыр энеңди таанытпасам эле-

би, азыр шермендеңерди чыгарбасам элеби, экөөң тең бул дүйнөгө келгениңерге бушайман болосуңар, аз-з-зыр,– деген Тынчтык эмне кылаарын билбей, колдору тырышып, калчылдап кетти. Дубалдын ары жагында дагы эле Азаматтын Каныкейге жалынып, жалбарган сөздөрү угулуп турду. Каныкей да бир нерсе дейби деп тыңшаса жымжырт. Жаалданган Тынчтык эшик алдында турган балтаны көтөрүп алган. Дарбазаны ачса көчөдөн Садыр аке өтүп баратыптыр. Кол берип амандашканы менен ою башка жакта эле. Демейде жайдары Тынчтыктын бопбоз, ызырынган өңүн, колундагы балтасын көрүп, Садыр аке коркуп кетти.

– Сага эмне болду, тынччылыкпы,– деген аксакал кишинин сөзү да Тынчтыкты алаксыта алган жок. Андан беш бетер ачуусу жүзүнө чыгып кетти. Тынчтык түз эле Азаматтын дарбазасын түртсө, ал жабык экен. Ал андан бетер жаалданып, дарбазаны муштуму менен койгулап, тепкилеп, «Ач эшигиңди, эн-неңди, мен силердин эмне кылып атканыңарды билем, ач, дейм! Ач,– деп кыйкыра баштады.. Аңгыча дарбазанын эшигин ачып, Тынчтыктын маңдайында Азаматтын жубайы Канышай таң калып турду. Ал коңшусунун мындай ачуусу келгенин эч качан көргөн эмес. Колундагы балтасы да үрөйдү учурат. Короонун ичинде эл көп экен. Небересин көтөрүп Азамат дагы таң калып карап турат.

– Тынчтык, досум, сага эмне болду, кир босогодо турбай? – деди Азамат. Ошондо деле Азаматтын «Каныкейим» деген жалынычтуу сөздөрү кулагынан кетпеди. Эч нерсеге түшүнө албаган Тынчтык «Кана Каныкей?» – деди Азаматка атырылып, тияк-биякты да карап жүрөт.

– Кайсы Каныкей? – деди эч нерсеге түшүнбөгөн Азамат. «Экөө урушуп кетип, Каныкей бир жакка качып кеткен го»,– деп ойлоп койду өзүнчө.

– Билмексен болбой эле койчу, азыр эле «Берекем, көлөкөм, Каныкейим» деп жалбарып атпайт белең,– деди ызырынган Тынчтык.

– Аа, ошондой дебейсиңби, ал мен жалынган сенин Каныкейиң эмес, менин Каныкейим, менин неберем, мына! Бай болгур, дагы эмне болуп кетиптир деп коркуп кеткенимчи. Дүйнөдө бир эле сенин Каныкейиң бар деп ойлодуң беле! Менин неберемдин аты да Каныкей десе болобу!

Уятынан эмне кылаарын билбей, кызарган Тынчтык Азаматтан кантип кечирим сураарын билбей апкаарып турду. Садыр аке кыйлага чейин экөөнү тиктеп туруп, каткырып күлүп жиберди эле, үчөө тең күлүп жатышты. Аларга Канышай да кошулду.

Күйөөсүнүн үнүн угуп, иштен келаткан Каныкей Азаматтын ачык турган эшигинен баш бакты эле, боорун тырмап күлүп жаткан үч эркекти көрүп, эмне болгонуна түшүнбөй, жылмайып, «буларга эмне болгон»,– деди Канышайга карап. Канышай да сүйлөй албай, Тынчтыкты көрсөтүп күлөт.

Кийин Тынчтыктын кызганычын угуп алып Каныкей өзү да күлүп жүрдү. Бул окуя бүт көчөгө тарап, коңшулардын бардыгы боор тырмап күлүштү.

Ал эми Азамат Тынчтыкты бир жагы тамашалап, бир жагы чындап: «Кой үка, ашка түштүң, бир күнү аш басып чакырып, ооз басырык кылбасаң бүтүндөй Ошко жайып чыгам»,– деп жүрдү.

## МАРШРУТКАДА

*(Аңгеме)*

Маршруткада адам абдан көп экен. Тыгылышып атып эптеп түштүм. Кире бериште эшиктин кармагычын кармап зорго турган элем. Кийинки аялдамадан бир киши түштү. Эл абдан көп болгондуктан менин бет маңдайымда туруп калды. Түшкөндөн баштап эле кобурап сүйлөнө баштады. Адегенде сөздөрүнө түшүнгөн деле жокмун. Колу менен маршрутканын эшигинин кармагычын кармап турат. Экинчи колунда сумкасы бар. Бирок мени тиктеп кобурай берди. Мас немеби дейин десем, арак жыттанбайт. Жинди немеби деп да ойлодум. Кийингени тыкан, интеллигент адамга эле окшойт. «Нарыраак турчу деп» – улам түртүп коем.

– Мен сенсиз бир минут да жашай албайм, алтыным. Кой антпечи, калп эле эчтекени билбегенсип назданбачы, кечээ эле сүйөм дебедиң беле? Мен өрттөнүп турам. Сүйөм деп койчу,– дейт баягы киши мени карап туруп. Жанымдагылардын бардыгы мени карап тургандай сезилди. Жылып кетейин десем, маршруткада бут коерго жер жок. Кандай арданып, намыстанып кеткенимди, баягы кишини кандай бетке чапканымды өзүм да билбей калдым. Тигил киши «токтой турчу, мен азыр кайра өзүм... »,–деди да мага таң калып карап калды. – Кечиресиз, мен бутуңузду басып алдымбы,– дейт баягы киши. Мен болсо жиним дагы деле тарабай, «каяктагы бутту айтасың акмак, эмне деп сүйлөп атканыңды билесиңби»,– дедим. Жаныбызда турган жаш балдар экөө мушташып кетпесин

дедиби, «эже, бул киши телефон менен сүйлөшүп жатат, сиз бул жакка өтүп алыңызчы» – деп бир кыздын ордун алып берип отургузуп коюшту. Анан жанымдагы балдар ыкшып күлүп, эже анын кулагында наушниги бар турбайбы, ал киши телефон менен сүйлөшүп жаткан болчу. Дагы жакшы токтоо киши экен. Жини келип, ызаланып кетип, сизди бир салабы деп коркуп кеттик»,– дешет балдар. А наушниги кана десем, көрүнбөгөн наушник турбайбы, азыр ошондой наушниктер чыккан дешет. Баягы кишини ошол бойдон карай алган жокмун. Жаш балдардан уялып зорго отурдум. Ал киши сүйүүгө мас болуп жүргөн экен, менин бетке чапканымды элес алган деле жок. Кайра телефондо сүйлөшүүсүн улантып, эч нерсе болбогондой күбүрөп кете берди. Балдар күнөөсүз бетке жеди дештиби, ага дагы бир орундукту бошотуп берип, отургузуп коюшту.

# КӨЛГӨ БАРЫП, КӨҢҮЛ КАЛЫП...

## Балама кутуча карматышып...

*(Аңгеме)*

Ысык-Көлгө Ала-Тоо пансионатына эс алганы барганбыз. Уулум, кызым Ысык-Көлгө келгенибизге абдан кубанышып, суудан чыгышпайт. 7-класста окуган уулум көл жээгинде жергиликтүү балдар менен таанышып, алар менен сууга түшүп, дискотекага барып жүрдү. Мен уулумдун жергиликтүү балдар менен достошконуна каршы болбодум. Нурлан балдар менен жарышып сүзүп, алар менен сууда топ ойноп, пароходго түшүп көңүлдүү жүрдү. Кыздар менен дагы таанышты окшойт.

Келгенибизге 5-6 күн болуп калган. Түшкү тамактануудан кийин бөлмөбүздө эс алып жатканбыз. Тышка кеткен уулум телефон чалып, «апа, пансионаттын алдына келиңизчи, сизди бирөө сурап жатат»,– деди. Мен таныш бирөөгө жолугуп калган окшойт деп чыксам, эшик алдында бир кара мерседес турат. Мерседестин ичинде 30-35терге барып калган жакшынакай кийинишкен эки жигит отуруптур. Бейтааныш жигиттерди көрүп, эмне болду десем, «Балаңыз бул кутуча менен кармалды, кутучанын ичинде баңги заты бар экен, эми баңги заты менен кармалса, кандай статья менен соттоло турганын билсеңиз керек»,– дейт. Мындай окуяны күтпөгөндүктөнбү, дендароо болуп эле туруп калдым. Колдорум да калтырап кетти. Баламдан – «бул эмне?» – десем,– «бул бала» – деди жанында турган 19–20дагы баланы көрсөтүп, өзүн

Урмат деп тааныштырган бала кыздар менен бийге барабыз деп менин баламды чакырат. Анан кыздар эмнегедир кечигип атышат, мен телефон чалайын, сен бул сигарет менен ширеңкени кармап турчу дейт. Эч нерсе менен иши жок, сигарет чегип көрбөгөн уулум сигерети менен ширеңкенин кутусун кармап отурат. Ошол маалда милицияданбыз деп тигил эки жигит келет да, калп эле экөөнүн чөнтөктөрүн тинтип, менин уулумдун колундагы кутучада баңги заты бар деп чыгышат. Эч нерсеге түшүнбөгөн уулум бул куту меники эмес, мунуку десе, берки Урмат деген бала бул кутуну ал кайдан алганын билбейм, меники эмес дейт. Ошентип тигил өздөрүн милиция кызматкерлери деп тааныштырган жигиттердин эс алуучуларды ушундай жол менен тоной турганын түшүндүм. Мындай нерсени көрбөгөн уулумдун көздөрү алайып, жүрөгү түшүп калыптыр. Алиги эки бала милиция кызматкерлери деген күбөлүктөрүн дагы көрсөтүштү.

Адегенде жанагы Урмат дегенин кармап алып, милициясы менен ички иштер башкармалыгына барайын деп ойлодум. Биринчиден милициясы каякта экенин да билбейм. Экинчиден булар менен тартышып убактымды да, нервимди да короткум келген жок.

– Эже, эми балаңыз жаш экен, анын үстүнө эс алганы келипсиздер, 500 доллар берип коюңуз, биз бирибиздибирибиз тааныбайбыз, бул ишти жаап таштайбыз – дейт жанагы жигиттин бири. – Мен силерге эч нерсе бере албайм,– дедим. – Анда 200, болуптур 100 доллар дейт. «Жок садагасы, менде андай акча жок, силер адашып мага келип алыпсыңар. Байыраак бирөөнү кармасаңар болмок. Эми өзүңөр колуна карматып, анан өзүңөр кармап жүргөнүңөр үчүн, өзүңөр жооп беришиңер керек. Жүргүлө, ошол жетекчиңерге чогуу баралы да, ошол жерде сүрүштүрөлү, Урматыңар бул кутуну кайдан алганын териштирели,– дедим. – Эми, эже, сиздин жашыңызды сыйлайлы, тартышпайлы, 1000 сом берип коюңуз – дейт.

Ойлондум да, 500 сом колуна карматтым. Убактымды коротпоюнчу дедим. Алышты да, баягы Урмат деген баласын кара мерседесине отургузуп алып кетишти. Мен ушул окуядан кийин эс алып бүткүчө, баламды жанымдан жылдырган жокмун. Ысык-Көлдө ушундай окуялар мезгил-мезгили менен болуп турат деген сөздүн чындык экенине ошондо өзүм күбө болдум. Ал эми ошол окуяны ошол бойдон териштирип, аягына чыкпаганыма өкүнүп да жүрдүм.

## КҮМҮШ ТААП АЛЫП, АЛТЫН МЕНЕН ТӨЛӨП...

*(Аңгеме)*

Аида быйыл эжесин, сиңдисин, кызын, курбусун алып Бостериге эс алганы барышты. Ал жылда эле үй-бүлөсү менен Бостериге көлдүн жээгиндеги үйлөрдүн бирине барып эс алышчу. Быйыл жолдошу иштен бошобой койду. Балдары чоңоюп, баласы өзүнүн достору менен барып эс алып келүүнү чечти. Пансионатка караганда көл жээги таза, куму да майда, арзан, шарты жакшы, тамакты кааласаң жасатып ичесиң, кааласаң өзүң жасайсың. Жунам десең мончосу бар. Ушундай үйлөрдүн бирине кирип жайгашып алышты. Келгенде эле Аиданын сиңдиси өзү жата турган керебеттин үстүнөн күмүш шакек, сөйкө, чынжыр таап алды. Эч нерсе оюнда жок кыздар бул жерде эс алып кеткен бирөө унутуп калыптыр деп сүйүнүп бөлүштүрүп алышты. Аиданын – «Үй ээсине берип койгула, балким ээси издеп келээр»,– деген сөзүн эч кимиси укпай коюшту. Сиңдиси «Тапкан тапалактыкы» деди сүйүнүп.

Үчүнчү күн дегенде эле кечинде Аидалардын бөлмөсүнө эки милиция келди. «Силер үй ээсинин күмүш буюмдарын уурдап алыпсыңар?» деп. – Биз уурдап алган жокпуз, шакектер керебеттин үстүндө жатыптыр, анан кожойке бизден сураган да эмес деп баягы шакек, сөйкө, чынжырды кайтарып беришти. Бирок үй ээси 3 шакек, 2 сөйкө, 2 чынжыр үйүмдө турган жеринен жоголду деп арыз жазыптыр. Силер ушул буюмдарды кай-

тарып беришиңер керек,– дейт милиция кызматкери. Айласы кеткен Аида үй ээсине барып, «эже, биз таап алган буюмдарыбызды бердик, башка эч нерсе көргөн жок элек» – десе, «алар анан кайда кетти, калганы силерден чыгып атпайбы, силер төлөйсүңөр»,– дептир. Аида айласы кетип, өзүнүн кымбатка алган алтын сөйкөсүн чечип берип, эптеп кутулду. Көлдүн эли жакшы, бирок тигил үйдүн кожойкесиндей алдамчылар дагы көбөйүптүр деп маанайы түшүп келди.

## ЭНЕ ТАГДЫРЫ

*(Аңгеме)*

Күн кечтеп бараткан. Аялдамада арыкчырайынан келген ак чач аял телмирип отурду. Канча автобус, троллейбус келип кетти. Аялдамага улам келип автобустарга түшүп кеткендердин аягы үзүлбөйт. Бир гана бий ийриминен үйгө кайта турган кызымды күтүп мен отурам, анан ошол аял. Ким өтүп атат, ким автобустан түштү, ким автобуска түшөт иши жоктой. Көздөрүн ирмеген сайын кубакай жүзүнөн шорголоогон көз жашын аарчып коюш оюна да келбейт. Адегенде элес албаганым менен анын нес болгондой түрүн байкап отуруп ооруп калган эмеспи деген ой келе калды.

– Эже, эч жериңиз оорубадыбы? – десем укпады. Эже,– дедим кайра, мүрүсүнө колумду тийгизип. Мени суроолуу тиктеди.

– Бир жериңиз ооруп калбадыбы? – деген суроом эрэркетип жиберди көрүнөт, айтор өпкөлөп ыйлаган аялдын боздогонун угуп, жанында туруууга мүмкүн эмес эле. Эмне кылаарымды билбей, кайпалактап калдым, аялдамага келип-кеткендердин баары экөөбүздү карашат. Сумкамдан бет аарчымды алып сундум. Аялдын ыйы кыйлада барып токтоду. Автобустан түшкөн кызымды жетелеп кеталбайм.

– Эже, үйүңүзгө жеткирип коеюнбу, ушул тегеректе жашайсызбы,– дедим. Эже үндөбөй ордунан козголду, өзү басып кеталбачудай ыргалып турат. Колтуктап, аял

баскан жакка кете бердим. Анар кичи району жакка кетип баратты. Экинчи үйдүн алдына келгенде:

– Ыракмат, кете бергиле, мен үйүмө келип калдым,– деди оозун араң кыбыратып. Башка сөз айталбады.

Үйдөн бурула бергенибизде бурчтагы комокто отурчу келин чакырып калды.

– Ай кандай, биз жакта кайдан адашып жүрөсүң ай, тигил Гүлбадам эжени кайдан тааныйсың,– деди оозу толо алтын тиштерин ырсайтып.

– Ал эже аялдамада отурган экен, өзүн жаман сезип турат окшойт, жеткирип келдим,– дедим.

– Эки жылда карып кетти бечара эже. Былтыр 19га чыккан жалгыз баласы өлүп калбадыбы. Күйөөсү жаш кезинде өлүп, ошол баласы үчүн жашады эле. Кийбегенди кийгизип, каалаганын сатып берип, ошонун эле көзүн карап отурчу. Мектепти бүтүрүп, университетке киргизген. Анан баласы сайынып калды. Бечара эже машинасын сатты, жылтыраган буюмдарынын баарын сатты, баласын сактап калууга көп аракеттенди. Бирок ал балакетке бир кирген соң, кайтыш кыйын турбайбы... Акыры өлүп тынды,– деди комоктогу келин шакылыктап. Бир кубанычтуу окуяны баяндагансып, көңүлдүү. Тигил аялды аяганымданбы, ал келиндин сөзүн жактырбадым.

Андан кийин кыйла мезгил өтүп, анда-санда эсиме түшө калганда гана Гүлбадам эжени аяп калганым болбосо, күнүмдүк тиричилик менен бул окуяны акырындап унута баштагам. Бир күнү мончодон кезиктирдим, баягыдай нес болгонсуп ойлуу, кайдигер. Бирок мени тааныды. «Кайда иштейсиң, сиңдим, канча балаң бар, балдарың канчага чыкты»,– деп сурады. «Журналистмин» – десем, көздөрү жанданып, мага бир нерсе айтайын деп барып токтогонун байкап турдум. Бирок эч нерсе оозунуп сурабадым, батына албадым. Жан дүйнөнүн жарасын козгогондон жаман нерсе жок эмеспи. Анын үстүнө жанагы комоктогу келинден бул эженин тагдырын уккандан бери аны аяп жүрчүмүн.

– Жүрөгүм кысылып чыдай албай кеттим, мен кете берейин, сиңдим,– деди бир убакта эже. Убактың болсо мага барчы, журналист болсоң сага айтаар сөзүм көп,– деп телефонун берди. Тыкан жүрүм-турумунан, маданияттуу сөздөрүнөн, айлана-чөйрөсүнө кылган аяр мамилесинен, акыл-эстүү жакшы аял экени байкалып турат. Эртеси эле Гүлбадам эжеге телефон чалып, кечинде сүйлөшүп отурдук.

– Менин ичээр суум болсо бүттү,– деди эже. – Мончоктой уулумдан, болгон үмүтүмдөн ажырадым. Бардык дүйнөм ушул бала болчу. Ушул бала бирөөнүн көзүн карап калбасын деп турмушка чыкпадым. Теңирим мага ушундай тагдыр бергидей жаман жолго да баспадым. Кийим десе кийимден, китеп десе китептен, акча десе акчадан кем кылбадым. Аталуу балдардан ашык жүрсүн, бирөөнүн алдында шагы сынбасын дечү элем. Өзү да мени убара кылбай, мектепте жакшы окуду. Чогулуштарда мактоо сөз угуп, балам менен сыймыктанып жүрдүм. Эми Самат мектепти бүткөнү калды. Окуусуна акча керек болуп калабы деп эки жерде иштей баштадым. Анан 9-класста окуганда эле уулумдун мүнөзү такыр өзгөрө баштады. Кечинде түн бир оокумга чейин көчөдө жүрөт. Эртең менен эптеп тургузуп сабакка жөнөтөм. Сабакка даярданыш кайда, эртең менен колуна тийген дептер менен бир ручканы көтөрөт да кетет. Эгер мен ишке эртерээк кеткен болсом, ошол бойдон кечке уктап жата берет. Түштө туруп тамак ичет да, кайра уктайт. Кайра кечинде кетет. Баягыдай кол кабыш кыла коеюн деш кайда, урушсам оронгой баштады. Катуураак урушсам үйдөн кетип калып келбей коет. Кайра өзүм издеп алып келем, ыйлап да көрдүм, эки күн оңолуп калат дагы, кайра дагы эле ошол кейпине түшөт. Оңолоор деп алаксытышка аракет кылып, каратэ, кикбоксинг ийримдерине жаздырсам, эки күн катышат дагы барбай коет. Баламдын көз алдымда бузулуп, өчүп баратканын көрүп туруп эч нерсе

кылалбадым. Байкатпай уктап жатканда колдорун, буттарын карап коем. Жанагы апийимин же дагы башка балакетин сайынып алдыбы деп. Колу, бутунда так жок. Анда көңүлүм ордуна келе түшөт. Бирок түндөсү эмне кылып жүрөт, эмне мынча жалкоо болуп кетти, эмнеге сабак окугусу келбейт, эмнеге мынча орой болуп кетти деген ойлор мага тынчтык бербейт. Мектепте мугалимдерге жалдырап баа койдурам. Алар да мени бир чети аяп, бир чети сыйлашып, аргасыз баа коюп беришет. Эптеп оңолоор, окуп кетээр деп ойлойм. Анан 11-классты бүтүп атканда тамырларында ийнелердин тактары пайда боло баштады. Биринчи көргөндө өлүп, кайра тирилдим. Ишенсең көзүм тунарып, эч нерсе көралбай калдым. Жүрөгүм чыгып кете жаздады көрүнөт. Бир канча күндөн кийин өзүмө келип, акылымды жыйнап ойлонуп көрдүм. Бир нерсе кылыш керек да... Тааныш врачтарга барып кеңеш сурап, баламдын кыял-жоругундагы өзгөрүштөрдү айтып, ийненин тактары пайда болгонун айтсам, уулуңуз демек мурдатан эле баңгизатын чегип, же жыттап жүргөн болуу керек. А сайынууга жаңы өтүптүр, мейли алып келиңиз, анализ алып текшерип, баңгиликке баш байлаганына канча болгонун аныктап, дарылаганга аракет кылып көрөлү. Бирок сиздин айтышыңызга карасак, балаңыз баңги затына көз каранды богонуна бир топ эле убакыт болуп калган көрүнөт, уулуңуз менен өзүңүз ачык сүйлөшүп, дарыланганга мажбурлаңыз, өзү каалагандай болсун деди. Балам мага ачык айтабы!!! Жалдырадым, ыйладым, бирок уулум мойнуна албады. Акыры бир жаш врач өзү таанышып, анан сүйлөшүп дарылай баштады. Мен билмексенге салып, врач менен гана сүйлөшүп турдум. Болгон чогултканымды жумшадым, машинамды саттым, алтын буюмдарымдын баарын саттым. Мага уулумдан артык эч нерсе жок эле. Анан балам оңолуп, турмушка кызыгуусу пайда боло баштады. Университеттин юридикалык факультетине тапшырып, өз күчү ме-

нен өтүп кетти. Менин ошондогу сүйүнгөнүмдү сөз менен айтып бералбайм. Ишенесизби, анын акылы укмуш болчу. Биринчи сессиясын жалаң 5ке тапшырды. Экинчисин дагы. Анан эле экзамен жууйбуз деп достору ээрчитип кетип эле, балам ошол кеч келбеди. Таң атканча эшик алдында турдум. Ыйладым. Жүрөгүм бир жамандыкты сезип, туйлап турду. Эртең менен алтыларда келди уулум. Отургучта отурат элем, колумду кармап: – Тоңуп калган турбайсызбы, ой мен эми чоңойбодумбу, келем да, үйгө кирип уктай бербейсиби,– деди тамашалап. Асел кошуп чай берди. Анан уктап калды. Бир кыз телефон чалат. Эптеп ушул кызга алаксыса экен дейм. Балам кайра дагы өзгөрө баштады. Өзгөргөндө да укмуш өзгөрдү. Адегенде сабакка барбай койду. Университетти таштады, эс-учун билбей, уйку-соонун ортосунда жүргөндөй эс-мас болуп калды. Ушул менин жалгызым, Саматым экенине ишенбей кеткен күндөрүм да болду. Баягы менин кыйынчылыгымды айттырбай сезип, аяп турган сезимтал балам жок. Акыркы күндөрү «акчаң барбы апа, акча» – деп эле калды. Өзүнүн видеомагнитофонун сатты. Мен дагы болгон баалуу буюмдарымды саттым. Бирок бул азаптуу күндөр эч качан бүтпөчүдөй. Мен эми балам менен жакшылап сүйлөшүп, кайрадан дарылатайын деп, балама батынып айта албай жүргөм. Четин чыгарсам ататпайт. Порошогу түгөнгөндө балам өлүп, кайра тирилчү болду. Мындай мезгилде мен анын жанында туралчу эмесмин. Эптеп акча таап беришке аракет кылып калдым. Анан бир жолу иштен келсем, балам чалкасынан жатыптыр. Жанында шприци, анан бул каты жатат,– деп көз жашын көлдөттү эне. – Денеси муздап, жүрөгү эбак эле токтоп калыптыр. Ишенген жокмун. Кантип эле, кантип эле мени таштап кетсин? Эсим оош баламдын башын кучактап ыйлап отура берипмин. Анан эсиме келгенде, бакырып ыйладым. Кошуналар чогулушту, мен түш көрүп жаткансыйм. Катты кайра, кайра окуйм, ишенбейм... Балам мени тамашалап жаткандай туюла берди.

«Апа, апакебайым, жаным апа. Ушул катты сенин окушуңду ыраа көрбөс элем. Сенин мени канчалык аздектегениңди, мени канчалык аяарыңды абдан жакшы билем. Бүткүл өмүрүңдү мага арнадың эле, ошол мээнетиңди кайтара албадым. Көп максаттарымды аткарууга чамам жетпеди. Ал үчүн эч кимди күнөөлөй албайм. Бардыгына өзүм, өз эркимдин боштугу себепчи болду.

Өз алсыздыгымды жеңүүгө көп аракет кылдым, апа, эрким жетпеди. Сиз айткандай, айланамдагы бузулган досторум оюмдагын аткарууга мүмкүнчүлүк беришпеди. Эгер кааласам, ушинтип жашай бермекмин, бирок антип сизди тирүүлөй тозокко салгым келбеди. Сиздин мен баңгиликтин сазына тереңдеп баткан сайын өчүп бараткан үмүтүңүздү, санаа чеккен кайгылуу көздөрүңүздү чыдап көрө албайм, апа. Туура, мен үчүн абдан көп кыйналдыңыз. Жапжаш туруп эле телмирип кемпир болуп калдыңыз. Менден башка акыл-эстүү уул болсо сиздей энени төбөсүнө көтөрүп алмак. Менин дагы бир акмакчылыгым ушул болду. Бир кызды жакшы көрүп калдым. Келиндүү болсом, небере жетелесем дечү элеңиз. Ал тилегиңизге да жетпедиңиз. Сиз келин кылып алсам дегендей татынакай кызды сүйдүм. Бирок мен сизди бактысыз кылгандай, ал кызды да бактысыз кылмакмын. Сиз төшөктөрүңүздү жыйган текчеде менин папкамда күндөлүгүм бар, ошол күндөлүккө баарын жазып жүрдүм. Ошого эрким жетти. Жок дегенде ушул күндөлүк жазганга убакыт тапканыма өзүм азыр сүйүнүп жүрөм. Өзүңүздөн башка киши окубасын. Менин жашоом көпчүлүккө кандай табышмак болсо, өлүмүм да табышмак бойдон калсын. Айгүл сизге сөзсүз келет болсо керек, мени эстегениңизде ошол кызды көрүп, уулум ушул кызды сүйдү эле деп көзүңүздү тойдуруп коюп жүрүңүз. Не дейин апа, сиз менен коштошо албаганыма, мен деп жүрүп карып кеткен жүзүңүздөн сүйө албаганыма, акыркы ирээт сизге эркелей албаганыма абдан өкүнөм. Мен бул кадамга атайын бардым апа, антпе-

сем сизди мындан да узакка кыйнамакмын. Айгүлдү да кыйнамакмын. Душман, досторуңуздун алдында сиздин мындан да кичирейгениңизди, басынганыңызды көргүм келген жок. Кечире алсаңыз мени, эси жок уулуңузду кечирип коюңуз. Эгер тигил дүйнө бар экени чын болсо ошол дүйнөдөн кезигээрбиз.

*Самат. 12.05.2001*

Эже мага Саматтын күндөлүгүн ыйлап туруп берди.

– Ушул күндөлүктү газетаңа жазчы, сиңдим. Балким баңгилик деген балакетке кабыла элек өспүрүмдөргө биздин окуябыз сабак болоор. Мага окшогон бир шордуу эне баласын ушул балакеттен сактап калаар. Күндөлүктү кайтарып берээрсиң,– деди эже узатып жатып. Жакшынакай кылып материалга ороп бекитип алыптыр.

Күндөлүктү Гүлбадам эженин көзүнчө ача албадым. Бадырайган, катасыз жазылган күндөлүктү Самат 9-класста баштаптыр.

* * *

«...Эшикке биринчи кар жаап коюптур. Кичинемде биринчи кар жааганда чана тепкенге шашылчумун. Азыр деле ойнооктугум кармап, муз тебе коймоюм бар.

Акыркы кездерде негедир бардык нерсеге кызыгуум өчүп бараткандай. Сабак окугум келбей калды. Сабакка барганым менен эч нерсе түшүнбөйм. Анан эжеке даярданбапсың деп жини келип уруша баштайт.

Экинчи сабактан чыгып кетем да, Азаматтын үйүнө барып «уктайм». Азамат «алигиден» таап келет, анан экөөбүз чегебиз да уктай беребиз. Кээде башка балдар кошулушат. Үйүндө эч ким жок. Апасы Россияда коммерция кылат, атасы кечке иште. Иниси сабактан саат үчтөрдө кайтат. Үчкө жакын мен үйгө келип калам. Сабактан келдим деп коём. Апам бечара ачка болдуң деп

тамак-ашын оозума кармайт. Кээде апсыгып, аябай көп тамак жейм. Кээде оозума эч нерсе алалбайм. Билбейм, ушундай болуп калдым».

* * *

«Бүгүн негедир уйкум келбей койду. Чеге турганыбыз түгөнүп калып, тамеки чектик, арак ичтик, негедир болбой койду. Заңылдап эле башым ооруп жатат. Сиркем суу көтөрбөйт. Алигиге көнөт деген чын көрүнөт. Апамдан кечээ эле мектепке сурады деп акча алгам. Бүгүн кандай шылтоо тапсам экен?»

* * *

«Бүгүн өмүрүмдө биринчи жолу апамдын алтын шакегин алпарып сатып жибердим. Атаң белек кылган деп ошол шакегин жакшы көрчү. Башка аргам жок эле. «Алигини» карызга ала берип, карызым көбөйүп кетти. Аны чекпесем өлүп кала жаздайм. Жаңы баштаганда дос, сен үчүн бекер эле деп добрый болуп жүргөн Урмат бүгүн «карызыңды төлөбөсөң катынсың»,– деди. Намыстанып кеттим да, апамдын шакегин алпарып сатып жибердим. Карыздардан кутулдум, калганына джинсы, свитер алып алдым. Апам шакеги жоголгонун эртеси эле билип койду. Мен сатканымды мойнума алдым. Апам менден эч нерсени аячу эмес, бирок бүгүн шакеги үчүн жаны ачынып капа болгонуна таң калдым. Апамдын буюм үчүн капа болгонун ошондо биринчи көрдүм. Өзүм да таң калдым. Мурда мен идиш сындырып алсам, же бир буюмду кокус бузуп койсом, аны башымдан тегеретип ыргытып жиберчү».

* * *

«Чынын айтсам, мен кээде өзүмдү-өзүм таанybай калчу болдум. Кичинемде кокустан мышыктын бутун басып алсам да аяп кетчүмүн. Азыр «алигиден» татып алсам

болду, жолборс болуп балдарды коркутам. Өзүмдөн кичине балдар алдымда бужүрөсө, өзүмдү арстандай айбаттуу сезем. Жиниме тийсе, апамды да кагып жиберчү болдум. Кыжынып эле кыжырым келе берет. Кээде обу жок эле күлө берем. Эртеси кайра аябай кейип, аябай өкүнөм. Бирок бирөөнү аёо сезимим жоголуп бараткандай».

* * *

«Кечээ апамдын алтын билеригин сатып жибердим. Апам билеригинин жоголгонуна эмес, менин адамдык касиетимди жогото баштаганыма, калп айта баштаганыма абдан кейиди. Чынын айтсам, мен адамдык касиетимди жогото баштадым. Апам ыйлады. Көңүлүмдү сыздатып ыйлады. «Мен сени адам болот, мени багат, мага түркүк болот дечү эмес белем, балам. Адам болгондо кыларың ушулбу?» – деген сөзү мени өрттөп, тебелеп-тепсеп турду. Аргам болсо жерге кирип кетким келди. Ушул балакетти экинчи оозума албай койбосом деп ойлодум. Өпкөлөнүп апамдын билеригин алпарып сатканымды, балдардын... баарын ээрчитип «алигиден» чегип алып, кыздарга барып дискотекага төлөгөнүмдү, кыздар «крутойсуң» деп койсо көрүнгөндү сыйлаганымды эстеп, заманам куурулуп турду. Апамды аядым. Чындап аядым. Кичинемде мага пульт менен жүрө турган машина сатып берем деп бир ай ишине жөө барганын, түшкү тамакты ичпей акчасын чогултуп, мага эч ким кие элек кроссовка сатып бергенин ойлодум. Мен чоңойгондо сизге пальто, атлес көйнөк, алтын сөйкө сатып берем дечүмүн. Апам жетине албай менин сөзүмдү келген-кеткендин баарына айтып мактанчу».

* * *

«Бүгүн негедир оор ойгондум. Көңүлүм чөгүп, эч нерсеге каалоом жок. Таң атканча бирөө сабап чыккандай. Тамак да ичким келбеди. Апам дагы капа болбосун деген

ойдо мектепке эптеп эле кеттим. Сабакты көп калтырсаң эч нерсе билбей калат экенсиң. Китепти окусам деле мээме эч нерсе кирбейт. Мугалимдерге кудай берип салды, эшиктен кирди болду, мага асыла беришет. Туура эмес отурасың, күлөсүң, муну билбейсиң, аны билбейсиң. Айтор биринчи сабактан кийин эле качып кетпесең, ар бири келип мээңди чагышат.

Ушул мугалимдер үчүн апама калп айтчу болдум. Сабакка барбадым десем, апам капа болот. Качпай отурсаң бир нормальный сабак өткөн бирөө жок. Же мен баарынын көзүнө мокочо көрүнөмбү, айтор эрмектери мен.

«Алиги» мээнин иштешин начарлатабы, айтор мээме эч нерсе кирбейт. Оюм жалгыз гана ошондо, кантип тапсам? Кимден алсам? Анан кичине убакыт өтүп кетсе эле болду, башым ооруп, кускум келип, ичеги-боорум эзилип кеткендей, сөөгүмдү бирөө чагып, булчуңдарымды жулмалап тыткандай, муундарым сыздап ооруй баштайт. Мүмкүнчүлүк табылганча өзүңдү өлүп бараткандай сезесиң. Бул ооруга адам баласы туруштук бералбайт. Мен ал ооруну айтып да жеткире албайм. Анан кичинекей бир бүркүм порошоктун жыргалы бир укмуш. Мемиреп, азыр эле ооруксунуп турган бүткөн боюң жазылып, жыргай баштайсың. Көшүлөсүң. Анан күлкүң чыгат. Асманда сүзүп жүргөндөй, калкылдап, көңүлүң заматта ачылат да калат. Бир жаман жери өтө мыкаачы болуп кетесиң. Бирөөнү кордосоң, ыйлатсаң, урсаң моокумуң канат. Анан соолугуп өзүмө келе баштаганда өзүмдү-өзүм жек көрөм. Апам шордуунун азап тартканын көргөн сайын жүрөгүм бырча-бырча тилинет.

«Болду, бул балакетке экинчи жолобойм» деп өтө бекем убада берем».

* * *

«Мен Азаматтан да, Нурландан да, Жорик, Кубанычтан, бардыгынан кол үзбөсөм, бул балакеттен кутула алгыдай эмесмин. Алардын баарынын аталары тутамдап

акча табышат. А мен эмнеме темселеп аларды ээрчип жүргөнүмдү өзүм да түшүнбөйм. Ушуларды ойлоп, алардан эми оолактап, эки жума эптеп чыдап өзүмчө жүрсөм, Кубаныч бардыгын бузду. Эшик ачык турган экен, кирип алыптыр. «Жүрү, бир кызга барып келебиз,– деди. – Анан ал кызды «алигиге» көндүрөлү. Бир шишканын кызы, акча деген биздики»,– дебеспи. Ушул сөздү укканда шарт бурулуп кетип калгым келди. Аңгыча алдыбыздан ак жуумал татынакай кыз чыкты. Кубанычтын ушунча чечекейи чеч болуп чечилгенин биринчи көрүшүм. Тигил кызды баңги деген балакетке кыйбай турдум. Эптеп алаксытып үйүнө кетирип жиберсем деген аракетим ордунан чыкпады. Кызды ээрчитип Кубаныч «ордого» барды. Бардыгы «алигиге» теңселип калышкан. Адегенде Нуржанды аракка алдашты, анан порошок кошулду. Кубаныч болсо Ромеонун ролунда. Бардыгынын бөпөлөгөнүнө, көкөлөтө мактагандарына магдыраган кыз бечара абийиринен кантип ажыраганын да билбей калды.

Ушул окуядан кийин мен өзүмдү да, досторумду да жек көрө баштадым. Эртеси эсине келгенде кыз бечара аябай ыйлады. Эми чоң чуу болуп, баарыбызды камататго десем, бул окуя ошол бойдон жым-жым болуп калды. Бирок, ал кызды биздин балдар өз топторуна кошуп алышкан. «Алигиден» кийин кыздар дагы мыкаачы болуп, ыплас сүйлөп, кайра жакшынакай кыздарды өз катарына тарткылары келип калышат экен. Кыздардын бири-бирин тепкилеп ургандарын да, мушташкандарын да ушул жерден көрдүм. Ошол кыз эле бул компанияга канча кызды ээрчитип келди. Айрымдары бир келип эле жоголуп кетишти. Бирок көпчүлүгү биздин катарыбызда калды. Бирок мага ал жердеги кыздардын бири да жакчу эмес. Аттиң, кандай гана сонун кыздар болчу...»

* * *

«Бүгүн мен үчүн сонун күн болду. Көчөдөн бир татынакай кыз менен тааныштым. Аты Айгүл экен. Медицина факультетинде окуйт. Мага абдан жакты. Менимче ал кызга да жагып калдым. Үйүнүн телефонун жазып алып, босогону аттап, бутумду чечип эле телефон чалдым. Телефондо үнү андан да назик, жагымдуу угулду. Жан дүйнөмдө бир өзгөрүү болгондой, ошол кызды гана ойлой бердим. Сүйүп калдым көрүнөт. «Чектичи?» Эгер Айгүл билсе ал мени эч качан тиктебесе да керек. Жок, андан ажырай албайм. Демек «муну» таштоом керек. Эрким жетеби? Албетте, мындан кутулбасам болбойт. Деги ушундан кутула алаар бекемин. Ойлосом мындан эмне жакшылык көрдүм? Бөпөлөп өстүргөн апамды азапка салдым, сабактан начарладым, жакшы досторумдун баарынан ажырадым. Менден жаман окуган балдар азыр жакшы окушат. Ушуларды ойлосом, ичим ачышат. Кээде күзгүдөн өзүмдү карап коркуп кетем. Эки бетим ичке кирип, арбагым чыгып кетти. Апам келди. Мени шектүү тиктеп, бетимден өптү. Ашканада бир нерсе kууруп, чайга чакырды. Оозума эч нерсе алалбадым».

* * *

«Үч күндөн бери колума «алигини» албай койгом. Алдастап жанымды коёрго жер таппайм. Апама айталбадым. Жанымды сууруп кетчүдөй бул ооруга туруштук бере албачудай тыбырчылай бердим. Апама башым ооруп жатат дейм. Аспирин берди. Бир аз тынчый калам да, кайрадан тыбырчылай баштайм. Аңгыча телефон шыңгырады. Айгүлбү деп ала койсом, врач наркологмун, балким сага жардам керектир, барайынбы,– деди. Кандай «ооба» дегенимди да билбей калдым.

Үйгө узун бойлуу жаш врач келди. Мен аны апама досум келиптир дедим да, бөлмөмдү бекитип алдым. Врач кан басымымды өлчөп, качантан бери тартканымды, качан сайынганымды сурады. Анан бир укол сайып:

– Эртең менен кел, анализ алып текшерип көрөлү, дарылануу керек. Болбосо бул өзү өтүп кетпейт, өтө кыйналганда кайра кантип кирип алганыңды билбей каласың,– деди.

Эртеси врач наркологго бардым. Мени дарылоого өттү. Чынын айтсам, кичине жаным тынчып, өпкө-боорум антарылбай калды. Врачтан сиз менин телефонумду кайдан алдыңыз десем, эч нерсе айтпады. Мен бардыгын билем деп тамашалады.

Мен апамдан эле көрүп калдым. Эмнеси болсо да, жашоого үмүт пайда боло баштады. Ооруканада 15-20 күндөй дарыландым. Тааныган бирөө көрүп калбасын деп корунам. Сабакка барып, кийим-кечемди өзүм карап, кичине өзүм дагы оңолгонсуп калдым. Айгүл экөөбүз бири-бирибизсиз жашай албайбыз. Айгүл группасындагы мыкты окуган кыздардын бири экен. Ата-энеси жөнөкөй эле кишилер. Бирок, ал көп окуйт, көптү билет. Кругозору кең. Абдан намыскөй жана тырышчаак. Жан дүйнөсү таза, ой жүгүртүүсү кең кыз. Мен аны жоготкондон корком.

Ага жолукканда бардыгын унутуп, көңүлүм көтөрүлөт. Үйүнө кетиргим келбейт. Көчөдө аны менен жүрсөм сыймыктанып, көөдөнүмдү көтөрүп жүрөм. Ал үчүн бардыгына даярмын. Мына бул «балакетти» да Айгүл болбосо таштай алмак эмесмин.

Эгер Айгүлгө бирөө айтып койсо эмне болот? Анда шарт эле кетип калат болсо керек. Жок, андай болбосо экен. Мен адегенде дарыланып бүтүп, сакайгандан кийин ага өзүм айтам. Бардыгын айтып берем. Ал мени түшүнсө керек».

* * *

«Бүгүн Айгүлдү өптүм.

Буга чейин деле кыздарды өптүм го, бирок Айгүлдү өпкөндө башкача болдум. Айгүл бошонуп, оолактай бер-

генде анын назик салааларынан кармап туруп «Айгүл, мен сени сүйүп жүрөм». – дедим. Айгүл көкүлүн маңдайыма жакындатып «мен дагы» деди. Аны ордунан так көтөрүп тегереттим. Ыңгайсызданган кыз: «Акырын эми, жыгылам»,– деди эркелей. Үйгө абдан кубанычтуу кайттым. Апама менин турмушумда эмне өзгөрүш болсо, бардыгын айтчумун. Эгер апам үйдө болсо, азыр Айгүл жөнүндө айтып бермекмин. Бечара апам терисине батпай сүйүнмөк. Диванга жатып алып кыялданам: эмки жолукканда «мага турмушка чыкчы» – дейм. Жок, мен бул жаңылыкты адегенде апама айтышым керек. Апам макул болсо анан Айгүлгө айтам... Жок, мен адегенде дарыланып, жанагы «желмогуздан» таптакыр кутулушум керек. Анан Айгүлгө айтам. Апама ал абдан жакса керек. Айтаар замат эле сандыктагы келиниме салам деген сөйкөсүн алып чыкса керек... Айтмакчы, өткөндө акча керек болгондо ошол сөйкөнү таап, сатып жибермекчи болуп, сандыктын кулпусун бузалбай койгом. Алалбай койгонум жакшы болуптур да».

* * *

«Айгүлдү апам үйгө чакырса, ал уялып келбей койду. Сүрөтүн апкелип берсем, апам «татынакай кыз турбайбы, садагасы, болсун» деп сүрөтүн өөп, күзгүнүн бурчуна илип койду. Менин дарыланып жатканымды билмексен болгону менен апамдын маанайы жакшы. Көңүлдүү жүрөт.

– Кыялың оңолуп, кайрадан баштагыдай боло баштадың, уулум. Ошол кыз сенин тагдырыңа бир бурулуш алып келет го. Эгер макул көрсөң, ошол кызга үйлөндүрүп койсом,– деди мени суроолуу тиктеп.

Апамдын менин оюмдагыны тапканына кымыңдадым. Бирок көңүлүмдө баягы адегенде «тигини» таштоом керек деген ой турду.

– Ал кызды жакшы көрөм, апа, бирок азыр эмес, кийинчерээк үйлөнөйүн,– дедим.

– Кызың өтө эле татынакай экен, балам. Бирөө иле качып, мени дагы азапка салып жүрбө... Деги өзүң эле билчи,– деген апамдын сөзү жүрөгүмдү бирөө устара менен тилип кеткендей ачыштырды. Уктайын десем уйкум келбеди. Чын эле бирөө алып качып кетсечи? Үйлөнөйүнбү, жок дегенде дарыланып бүтүүм керек эмеспи. Айгүлдү эч кимге ыраа көрбөй турдум. Анын сүрөтү ар дайым биздин күзгүбүздө илинип турчу».

* * *

«Ачып көздү жумганча биринчи сессия аяктап калды. Айгүл экөөбүз китепканада бирге даярдандык. Бардык экзамендерибиз «беш» болду. Ал мени менен, мен аны менен сыймыктанып, бири-бирибизден намыстанып окудук. Сессиянын бүтүшүн кафеге барып белгиледик. Апам акча берди. Айгүл экөөбүз кичинеден гана вино ичтик.

Айгүл айрым кыздарга окшоп арак ичпегени, тамеки чекпегени, жөнөкөйлүгү мага жакты. Чойроңдогон көп эле кыздарды көрүп жүрбөйбүзбү...»

* * *

«Врач дарылануунун биринчи этабы бүттү, бирок дарыланып бүттүң деп айта албайм. Эми калган тагдырың өзүңө гана байланыштуу,– деди. Өзүмдү-өзүм сынап көрүүм керектигин айтып,– биз организмиңдеги баңгизатка болгон көз карандылыктан арылттык. Бирок сенде психологиялык көз карандылык дагы деле калды. Аны жеңиш эми сенин эркиңе гана байланыштуу,– деди. Көбүрөөк алаксып, баштагы досторума жолобошумду бир канча ирет эскертти. Мен эми «алиги» үчүн чогула турган досторумдан каччу болдум. Алар жан койбой издеп, үйгө тынбай келип жатышты. Мен көбүрөөк Айгүл, келечек жөнүндө ойлоого аракет кылдым. Өткөн кайгылуу күндөрүмдү өмүрүмдөн таптакыр өчүрүп салгым келди.

Экинчи сессияны да абдан жакшы тапшырдык. Врачка анда-санда барып көрүнүп турам. Мүнөзүм оңолуп, өтө

тез жиним келбей калды. Экзамен бүтүп, Айгүл экөөбүз белгилеп, анан келип үйгө жаткам. Телефон адаттан тыш кечке шыңгырады. Айгүлбү деп ала койсом Кубаныч экен.

– Жолугалы,– деди Кубаныч сөзүнүн аягын үзүп сүйлөп. Мен бошобой жатканымды, ишим бар экенин, «алигини таштаганымды» дагы көп шылтоолорду айттым.

– Өзүң бил. Айгүлдү өтө сүйөт эмессиңби, эгер Айгүл кырсыкка учурабасын десең, көчөдөгү кыздардай баңги болушун, ийнеге отурушун же жөн эле «көпөлөк» болуп калышын каалабасаң, келерсиң,– деп трубканы коюп койду.

Денемди ток ургандай жыйрыла түштүм. Бул балдардан бардыгын күтүүгө боло турганын абдан жакшы билем да. Эмне кылсам, Айгүлгө айтсамбы? Эмне деп? Мен баңги элем, анан досторум сенин өмүрүңө коркунуч туудуруп жатат деппи? Анда Айгүл мага туура түшүнөбү? Айтор көңүлүмдөгү уйгу-туйгу тынчсыздануу кайрадан башталды. Таң атканча кирпик какпадым. Анан ошол баңги досторума барып, менин аларга кошула албай турганымды айтайын. Айгүлгө тийбегиле, болбосо баарыңарды милицияга салып берем дейин деп, эртең менен эптеп турдум да, «ордого» бет алдым.

Барсам бөлмөдөгү нашаанын түтүнүнөн адамдын жүзүн көрүп болбойт. Бири бурчта бирөөнүн колуна сайып отурат.

Бул көрүнүштөн ичиркенип кеттим. Мен ушул абалга кантип чыдап жүрдүм экен деп ойлодум. Досторум эч нерсе болбогондой тосуп алышып, адегенде мага таарынышып, анан арак куюп менин экзамендеримди куттукташты. Айгүлдү көрүп жүргөндөрүн айтып анын сулуулугун, назиктигин, адам суктанарлык келбетине токтолушту.

Айгүлдүн сайынып калышын каалабай тургандыктарын айтышты. Эгер бизге кошулгуң келбесе мейли, эч болбосо порошок сатып бергенге жардамдашаарсың.

Бирөөнү эле ийнеге отургузуп берсең да мейли дешти. Мен бул сунушту ойлонуп көрүп макул боло албадым. Себеби ал порошок үчүн канча жыл соттолгондорду да билет элем. Бирөөнүн баласын да бул шүмшүк топко кыйгым келбей калган кезим эле. Эч болбосо биздин «ордону» эч кимге айтпайт чыгаарсың дешти. Мен эч качан, эч кимге бул тууралуу ооз ачпай турганымды айтып убада бердим. Айтор, улам бири тост айтып, ичире берип мас болупмун. Анан «алигини» сайышыптыр. Айтор, ойгонсом, ордодо жатам, кучагымда бир баңги сойку. Тамырымды таппай кыйналышканбы, колумдун баары көкала, ийне тактары. Эртең менен үйгө келдим. Апам мени көрүп чочуп кетти. Кечке эс-мас үйдө жаттым. Апамдын да көңүлү чөгүп, абдан капа жүрдү. Мен кайрадан «алигисиз» жашай албай калдым. Эми үйдөгү килемди алпарып саттым. Кенедей пакеттеги порошок апамдан да кымбат боло баштады. Сайынган сайын дагы көбүрөөк, көбүрөөк керек боло берди».

* * *

«Бүгүн апамдан акча сурасам, акча табалбады. Кошуналардан да акча чыкпады. Таң калганым апам менин эмнеге керектээримди билип турса да, жанталашып издеди. Эч кимден чыккан жок. Менин өлүп бараткан абалымды алар кайдан түшүнсүн.

– Сен бүттүң, балам. Оңолуп, кайра жоголуп баратасың. Эми бул кебетең менен Айгүл сени карабайт. Деги кебетеңди өзүң эле күзгүдөн карачы,– деген апамдын ачууланган сөзү катуу тийдиби, айтор апама кол көтөрүп барып токтодум. Өзүмдү зорго токтотуп калдым. Апам бөлмөсүнө кирип аябай ыйлады.

Мен өзүмдүн ошол күнкү жоругумду эч качан кечире албадым. Апам байкуш кечирди. Эртеси эле тамак иччи, балам. Минте берсең өлүп каласың, же врачыңа кайра барчы деп башымда турду. Врачка барганым жок. Себеби

өз эркиме ишенбей калдым. Экинчиден, менин алиги досторум алардын катарынан кетсем эле Айгүлгө жамандык кылышчудай. Ачык эле айтып жатышпайбы. Мен ушул тунук булактай мөлтүрөгөн кызды бирөөгө кордотуп, анын жаңы ачылган гүлдөй кезинде бирөөлөргө тебелетип соолуткум келбеди. Айгүлдүн баңгилердин катарына кошулушун каалаганым жок. Өкүнүчтүүсү – апам жалгыз калды. Бүт өмүрүн мага арнап, анан карыганда менин колумдан бир пияла чай ичпей, бир көйнөк кийбей, көйнөктү коёюн, мен анын шакек, билеригинен бери сатып, балам деген ишеничин, энелик улуу сүйүүсүн тебелеп-тепсеп акмак болдум. Бул акмакчылык экенин билип турдум, бирок менде башка арга, айла жок эмес беле...»

* * *

«Айгүлдөн кача баштадым. Телефонго жок дедирдим. Өзүм алсам башка кызды сүйүп калдым деп алдадым. Көчөдөн качып кетип, менин бул акыбалымды Айгүл көрбөсүн, менден үмүтү үзүлсүн, өзүндөй жакшынакай балага жолугуп, бактылуу болсо экен деп тиледим. Мен ага татыксыз экенимди мойнума алып, ушундай акылсыздыгым үчүн өзүмдү – өзүм жек көрүп турдум».

* * *

«Мага акча керек, акча. Көңүлүм жайына келсин үчүн көбүрөөк сайынуу керек. Ага көп акча... Апам шордуу аны кайдан табат? Кийинки кездерде мени кыйналбасын деди көрүнөт, ар нерсесин сатып мага көбүрөөк акча берет. Ал да жетпейт...

Эмне кылсам? Кээде «ордодогу» балдардан калган шприцтердеги калдыктарды дагы сайынган учурларым болду. Анан ар жерим ооруй баштады. Температурам көтөрүлөт. Бир күнү грипп, анан тамагым, анан бронхит, айтор оорубаган жерим жоктой. Арыктаганымды айтпай эле коёюн. Апамдын бир врач таанышы баланды врач-

ка көрсөтсөңчү, негедир ыраңы башкача дептир. Апам ыйлай бергенинен анализ тапшырууга аргасыз болдум. Канымдын составынан баңги зат чыгып калабы, баңги экенимди бирөө билип калбасын деп анализ тапшырганга такыр барчу эмесмин. Анан эмне болгонун айтуудан өзүм корком...

Канымдын составынан ВИЧ/СПИД экеним аныкталды. Ишенбедим. Кантип эле, кантип мен СПИД болуп калайын? Кайра-кайра текшерттим. Кайдан, кайдан бул балакет мага жабышты? Баары бир анализ менин СПИД экенимди далилдей берди. Ушул күнү жер астын-үстүн болду. Бардыгы бүткөнүнө, өзүмдү-өзүм көөмп тынганыма ошондо көзүм жетти. Себеби СПИД деген эмне экенин, анын кантип жугаарын, аны дарылай турган бир да дары чыгарыла элек экенин биз мектепте абдан жакшы окуганбыз. Ушул окуя менин үмүтүмдү биротоло үздү. Эми порошокту ой келди, табылса эле тынбай сайына баштадым. Көңүлүм чөгүп, порошоксуз тура албай калдым».

* * *

«Акчам жок эле. Баягы досторумдан карызга порошок сурасам беришпеди. Керек болсо акча тап. Түнкүсүн ууруга кир, уурда, тоно, эч болбосо ийнеге бирөөнү отургуз. Болбосо баңги затын сатыш, бекер эч нерсе жок да деп шылдыңдагылары келди. Мен уурдап-тоной албайм, ага көнгөн эмесмин. Андан көрө өлүш керек. Өлбөгөндө эми эмне кыла алам? Өзүм деле бир канча жылдан кийин өлүп тынат экенмин. Ошончо жыл кыйналып, апамды кыйнап, Айгүлдү кыйнаганча, ушунчамда өлүп калганым оң го деп чечтим. Айткандай эле жалгыз үмүтүм Айгүл болчу. Эми мен ага эч качан үйлөнө албайт экенмин. Анда мага бул жашоонун кандай кызыкчылыгы бар? Өзүм темселеп зорго жүргөндө бул балакети каяктан жабыша калды? Ким билет, «көпөлөктөрдөн» белек болдубу, же шприцтен келдиби, айтор эмнеси болсо да эми

дүйнө жүзүнүн медиктери биригип дарылай албай жаткан балакетке кабылыпмын. Демек бул жашоодон үмүт үзбөгөндө эмнем калды? Эмнеге жашайын, кыйналыш үчүнбү? Апамды бир жолу кыйнаш үчүнбү? Эң жакшысы эле акыркы ирет чыгынып көбүрөөк порошок табыш керек го»...

* * *

«Менин абалым күндөн-күнгө, сааттан-саатка начарлоодо. Акыркы кезде акыл-эсим да жайында эместей. Дурусураак кийимдеримдин баарын порошокко алмашып жибердим. Үстүмдө эскилери. Күзгүгө карансам тилемчиге окшой баштаптырмын...»

* * *

«Күндөлүктү да күндө жазалбай калдым. Чамам жок. Минтип жашоо уят. Өзүм он тогузга келдим. Апамды карап отурам. Күндө акча сурайм, башка аргам жок. Үйдөгү килемди арзанга сатып беш күн чардадым».

* * *

«Бүгүн мен өзүмө-өзүм сот жүргүзүп, бүтүм чыгардым. Эненин ак сүтүн актай албаган, эмгегин баалабаган, өмүрдүн баркын билбеген, Айгүлдөй аруу кыздын сүйүүсүнө арзый албаган мага окшогон акмакка өлүмдөн башка жаза барбы? Эмнеге жашайм, менин өмүрүм ансыз да бүтпөдүбү. Эми эмне, башкаларды кыйнаш үчүн жашайынбы?»

* * *

«Айгүл!

Мен өмүрүмдө бир гана аруу кызды көрдүм. Ал сен болчусуң. Сенин баёолугуң, назиктигиң, тунуктугуң, болгонду болгондой айткан тайманбастыгың, келбетиң, музоонукундай узун кирпигиң, айтор сенин саамайыңдын талына чейин сүктанчумун.

Өкүнүчтүүсү сени менен өмүр сүрө албадым. Бул бакты мага буюрбады. Эмнеге дейсиңби? Себеби сени аядым. Бул өмүрдөн да сен үчүн кечтим. Мен жетпеген бактыга сен жет. Менин калган өмүрүмдү сен жаша. Мен үчүн жаша. Колуңдан келсе апама көз сала жүр. Мен өз тагдырыма өзүм балта чаптым.

Менин каталыгым үчүн сен эмес, апам эмес, башкалар эмес, өзүм жооп беришим керек.

Бир өтүнүчүм – өзүң да, бала-чакаңды да, тууган-уругуңду, жада калса таанышыңды да баңгиликке жолото көрбө. Кош эми, жан биргем... Бейитиме бир барып, эстеп кой...»

* * *

«Апа, сен уктап калдың, жок уктабай кайгырып, баламдын эртеңи кантет деп кабатырланып жатып көзүң илинди көрүнөт. Эртең сенин бардык кайгыңа чекит коёюн деп чечтим. Апакем ай, жамандыгымды жашырып, жакшылыгымды көрсөтүп, энем да, атам да, досум да сен болдуң эле.

Акыркы күндөрүңдү тозокко айландырып таштаганымды билип, көрүп турам. Эмне кыла алам? Далбастап жаным ооруганда орой тийдим, көңүлүңдү оорутттум, кол көтөрө турган болуп, өзүмдү араң кармап калдым. Ошол күндү эстесем жерге кире түшөм. Ошондон көрө колум сынып калбайбы!

Кайсыл бетим менен кол көтөрдүм! Тогуз ай көтөрүп, он тогузга чыкканча канаттууга кактырбай багып, анан он тогузга чыкканда да, адамдыктан кеткен айбанды да кечирдиң. Апа, кечирмек тургай уулум оңолсо экен деп түн уйкуңдан кечтиң.

Соолуган жалбырактай саргарып, тамак ичпей калдың. Мен баңги болбой эле, сен баңги болуп калдың, апа! Анан минтип эми ушул эле жетишпей тургансып, СПИДи да жабышыптыр.

Баласын сүйгөн, баласын барктаган эне сенчелик болоор... Бирок, мен сенин ушул абалыңды көрүп, Айгүлдүн өмүрүнө коркунуч келтирип жашагым келбеди.

Сизди абдан жакшы көрчүмүн. Сиз аны жакшы билесиз. Менин сизден башка таянарым да, таарынарым да, маңдайымдан эркелетип сүйөрүм да жок эмеспи, апа! Сиз мени кандай барктасаңыз, мен да сизди дал ошондой барктачумун. Мектептен келгенде үйдө жок болсоңуз томсоруп калчу элем. Эми сиз дагы мен жок опентип томсоросуз го... Мен бир аз кеч калсам, көчөгө туруп алчу элеңиз. Эми жалгыз кантип жашаар экенсиз?

Бүгүн мен төрт-беш ирет сайына турган порошокту алып келдим. Эртең сиз келгенче, ушул акмакты жоготпосом болбойт. Башка аргам калбады. Эч кимди күнөөлөбөңүз, апа. Бардык кайгыга өзүм себепчи болдум. Апа, апакебайым, кечире алсаң, кечир.

Менин кичинекей кезимди эстеп, кичинекей кезимдеги сүрөттөрүмдү сактап калыңыз. Чоңойгон кезимди өзүм деле жектеп жүрөм. Ал сүрөттөрдүн баарын тытып салыңызчы. Эгер арбак, тигил дүйнө бар дегени чын болсо, анда мен сизди коргоп, колдоп жүрөм.

Түнкүсүн коркпоңуз, ар дайым жаныңызда болом. Күндө таңда чачыңыздан сылап, жүзүңүздөн сүйөм. Апакебай, ушул азаптардын баарынан кутулайынчы. Мен Айгүл менен коштошуу кыйын болот го деп ойлодум эле. Көрсө сиз мага бардык нерседен кымбат экенсиз, апа.

Эгер кудай бар болсо, эч бир энени сизге окшотуп боздотпосун. Эч бир баланы мага окшотуп аргасыз абалга байлабасын.

Балконго чыксам, асман укмуш кооз экен. Сыдырым жел жүзүмдү аймалайт. Абанын тазалыгычы... Ай тептегерек. Жылдыздар жымыңдайт. Кирпиктерим нымдашып, ыйлагым келип кетти. Ушул кооздукту экинчи көрбөй турганымды, ушул таза абадан жутпай, бир томпойгон бейитте жатаарымды ойлоп ыйладым. Бул өмүрдө

колундагы жалгыз медерин жоготкону турган бечара апамды ойлоп ыйладым. Айгүлдү эстеп ыйладым.

Тирүүлүк кандай керемет. Ошол кереметти колуман түшүргөнүмө, жүрөгүмдөгү болгон жакшы сезимдин бардыгын колдон түшүрүп сындырып алганыма, эми минтип өз каалоом менен ушул жарык дүйнөгө кош айтууга аргасыз болуп турганыма абдан өкүнүп турдум. Алда менин балалыгым ай, ошол порошоктун эмнесине кызыктым экен? Ал менин ажалым экенин кайдан билиптирмин?

Абдан өкүнүп турам... Кош эми, апа. Ушул менин акыркы сөзүм! Чынын айтсам, мен бул турмуштан чарчадым, сизди аябай чарчаттым».

* * *

Күндөлүгүн жеткирип бергени барганымда жүрөгү ооруп Гүлбадам эже төшөктө жатыптыр. Үйүндө сиңдиси бар экен.

Мени менен сүйлөшкүсү келди. Күндөлүктү жүрөгүнө басып, сылап, эриндерине жакындатап өөп койду.

Айгүл келген сайын көзүнөн жаш төгүп, «Мага эмне айтпадыңыз, балким Бишкекке барып дарылатмакпыз. Оштон такыр кетип калбайт белек»,– деп ыйлайт бечара. Кээде Айгүлгө айтсам, балам чын эле тирүү калат болчу, Айгүлдүн сөзүн укмак деп ойлойм. Оюңа ар нерсе келет, бир арман баары бир жүрөгүндө калат тура.

Айткандай эле, баягы Саматтын колуктусуна тагам деп бекиткен сандыктагы сөйкөнү Айгүлгө бердим. Албайм дейт. «Самат сени сүйдү эле кызым. Тагдыр экен буюрбады. Сени көргөндө уулумду көргөндөй болуп сүйүнүп жүрөйүн, муну тага турган эми менин эч кимим жок» – деп кулагына тагып койдум. Анан Айгүл кеткенде озондоп үнүмдүн болушунча боздоп ыйладым. Кошуналарым да көнүп калды көрүнөт, биринчи күндөрү үрпөйүп эле жетип келишчү. Бечара мага келин болсо тыпылдаган, жакшынакай күйүмдүү келин болмок экен. Күндө келип,

«кантип жатасыз апа»,– деп мени менен кошулуп ыйлап, чай кайнатып берип, тыяк-быякты жыйнап коюп кетет бечара. Мен ансайын жашып, ансайын ыйлайм. Башка аргам барбы?

Эгер каргыш тийгени чын болсо, ошол баңгизат саткандарды, менин уулума окшогон эне сүтү оозунан кете элек наристелерди азгырып баңгиликке тарткандарды каргайт элем. Ошолордун энеси мага окшоп ботодой боздоп калсын. Баңгизат саткандардын уул-кызы баңгиликке баш байлап, менин уулумдун тагдырын көрсүн. Башка не дейин. Эгер жазсаң, ар бир улан-кыз ушул тагдырды окугандай кылып, ушул окуядан жүрөгү титирегендей кылып жаз, сиңдим.

Менин сөзүм баңгилердин баарын сактап калбаса да, эки-үч эненин баласына сабак болсо, бул да чоң иш,– деди эже.

Бир жумадан кийин Гүлбадам эже каза болду деп уктум. Ал эми бул кайгылуу окуя убакты-сааты келгенде жазылып бүттү.

# НАЗИКТИН СҮЙҮҮСҮ

*(Аңгеме)*

– Үйлөнбөйсүң, ушунча жакшынакай кыздар турса, Шакендин кызына үйлөнбөйсүңбү, Мукандын кызына үйлөнбөйсүңбү? Кокуй, эл эмне дейт? Бир райондун акими болуп туруп жалгыз уулуна теги, түбү жок, короосунда үрүп чыгар ити жок кембагалдын кызын алып берди дебейби!

Сен деген окууну бүтүп жатасың, эртең эле бир жерге кызматка отурасың. Өзүң теңдүү адамдар менен алакалашасың, үйүңө кызматтагы адамдар келет. Бул итирейген кембагалдын кызы кызматта жүргөндөрдү күтмөк тургай, тамак жасаганды да билбесе керек, айланайын Улан. Ойлочу, биз деле өзүбүз теңдүү бирөөнү куда күтүп, барып-келип мамиле күтсөк деген жакшы ниетибиз бар. Өмүрү жанагы жепирейген үйдөн башка эч нерсе көрбөгөн немелер менен куда кылып, бизди душманга күлкү кылайын деп жатасыңбы? Назиктей сулуу кыздар сенин кызматың, байлыгың болсо, өмүрүңдө али көп болот. Эгер акылың болсо биз айткан кишинин кызына үйлөн. Кичинеңде Кудайбергендин кызына кудалаганбыз. Ошого үйлөн, окууну бүтүп жатат, чүрөктөй кыз болуптур,– деди Мухтар баласына жини келгенин жашырбай.

– Үйлөнбөйм, Назиктен башка эч кимге үйлөнбөйм.

– Үйлөнбөсөң үйлөнбө, бирок Назикке үйлөнбөйсүң,– деди Мухтар үнүнүн бардыгынча кыйкырып.

– Анын боюнда бар, баланы эмне кыласыз? – деди Улан.

– Э-эй, акмак. Сен ошол кызга үйлөнмөкчү болуп жатасыңбы? Ал сенин балаң экенин бир кудайдын өзү билет?! Эрге тийбей туруп боозуган кызга үйлөнмөкчү болуп жатасыңбы? Эптеп башыңды айландырып тийип алайын деген шерменделердин бири тура аның!

Улан эшикти катуу жаап чыгып кетти. Жаалы чыккан Мухтар эми Бурулга кыйкыра кетти.

– Мына, эркек бала түнкатып жүрсө эч нерсе болбойт деп! Мына, эркелетип отуруп, балаңды карабай ушуга жеттик. Жалгыз балаңа ошол кембагал Төрөбектин кызын алып берип, Төрөбекти үй-бүлөсү менен кошо багып жат эми!

– Мухтар, ачууланбачы. Адегенде мен барып ошол кыз менен сүйлөшүп келейин. Чын-төгүнүн билейин. Чындап боюнда болсо андан эптеп кутулуунун аракетин кылып көрөлү. Балким шаардагы эки бөлмө үйдү берип кутулаарбыз. Эч нерсе көрбөгөн немелер үй берем десем, жым деп эле калар. Капа болбой тура турчу, бай болгур. Кан басымың көтөрүлүп кетпесин.

Бурул үй кызматындагы аялды жөнөтүп, Назикти таптырып, аны шаардагы эки бөлмө үйүнө чакырып сүйлөштү.

– Назик, айланайын. Өзүң жакшы билсең керек, Улан биздин жалгыз балабыз. Атасы Уланды кичинесинен досунун кызына куда түшүп, ошол кызды алып бермекчи болуп жүрөт. Кечээ Улан сага үйлөнмөкчү болдум деп атасын аябай капа кылды. Мухтар өзүнүн досуна эми кызыңды алалбайбыз деп айта албайт. Анын үстүнө ал киши чоң кызматта иштеген адам. Мухтардын карьерасында ал кишинин таасири чоң. Эгер биз келишимди бузсак эмне болорун түшүнөсүң го деп ойлойм. Улан экөөңөр ойлонбой иш кылыпсыңар, эми Улан сенин балаңа ата боло албайт. Өзүң татынакай, сулуу кыз экенсиң. Сага да бирөө табылат. Эгер эсиң болсо ойлон. Күйөөгө тийбей төрөсөң сенин деле келечегиңе жакшы болбойт. Ата-

энеңди да жер каратасың. Андан көрө ичиндегиден кутулууга жардамберейин, алдырып сал. Сенин келечегиң алдыда, ушул эки бөлмө үй, ичиндеги мебелдери менен сеники болсун. Жок десең, төрөп ал. Үй сеники, бирок Уланды бошот. Улан сенин балаңа ата боло албайт,– деп үйдүн ачкычын Назиктин алдына койду.

– Жок,– деди Назик. – Мага сиздин уулуңуздун да, жардамыңыздын да, квартираңыздын да кереги жок. Балаңызды сотко берет деп коркпоңуз. Мен баламды өзүм эле багып алам. Үйүңүз өзүңүзгө эле буюрсун,– деди да Назик ачкычын Бурулдун алдына ыргытып, үйдөн чыгып кетти. Жымжырт.

Бурул бир чети кыздан мындай жоопту күтпөгөн үчүн анын чечкиндүүлүгүнө таң калды. Бир чети Назиктен оңой кутулганына жеңилдей түштү. Бирок Назиктин мындан ары кандай кадам жасарына көзү жетпеди. Анын ата-энеси укса чоң чыр чыгышы да мүмкүн. Бирок, Бурул ушул бойдон күтүп турууну чечти. Башка аргасы да жок эле.

Улан кечинде бутуна тура албагандай ичип келип, абдан чоң чыр чыгарды. Ашканада идиш-аякты талкалап, стулдарды туш келди ыргытып, терезелерди сындырды.

– Мына, силер тилегиңерге жеттиңер,– деди. Ал Назиктин ага турмушка чыгуудан баш тартканын, боюнда бар деп алдап койгонун, ал Уландын атасынын кызматына, байлыгына кызыкканын, бирок андан да бай жигит тапканын айтып, кат жазганын, Назиктин каякка кеткени белгисиз экенин, үйүндөгүлөр да, курбу кыздары да кайда кеткенин билбегенин айтып, ага ишенгенин, аны сүйгөнүн, көрсө Назиктин көп шерменделердин бири экенин айтып, түн бою ата-энесинин тынчын алды. Эгер ал колума тийсе, өз колум менен өлтүрөм,– деп жөөлүп чыкты Улан.

Бурул менен Мухтар Назиктин ыр-чыры жок Улан-дын жолунан кетип калганына сүйүнүшүп, бир чети ише-

ниппеди дагы. Мухтар Бурулдун Назикке жолукканын айтпай, ал өзү кетип калды деген ойдо калсын деди.

– Ичиндеги баласы менен каякка кетти экен бечара,– деп ойлоду Бурул ичинен.

Улан ушул күндөн кийин тынбай иче берди. Мухтар айласы кетип, үйлөндүрүп койсок тынчып кетер деген ой менен акырындап айлана-чөйрөсүнөн кыз иликтей баштады. Көп кыздарды көрдү. Азыр Уланга Назиктен ашып түшкөн кыз таап берүү керек деп ойлоду атасы.

Бир кездерде бирге иштешкен Алым деген досу бар эле. Кийинки кездерде бизнеске өтүп, борборго заңгыраган үй салып, борбордо жашап жатканын жакшы билчү. Алымдын кызы Америкадан окуп келип, борбордо бир чет элдик компанияда иштеп жатыптыр деген жаңылыкты угар замат Мухтар борборго Алым досунукуна келди. Айгүл Зейнеге окшогон каш-кирпиги төгүлгөн сулуу кыз болуптур. Жакса ушул кыз жагат деп ойлоду Мухтар. Алым деле дурусураак жерден куда күтсөм, күйөө балам менин ишимди улантып кете турган тыңыраак жигит болсо деп ойлоп жүргөн. Ага көктөн издегени жерден табылгандай эле болду. Мухтар тойду созбой, тез арада өткөрүү тууралуу сүйлөшүп, үйүнө Айгүлдүн сүрөтүн алып кайтты. Бурул дагы кыздын сүрөтүн көрүп: «Түзү ийги экен, Улан бул кызга үйлөнсө Назикти унутуп кетээр»,– деп ойлоду.

Эми Уланга Айгүл тууралуу кантип айтышат? Бурул оорумуш болуп, борборго Улан кошо барып, апасын врачка көрсөтүп келмей болду. Улан бул спектаклге чындап ишенди. Апасын аяп, өз кайгысын унутуп койду.

Бурул менен Улан негедир Алымдын үйүнө барып токтошту. Меймандарга чай сунуп, келиңиздер деп турган солкулдаган татынакай шаардык кыз Уландын көзүнө чүрөктөй эле көрүндү.

Алым жубайы экөө Бурулду доктурга өздөрү алпарып келмей болду. Айгүл менен Улан үйдө калды. Назиктин

катынан бери өзүнө келалбай жүргөн Улан Айгүлгө алаксып, шаарды кыдырып, дискотекага да барып келишти.

Эки жаштын бири-бирине көнүп, бири-бирине жагып жатканын байкаган ата-эне өздөрүнчө сүйүнүшүп, той тууралуу аларга айтып, тойдун күнүн белгилөөнү туура тапты.

Улан адегенде эки анжы болуп, Назиктин эмнеге дайынсыз кетип калганын, каттагы сөздөрдү эмнеге өзү айтпагынын эстеп кыжалат болсо, ага бир чети жини да келди. Бир чети Айгүлдөй татынакай, акылдуу, болгондо да окууну Америкадан бүтүп келген кызга үйлөнүп жатканына, болочок кайнатасынын заводу, ишкана, үйлөрүнүн бардыгы жалгыз кызына каларын, ата-энесине да кыздын жагып калганын ойлоп макул болду. Назиктен ашкан сулуу кызга үйлөнөм керек болсо деп ойлонду ичинен.

Той октябрдын 7сине белгиленди. Улан шаарда бир жума жүрүп анан кетээрин айтып кала берди. Бурул үйүнө кубанычтуу кайтты.

Арадан төрт-беш күн өткөн. Мухтар менен Бурул тойго даярданып, үйдөгү чоң бөлмөгө жаштар үчүн диван киргизип жатышкан. Уюлдук телефонун колуна алган Мухтар катып калды.

– Качан, кайда? Улан кайда?

– Эмне болду? Уланга эмне болду? – деди Бурул чебеленип.

– Улан оор жарадар дейт. Бишкектен жаңы чыга бериште авария болуп, ооруканага жеткиришиптир.

Ооруканада эл көп. Ата-энеси самолёт менен келгенче Уланды операция кылышыптыр. Жанында Алым отурган экен.

– Омурткасы сыныптыр. Операциядан жакшы эле чыкты. Эми бардыгы анын ден соолугуна гана байланыштуу. Бирок баарына даяр болуңуз. Өмүрүн сактап калдык. Балаңыз баспай калышы да мүмкүн, басып кетиши

да мүмкүн. Бул тууралуу ага азырынча айтпай тургула, бардыгы анын өзүнө байланыштуу,– деди врач.

Күндөр өтө берди. Улан жакшы болгону менен үйгө арабада чыкты. Алымдар адегенде ал-жайын тез-тез сурап турушкан. Кийинчерээк четтеп калышты. Айгүл болсо бир-эки жолу ооруканага барган бойдон көрүнбөдү. Улан жакшы болгончо деп тойду Мухтар өзү токтотту.

А-бу дегиче арадан эки жыл өтүп, Улан дагы деле баса албады. Алым ошол бойдон телефондон да сурап койгонго жарабады. Мухтар да унчукпады.

Уландын үмүтү ар бир күн менен үзүлүп, көңүлү чөгүп, өзүн таштап жиберди. Баягы өзүн-өзү ардактап турчу кычыраган Улан жок, сакал-муруту өскөн, кааласа бетин да жуубай коёт. Кээде апасы кийимин алмаштырайын десе да жини келет.

Баласын көргөн сайын ичи эңшерилген Бурулдун ыйлагандан башка аргасы калбады. Назикке эле үйлөндүрүп койгондо, бул кырсык болбос беле. Назик Уланды минтип таштап койбойт эле деген ой көңүлүнөн кетпей койду. Анан Бурул  Мухтарга  айтпастан Назиктин дарегин издетип тапты. Көрсө, Бурул менен сүйлөшкөндөн кийин эле Назик окуусун таштап, Уланга кат жазып коюп, Алма-Атага бир курбусун ээрчип барып иштеп, ошол жерден төрөптүр. Баласын өздөрү жашаган квартиранын ээсинин энесине бактырып, ага акча төлөп турушат экен. Бурул Алма-Атага издеп барды. Шаардын чет жагында квартирада жашашат. Эшиктен кирген аялды Назик кайдан көрдүм эле дегендей бир аз таң калып тиктеп туруп тааный калдыбы, коркуп кетип, баласын кучактай ордунан тура калды. Уландын кичине кезиндегисине окшош бала чоочун аялдан чоочулап, энесинин көкүрөгүнө башын катат.

– Аты ким? – деп сурады Бурул.

– Аты Улан,– деди, Бурулдун эмнеге келгенин түшүнбөгөн Назик. – Бирок, баламды мен сизге бералбайм!

– Жок, кызым. Мен сени баланддан ажыратайын деген ниетим жок. Сенден кечирим сураганы келдим. Кечирип кой, кызым. Мен жерге кирейин. Ушул наристеңдин убалынан коркпой, Улан экөөңөрдү бөлдүм эле. Кудай мени жазалады,– деп ыйлады Бурул. – Улан авария болуп баса албай калды. Мен сени Уланга кайт деп айталбайм. Анткенге акым да жок. Эгер азыр барам десең башыма көтөрүп, келин кылууга ниетим бар. Эч болбосо баланды атасына алпарып көрсөтүп келсең, балким Уланда жашоого үмүт пайда болот беле. Баласы үчүн жашагысы келмек беле, балким айыгып кетер. Айтор бизге жардам бер деп келдим. Мени кечире алсаң, кечир... Кечире албасаң да Уланга жардам бер, кызым...

– Мен сизди эч качан кечирмек эмесмин. Мен сиздей таш боор аялга эч качан келин да болмок эмесмин. Бирок Улан үчүн, балам үчүн гана баратканым эсиңизде болсун! – деди Назик баласынын, өзүнүн кийимдерин чогултуп жатып.

Жанында турган Чынара чебеленип: «Сен эмне жинди болдуңбу. Кечээ баласы соо кезинде, сенин боюңда балаң бар экенин билип туруп, сен кыйналып, жардамга муктаж болуп турганыңда: «Балабызды жайына кой. Биз сени келин кылалбайбыз. Сен бизге тең эмессиң, сен кембагалдын кызысың» дешпеди беле. Эми баласы баспай калганда сен керек болуп калдыңбы! Ошол байынын, шефтеринин кыздарын алып бере берсин! Жарым жан майып адамдын сага эмне кереги бар? Араба түртүп жүрөсүңбү? Баланды өзүң эле багып аласың. Назик, эсиңе кел!» – дегенине болбоду.

– Мен аны сүйөм, Чынара! Ал мени таштайын деген эмес! Кетеримди билгенде ал эч качан коё бермек эмес. Ал мени жан дили менен сүйчү. Андан мен апасы, атасы үчүн кетип калгам. Мен сага ыраазымын. Эмне кыларым билбей, эсим ооп турганда жардам бердиң. Сен болбогондо баламды да багалмак эмесмин. Бирок, Улан мага бүгүн

муктаж, мен аны жарым жолго таштап кете албайм, кечир досум,– деп машинага отурду.

Назик келгенде, Улан короодо арабасында шылкыйып отуруптур. Апам келди да дедиби, башын да көтөрбөдү. Анан Назик анын далысына колун койгондо карай салып, адегенде таң калды, анан...

* * *

Улан Назигин кечирди. Бурул, Мухтар, Назик чогуу отуруп, Бурул ошондо Назикке жолугуп эмне дегенин, анан Назиктин кат жазганын айтып, Бурул Уландан да, Назиктен да кечирим сурады.

Назик келгени бул үйдө жашоо кайрадан уланып, күлкү пайда болду. Уландын көңүлү ачылып, уулун ойнотот, айыгууга далалаттана баштады. Назик экөө тамашалашат, массаж жасашат, врач келет. Күндөрдүн биринде Улан таканчыктап бутуна турду. Ошол күндөгү кубанычты айтпа. Баарынан Назик укмуш сүйүндү. Жыл айланбай Улан басып кетти.

## АПАМА БАРАТАМ

*(Аңгеме)*

Күлүмкан эжем телефон чалып ыйлады.

– Апам дагы карылар үйүнө кетип калды, эмне кылабыз? Салкын эжем ошондон бери кан басымы көтөрүлүп, төшөктө жатат, үйдөн эшикке чыгалбай калыптыр. Мен барып апамды үйгө жүрүңүз? – деп жалдырасам да болбой койду. «Силердин эрлериңердин көзүн карап отургуча, бул жерде өзүм теңдүүлөр менен ээн-эркин сүйлөшүп, кеңири басам. Анын үстүнө чал таап алдым, ошого тийип алам» деди,– деп эжем ыйласа, ордумда чыдап туралбадым.

– Эртең карылар үйүнөн Бишкекке алып келип алам, кабатыр болбо,– деп жубаткан болдум.

Чынын айтсам, апамды үйүмө алып келейин деген оюм деле жок болчу. Курулушу бүткөнү менен ички иштери бүтө элек үйүмдүн иши али көп. Анын үстүнө бала кезимде энелик мээримин көрбөгөндүктөнбү, же кыялынын чатактыгынанбы, көңүлүм катуу калыптыр. Айтор баарыбыз тең эле аны элден уялганыбыздан урматтамыш болобуз. Кийим сатып беребиз, жеп-ичем дегенинен кем кылбайбыз. Бирок, бизде чын дилинен үзүлүп түшкөн эне-баланын ортосундагыдай чыныгы ысык мамиле эч качан болгон жок.

Мен апамды ойлосом эле көз алдыма Күлүмкан экөөбүздү тепкилеп урган, көрүнгөн эркек кол аарчы катары көргөн жеңил баа аял элестейт. Канчалык өзүмдү

зордосом да, жаман болсо да ал менин энем, жакшы энесин мага бирөө берет беле деп өзүмдү бекем ынандырсам да, жүрөгүм жылыбады.

Эми карылар үйүнө жөнөйүн деп турсам, үйгө Назгүл келип калды. Неберем Аксаамай дарбазаны ачты эле, аны карап туруп, өз балалыгын эстеп божурап кетти. Назгүл апасынын бала кезинде аны кандай жакшы көргөнүн, бактылуу балалыгы жөнүндө айтып, куурчактары азыр да бар экенин жобурады.

Мен унчукпай угуп отурдум. Анан бала кезимдеги аянычтуу күндөрүм эсиме түшүп, көзүмө жаш тегеренип кетти.

Чынын айтсам, мен бала кезимди эстегим келбеди. Ошол жүрөгүмдүн үшүн алган суук күндөргө эч качан кайткым келчү эмес. Биз баладай болуп ойногонбузбу, билбейм. Менин куурчагым болгон эмес, кыздардын куурчактарына абдан кызыгаар элем. Бирок балалыгымды бир аз ойлоно калсам эле, көз алдымда бир коркунучтуу окуя элестеп, коркуп кетчүмүн. Апам эки жакка көп кеткендиктен, үйдө көбүнчө Күлүмкан эжем экөөбүз калчубуз.

Бир күнү көз байланып калганда элүүлөргө чыгып калган лөкүйгөн Өсөр деген киши мас болуп келип, эшикти ачкыла деп ургулап, тепкилей баштады. Анан эшикке асылып, сырткы илгичти сындырып, ички илгичти ачалбады. Биз коркуп, кыйкырып ыйлап жатабыз. Бирөө эле угуп койсочу... Кудай жалгап, ички кулпу бекем экен, эшик ачылбады. Ал ошол эшиктин оозуна коңурук тарткан бойдон уктап калып, таң атканда кеткен. Ошол күндү такыр унута албай койдум. Мен беш жашта болсом керек, мектепке бара элек кезим. Үйүбүз дагы айылдын чет жагында, коңшулардын үйлөрү да алыс. Өсөр деген киши апама көп келчү, анын мотоцикли бар эле. Мотоцикли менен бир жактарга да кетишчү. Азыр ойлосом, ошол апам менен көңүлдөш болуп жүргөн кишинин оюу

бузулуп, он эки жаштагы кыздын намысына асылгысы келген көрүнөт. Эгер эшик ачылып кеткенде эмне болмок. Ошол күндү ойлосом азыр да жүрөгүм титирейт.

Ошондо менин курсагым ачып ыйлаганда, Күлүмкан керебеттин түбүнө түшүп кетип катып, чаң болуп калган нанды таап, үйлөп-үйлөп сууга жибитип берген, өзү жеген эмес.

Угушума караганда, апамдын күйөөсүнүн көзү эртерээк өтүп, апабыз жаш кезинде жесир калыптыр. Беш баланы эптей албай, эки эжебизди, агабыз менен балдар үйүнө өткөрүп, анан аялы төрөбөгөн бирөө нике кыйып алыптыр. Төрөбөгөн байбиче менен оту күйүшпөй, беш айдан кийин Күлүмканды жетелеп үйүнө баса берет. Ошентип мен тууралуу атам билбей калат. Апам менден кутулуунун аракетин кылат. Угушумча апам мени боюнан түшүрүүгө көп аракет кылган. Төрөлгөндөн кийин жерип, ташка бастырып өлтүрүп койсомбу деп аракет кылганын деле мас болсо айта берчү.

Ошентип үйдө Күлүмкан экөөбүз чоңойдук. Сабакка барып-келип эле чай ичип алып тамеки үзөбүз, тамеки тизебиз. Үйүбүздө нан менен чайдан башка нерсе андасанда гана болот. Кээде наны да жок калчубуз. Кокус Күлүмкан үйдү жыйнабай койсо, же бир тапшырмасын чала аткарып койсо, апам тепкилеп уруп, бизди көчөгө кууп жиберчү. Биз огороддун башында элеңдеп отуруп, апам уктаганда, анан келип бүрүшүп жатып калчубуз. Жаш бала деп аяганын, сыртта коркушабы деп кайра издегенин көргөн эмесмин. Өзү түшкө чейин иштейт, биз сабактан келип анан иштейбиз. Түзүк эле акча табат, бирок эч качан балдарым ачкабы, токпу деп тынчсызданып, ойлонуп койгонун көргөн эмесмин. Сени тууган энең жөнүндө жаман сөз айткың келбейт, баарын жашырат эмессиңби. Бирок апам чек дегенди билчү эмес, бизди баласыңбы деп тоотуп да койчу эмес. Күндө башка эркек досу келет. Күлүмкан экөөбүздү аракка, виного, тамекиге жөнөтөт. Акча тиер замат барып өзүнө кийим

сатып алат. Эч качан балдарымдын кийими барбы деп ойлоп койгон аял эмес болчу. Биздин айылда орустар, немистер жашашчу. Орустар өздөрүнүн кыздарынын эски кийимдерин берсе сүйүнчүбүз. Көп учурда нандан бери ошолордон сурап жечүбүз. Алар апамды тилдеп-тилдеп, анан бизге тамак, кийим беришет.

Салкын, Саткын эжем менен агам интернатта окушат. Анда-санда гана келишпесе, алардан кабар алмак тургай, ойлоп деле койчу эмес.

Ошентип биз эптеп чоңоё бердик. Апабыз балдарым бойго жетип калды деп биз жөнүндө кам көрмөк тургай, ойноп-күлүп шапар тээп жүрө берди.

Жупуну турмуш, жетишсиздик адамды басынтып, корунтуп турат эмеспи. Күлүмкан экөөбүз классташтарыбыздын ичинде ошентип басынып чоңойгонубузга карабай жакшы окудук. Аныбыз аз келгенсип апабыздын жаманаттысынан корунуп турчубуз. Күлүмкан мага ата да, эне да, эже да эле. Колумдан жетелеп, ачка калсак мени тойгузуп, анан өзү тамак жечү.

Эсимде, пионердин катарына кабыл алындык. Бардыгынын жагоолору кыпкызыл, жапжаңы. Мага жагоого акча табылбай, Күлүмкан өзүнүн эскирип, тешик-тешик болуп сыя тамган жагоосун жууп, үтүктөп берген. Балдар мени: «Оо жагооңду Москвадан алдырдыңбы?» – деп шылдыңдашканын эстегенде, азыр да ыйлагым келет.

Ошентип күндөр өтө берди. Саткын, Салкын эжемдер окууну бүтүп, турмушка чыгышып, орун-очок алып, бала-чакалуу болуп калышты. Агам жаңылып башка дары ичип алып, оорулуу болуп калды. Күлүмкан да турмушка чыгып, балдары чоңоюп калды. Айткандай эле менин атам сураштырып жүрүп мени таап, 9-класстан баштап мага кийим алып берип, анда-санда келип акча берип кетип жүрдү. Мен кичине боор көтөрүп, атам бар дегендей дердейип калдым. 10-классты бүттүм да, Жалал-Абадка окууга кетип жаткан классташымды ээрчип келип, педагогикалык окуу жайында окуп, ошол жерде кара-суулук бала менен таанышып, турмушка чыктым.

Артымдан сурап келе турган адамым болбогон соң, жарым жылдан кийин күйөөмдү ээрчитип алып Таласка барсам, апам эми Чымкентке күйөөгө тийип кетиптир. Чымкентке да издеп бардым. Чалы базарда жип-шуу, майда нерселерди сатат экен. Өзү үйүн ремонт кылып жатыптыр. Чай ичкиле дей алган жок. Мен күйөөмдүн алдында абдан чүнчүп, абдан кичирейдим. Жээнбек экөөбүз келип ашканадан чай ичтик. Мен ыйлап отуруп, күйөөмө тагдырымды төкпөй-чачпай айтып бердим. Жээнбектин өмүрү кыска экен, аз жашады. Төрт балалуу болдук, бирок бир ирет да «сенин апаң...» – деген сөздү оозуна алган жок. Майдабарат уруш-талашта ошону айтат го деп аябай тынчсызданып жүрдүм. Мен анысына ыраазы болдум.

* * *

Назирага чай берип, апамды алып келгени Таласка кетип жатканымды айтып, жол тарттым. Балким, апам башка аялдардай мээримдүү болгондо, бизге карамдуу болгондо, тагдыры башкача болмок, балким ал бизди сүйүп чоңойткондо, биз да балким ансыз жашай алмак эмеспиз. Балким... балким – деп ойлой бердим. Көзүмдөн жаш куюла берди. Канткен менен ал менин апам, канткен менен ал бизге бул жарык дүйнөдө жашоо бактысын тартуу кылган,– деген ой менин бардык жек көрүүлөрүмдү, аянычтуу эскерүүлөрүмдү жеңип, ушунча баласы туруп, энеси карылар үйүндө жүрсө, ошондон ашык кордук барбы деген ой менин буга чейин бир да жолу өксүү көрбөгөн өмүрүм болуп, эч качан энеден ачуу сөз укпаган, анын жаман жагын да көрбөгөн, күзгү желге дирилдеген жалбырактай кызы болуп, дил тозогунан бошонуп күйүп-жанып ашыга апама баратам. Тезирээк жетсем экен деп, тезирээк көрсөм экен деп дилимден ыйлап, дилимден түтөп апама баратам. Апама гана, апа, апама жалгыз баратам... Ал кетпейм десе да алып кетем, баары бир алып кетем.

# УУРДАЛГАН ИШЕНИМ

*(Аңгеме)*

– Улан, Бакыт!

Ысык нанга жаңы каймакты сүйкөп чай берип, курсагын тойгузуп коёюн деген Нурзат үйдү айланып, балдарды таппай калды.

– Ээ, Эрмек. Улан менен Бакытты таап келчи, ысык өтүп кетпесин. Курсактары ачты го,– деди он эки жашар баласына. Азыр эле велосипедин оңдоп бүткөн Эрмек колун жууп, балдарды чакырууга кетти.

Нурзат дүпүйгөн өрүктүн түбүндөгү сөрүгө дасторкон салып, ысык нан, жаңы тартылган каймак койду. Муздаткычтагы торттон кесип, тарелкага салды да, кайра ойлоно калды. Кой, муну азыр берсем, тамак жебей коюшат, анан берейин деп торттун кесиндисин кайра салып койду.

«Эрмек дагы кечикти, бул экөө алыс кетпей ойноочу эле. Кошуналардын үйүнө кирип кетти бекен?» – деп койду өзүнчө. Кыйлада Эрмек келип, балдарды эч жерден таппаганын айтты. Үйдө Нурзат менен Эрмек эле болчу. Экөө кошуналардын баарын кыдырып сурап чыгышты. Эч жерде жок. Тынчы кеткен Нурзат үйдөн ылдыйраактагы паркты да кыдырып, сурап жүрдү. Улам убакыт өткөн сайын өзүн жоготуп, көңүлү уйгу-туйгу боло берди. Бирок үмүтү үзүлгөн жок. Өткөн-кеткенден эки баланы – алты жаштагы балдарды көрбөдүңүзбү деп сурап да, ыйлап да жүрдү. Күн бата баштаганда гана эсине келип, кайра үйүнө чуркады. Дарбаза ачык, эч ким жок эле. Быйыл эле курулушу бүткөн келишимдүү заңгыраган

Артымдан сурап келе турган адамым болбогон соң, жарым жылдан кийин күйөөмдү ээрчитип алып Таласка барсам, апам эми Чымкентке күйөөгө тийип кетиптир. Чымкентке да издеп бардым. Чалы базарда жип-шуу, майда нерселерди сатат экен. Өзү үйүн ремонт кылып жатыптыр. Чай ичкиле дей алган жок. Мен күйөөмдүн алдында абдан чүнчүп, абдан кичирейдим. Жээнбек экөөбүз келип ашканадан чай ичтик. Мен ыйлап отуруп, күйөөмө тагдырымды төкпөй-чачпай айтып бердим. Жээнбектин өмүрү кыска экен, аз жашады. Төрт балалуу болдук, бирок бир ирет да «сенин апаң...» – деген сөздү оозуна алган жок. Майда-барат уруш-талашта ошону айтат го деп аябай тынчсызданып жүрдүм. Мен аңысына ыраазы болдум.

* * *

Назирага чай берип, апамды алып келгени Таласка кетип жатканымды айтып, жол тарттым. Балким, апам башка аялдардай мээримдүү болгондо, бизге карамдуу болгондо, тагдыры башкача болмок, балким ал бизди сүйүп чоңойткондо, биз да балким ансыз жашай алмак эмеспиз. Балким... балким – деп ойлой бердим. Көзүмдөн жаш куюла берди. Канткен менен ал менин апам, канткен менен ал бизге бул жарык дүйнөдө жашоо бактысын тартуу кылган,– деген ой менин бардык жек көрүүлөрүмдү, аянычтуу эскерүүлөрүмдү жеңип, ушунча баласы туруп, энеси карылар үйүндө жүрсө, ошондон ашык кордук барбы деген ой менин буга чейин бир да жолу өксүү көрбөгөн өмүрүм болуп, эч качан энеден ачуу сөз укпаган, анын жаман жагын да көрбөгөн, күзгү желге дирилдеген жалбырактай кызы болуп, дил тозогунан бошонуп күйүп-жанып ашыга апама баратам. Тезирээк жетсем экен деп, тезирээк көрсөм экен деп дилимден ыйлап, дилимден түтөп апама баратам. Апама гана, апа, апама жалгыз баратам... Ал кетпейм десе да алып кетем, баары бир алып кетем.

# УУРДАЛГАН ИШЕНИМ

*(Аңгеме)*

– Улан, Бакыт!

Ысык нанга жаңы каймакты сүйкөп чай берип, курсагын тойгузуп коёюн деген Нурзат үйдү айланып, балдарды таппай калды.

– Ээ, Эрмек. Улан менен Бакытты таап келчи, ысык өтүп кетпесин. Курсактары ачты го,– деди он эки жашар баласына. Азыр эле велосипедин оңдоп бүткөн Эрмек колун жууп, балдарды чакырууга кетти.

Нурзат дүпүйгөн өрүктүн түбүндөгү сөрүгө дасторкон салып, ысык нан, жаңы тартылган каймак койду. Муздаткычтагы торттон кесип, тарелкага салды да, кайра ойлоно калды. Кой, муну азыр берсем, тамак жебей коюшат, анан берейин деп торттун кесиндисин кайра салып койду.

«Эрмек дагы кечикти, бул экөө алыс кетпей ойноочу эле. Кошуналардын үйүнө кирип кетти бекен?» – деп койду өзүнчө. Кыйлада Эрмек келип, балдарды эч жерден таппаганын айтты. Үйдө Нурзат менен Эрмек эле болчу. Экөө кошуналардын баарын кыдырып сурап чыгышты. Эч жерде жок. Тынчы кеткен Нурзат үйдөн ылдыйраактагы паркты да кыдырып, сурап жүрдү. Улам убакыт өткөн сайын өзүн жоготуп, көңүлү уйгу-туйгу боло берди. Бирок үмүтү үзүлгөн жок. Өткөн-кеткенден эки баланы – алты жаштагы балдарды көрбөдүңүзбү деп сурап да, ыйлап да жүрдү. Күн бата баштаганда гана эсине келип, кайра үйүнө чуркады. Дарбаза ачык, эч ким жок эле. Быйыл эле курулушу бүткөн келишимдүү заңгыраган

кыш үйү да, күндө көзүнө жылуу көрүнчү таш короосу да көзүнө суук көрүнүп кетти.

Нурзаттын ыйлап жүргөнүн көргөн кошуналары чогулуп, эмне болгонун сурай башташты.

Ылдыйкы үйдөгү байбиче акыл-эстүү аял эле.

– Ооой, Нурзат айланайын. Балким балдар адашып калышкандыр. Күйөөңө телефон чалып чакыр. Тиги абысының кайда эле. Аларга да кабар бер. Калп эле ыйлай бересиңби. Ботом, ыйдын арты жаман болот, жакшылыкты ойлосоң. Өзүңдү колго ал. Балдар ойноп бир жакка кетишкендир,– дегенде гана эсине келип, Аскардын телефонуна чыгып, балдарды эч жерден таппай жаткандыгын кабарлады.

Жарым саатка жетпей Аскар жетип келди. Кайнагасы да аялы менен баласын ага таштап, мейманга кетишти эле, алар да келишти. Үйдүн айланасын, парк, коңшуколоңду, айтор баарын тытып издешти. Бир киши түшкө жакын эки баланы бир чоң эле киши велосипедке бирин өңөрүп, бирин учкаштырып парк тарапка кетип жатканын айтты. Милиция кызматкерлери да түрө кыдырып, таппай жатышты. Нурзат да, кайнагасынын аялы Аида да боздоп ыйлай беришип, үндөрү чыкпай калды.

Адегенде бүт шаарды түрө кыдырып, сурабаган киши калбады. Күндөр өтө берди. Балдар жоголгон күнү чогулган туугандар да, коңшулар да акырындап үйлөрүнө тарап, Аскар менен Айбек гана күдөр үзбөй эшик алдында отурушат. Шырп деген дабыш чыкса балам келип калдыбы деген үмүт менен гана жашап калган Нурзат менен Аида күндөн-күнгө соолгон гүлдөй – өңдөн кетип баратышты. Аида адегенде абысынын абдан жек көрдү. Атайын баламды адам деп таштасам,– деп кыжыры келип, аны көргүсү да келбей жүрдү. Анан анын да баласы жоголгонун, ал бечаранын абалын көрүп кайра аяды. Ачуу үстүндө түрдүү ой да келет экен, түрдүү сөз да чыгат турбайбы. Нурзат бардык кубанычы, үмүтү Улан ме-

нен кошо кеткендей, баласынын сөзүн, үнүн, күлгөнүн эстеп жанчылып, эшиктен көзүн албайт.

Эси кетип, эмне кыларын билбей, сакал-муруту өсүп турган Аскардын жанына эч ким даап келалбады. Жалгыз гана төмөнкү үйдөгү өзбек коңшусу Жоробай аксакал келип, Аскар менен Айбекти жубатып сөзгө тартат. Аскар да сакалдуу башы менен келип отурса деп уялганынан аны менен сүйлөшөт. Ал эки бир тууганды жубатып, кандай аракет кылып жатышканын сурап, кеп-кеңешин айтып, намаз окуу мезгилинде гана кетет. Аскар Жоробай акеге ыраазы болуп жүрдү.

Балдарынын сүрөттөрүн телеберүүлөрдөн тынбай бердирип, газеталарга да чыгарышты. Сүйүнчүсүн да тынбай айтып, издөө сала беришти. Үмүт эч качан өчпөйт турбайбы. Балдар кээде Бишкекке, Алма-Атага бирөөлөрдү ээрчип кетип калышат экен дегенди укса, ишеним байлап, балким менин балам да бир жерде жүргөндүр деп тынчый түшүшөт .

Телефондо тамырын тартып, акчасын алып алайын дегендер да көп болду.

– Эгер балдарымды колума алам десеңер, парктын чет жагындагы таштанды ыргытуучу жашикке 1 млн. сом таштайсыңар,– деди бир күнү телефондон бирөө.

– 500 миң сомду автовокзалдагы отургучка таштайсыңар, мен сага телефон чалам,– дегендер да болду.

– 50 миң долларды даярда, кайсыл жерде жолугабыз, мен өзүм телефон чалам,– дегендер да болду. 1 млн. сурагандар бир канча ирет телефон чалышты.

– Бардык маалыматты мага айтып туруңуз,– деди шаардык ички иштер башкармасынын начальниги. Балдарынын өмүрү үчүн тынчсызданган Аскар менен Айбек тууган-туушкан, дос-жородон карыздап 1 млн. сом чогултуп, парктын жанындагы таштанды үчүн коюлган жашикке да салышты. Жашикти милиция кызматкерлери көзөмөлгө алышты. Бирок негедир акча үчүн эч ким

келген жок. Эки-үч ирет ушундай болду. Анан милиция кызматкерлери жашикте акча бар экенин үчүнчү бирөөгө айткансың, кимге деп бир туугандарды кысымга ала башташты.

Аскар агасы Айбекке жана Жоробай аксакалга айтканын эстеди. «Балким Жоробай аке...» – деп алып, кайра өзүн-өзү тилдеди. Пайгамбар жашындагы аксакалдан шек санаганына өзү да уялып, ал киши келгенде көзүнө карай албай да жүрдү.

Ал мезгил ичинде акчаны бул жерге, ал жерге алып кел деген телефон чалуулар боло берди. Бирок негедир коркуп, акча үчүн эч кимиси келген жок.

Жалал-Абад шаарында жай абдан ысык болот эмеспи. Ошондой күндөрдүн биринде милициянын начальниги Аскарга телефон чалып:

– «Кичинекей балдар курорт тарапта ойноп жүрүп, мистенин түбүнөн жаш баланын колу чыгып турганын көрүшүптүр. Аялыңызга да, агаңызга да айтпастан жолго чыгып турсаңыз, биз сизди ала кетели. Балким алар эместир»,– деди.

Мистенин түбүн каза баштагандан эле баласынын көйнөгүн тааныган Аскар эчкирип ыйлап, эси ооп, тез жардам машинасы аны ооруканага алып кетти.

Кичинекей мистенин түбүнөн мешокко салынган эки наристенин жасаты табылды. Тирүүлөй көөмп салганбы, тумчуга баштаганда, чыгып турган колу менен топуракты жанталашып тырмалаптыр, бечара бала.

Аскар кыйлада барып эсине келди. Милиция кызматкерлери мончоктой эки наристенин кыйналып, тирүүлөй мистенин түбүнө көмүлүп өлтүрүлгөнүн ансыз да жанчылып, ыйлай берип алы кеткен энелерине айтууга даай алышпады. Туугандары чогулуп, быйыл эле жаңы бүткөн эки бир туугандын үйүнөн тең ый чыкты.

Бул жарык дүйнөдө эч нерсе көрө элек таптаза эки наристенин сөөгү жерге жашырылды. Ушул күнү кечте

арман менен ыйдан эсин жыя албай жаткан Аскарга 30–40тар чамасындагы бир адам келип, балдарды ошол жоголгон күнү парктан Жоробай аксакалдын улуу баласы ээрчитип бaратканын көргөнүн айтып, анан өз атын эч жерде атабоосун өтүнүп, үйдөн чыгып кетти. Ошол замат келген милиция кызматкерлери Шухратты үйүнөн таба алышпады. Кичүү уулу Тимурду алып кетишти. Тимур эч нерсе билбейм, балдарды көргөн эмесмин. Кошунабыздын балдарына биз кантип тиймек элек,– деп безеленип тана берди.

Милиция кызматында көп жылдардан бери эмгектенип, мындай иштин көбүнүн бетин ачкан Самат Тимурдун үйүнө жөнөдү. Адегенде Жоробай аксакалдын, Тимурдун үйлөрүн абдан карап чыкты.

Шухраттын үйүн диванынын алдынан бери, жер төлөөсүнөн бери карап чыгышты. Мал сарайдын төр жагы караңгы экен. Бурчта жыйылган чөп турат. Чырак менен карап жүргөн Саматтын буту бир нерсеге чалына түштү. Караса, колуна ак кроссовканын бир түгөйү урунду. Бул Уландын жапжаңы кроссовкасы болчу. Тимур адегенде кроссовканын кандайча келип калганын билбей турганын, балким көөнү бузук бирөө алып келип таштагандыр деп танганын уланта берди. Аны менен башка тилде сүйлөшүүгө туура келдиби, айтор эки-үч күндөн кийин гана Тимур Улан менен Бакытты Шухрат велосипед тептирем деп алдап алып келгенин, балдар тамак жебей ыйлай баштаганда, ооздорун скотч менен чаптагандарын, анан бирөөсү эси ооп жыгылып калганда, өлүп калды окшойт деп коркуп кетип, экөөнү тең курорт жактагы мистенин түбүнө көөмүп салгандыгын, аларды көөмп салгандан кийин деле Аскардан акча сурап, телефон чалгандыктарын, атасы Жоробай жаңылыкты айтып келип турганын, катылган акчаны барып алуудан коркушканын, «Аскар менен Айбек экөө тең бизнес кылат. Быйыл тигинтип эки кабаттуу үйлөрдү салышты. Булар-

келген жок. Эки-үч ирет ушундай болду. Анан милиция кызматкерлери жашикте акча бар экенин үчүнчү бирөөгө айткансың, кимге деп бир туугандарды кысымга ала башташты.

Аскар агасы Айбекке жана Жоробай аксакалга айтканын эстеди. «Балким Жоробай аке...» – деп алып, кайра өзүн-өзү тилдеди. Пайгамбар жашындагы аксакалдан шек санаганына өзү да уялып, ал киши келгенде көзүнө карай албай да жүрдү.

Ал мезгил ичинде акчаны бул жерге, ал жерге алып кел деген телефон чалуулар боло берди. Бирок негедир коркуп, акча үчүн эч кимиси келген жок.

Жалал-Абад шаарында жай абдан ысык болот эмеспи. Ошондой күндөрдүн биринде милициянын начальниги Аскарга телефон чалып:

– «Кичинекей балдар курорт тарапта ойноп жүрүп, мистенин түбүнөн жаш баланын колу чыгып турганын көрүшүптүр. Аялыңызга да, агаңызга да айтпастан жолго чыгып турсаңыз, биз сизди ала кетели. Балким алар эместир»,– деди.

Мистенин түбүн каза баштагандан эле баласынын көйнөгүн тааныган Аскар эчкирип ыйлап, эси ооп, тез жардам машинасы аны ооруканага алып кетти.

Кичинекей мистенин түбүнөн мешокко салынган эки наристенин жасаты табылды. Тирүүлөй көөмп салганбы, тумчуга баштаганда, чыгып турган колу менен топуракты жанталашып тырмалаптыр, бечара бала.

Аскар кыйлада барып эсине келди. Милиция кызматкерлери мончоктой эки наристенин кыйналып, тирүүлөй мистенин түбүнө көмүлүп өлтүрүлгөнүн ансыз да жанчылып, ыйлай берип алы кеткен энелерине айтууга даай алышпады. Туугандары чогулуп, быйыл эле жаңы бүткөн эки бир туугандын үйүнөн тең ый чыкты.

Бул жарык дүйнөдө эч нерсе көрө элек таптаза эки наристенин сөөгү жерге жашырылды. Ушул күнү кечте

арман менен ыйдан эсин жыя албай жаткан Аскарга 30–40тар чамасындагы бир адам келип, балдарды ошол жоголгон күнү парктан Жоробай аксакалдын улуу баласы ээрчитип бараткнын көргөнүн айтып, анан өз атын эч жерде атабоосун өтүнүп, үйдөн чыгып кетти. Ошол замат келген милиция кызматкерлери Шухратты үйүнөн таба алышпады. Кичүү уулу Тимурду алып кетишти. Тимур эч нерсе билбейм, балдарды көргөн эмесмин. Кошунабыздын балдарына биз кантип тиймек элек,– деп безеленип тана берди.

Милиция кызматында көп жылдардан бери эмгектенип, мындай иштин көбүнүн бетин ачкан Самат Тимурдун үйүнө жөнөдү. Адегенде Жоробай аксакалдын, Тимурдун үйлөрүн абдан карап чыкты.

Шухраттын үйүн диванынын алдынан бери, жер төлөөсүнөн бери карап чыгышты. Мал сарайдын төр жагы караңгы экен. Бурчта жыйылган чөп турат. Чырак менен карап жүргөн Саматтын буту бир нерсеге чалына түштү. Караса, колуна ак кроссовканын бир түгөйү урунду. Бул Уландын жапжаңы кроссовкасы болчу. Тимур адегенде кроссовканын кандайча келип калганын билбей турганын, балким көөнү бузук бирөө алып келип таштагандыр деп танганын уланта берди. Аны менен башка тилде сүйлөшүүгө туура келдиби, айтор эки-үч күндөн кийин гана Тимур Улан менен Бакытты Шухрат велосипед тептирем деп алдап алып келгенин, балдар тамак жебей ыйлай баштаганда, ооздорун скотч менен чаптагандарын, анан бирөөсү эси ооп жыгылып калганда, өлүп калды окшойт деп коркуп кетип, экөөнү тең курорт жактагы мистенин түбүнө көөмүп салгандыгын, аларды көөмп салгандан кийин деле Аскардан акча сурап, телефон чалгандыктарын, атасы Жоробай жаңылыкты айтып келип турганын, катылган акчаны барып алуудан коркушканын, «Аскар менен Айбек экөө тең бизнес кылат. Быйыл тигинтип эки кабаттуу үйлөрдү салышты. Булар-

келген жок. Эки-үч ирет ушундай болду. Анан милиция кызматкерлери жашикте акча бар экенин үчүнчү бирөөгө айткансың, кимге деп бир туугандарды кысымга ала башташты.

Аскар агасы Айбекке жана Жоробай аксакалга айтканын эстеди. «Балким Жоробай аке...» – деп алып, кайра өзүн-өзү тилдеди. Пайгамбар жашындагы аксакалдан шек санаганына өзү да уялып, ал киши келгенде көзүнө карай албай да жүрдү.

Ал мезгил ичинде акчаны бул жерге, ал жерге алып кел деген телефон чалуулар боло берди. Бирок негедир коркуп, акча үчүн эч кимиси келген жок.

Жалал-Абад шаарында жай абдан ысык болот эмеспи. Ошондой күндөрдүн биринде милициянын начальниги Аскарга телефон чалып:

– «Кичинекей балдар курорт тарапта ойноп жүрүп, мистенин түбүнөн жаш баланын колу чыгып турганын көрүшүптүр. Аялыңызга да, агаңызга да айтпастан жолго чыгып турсаңыз, биз сизди ала кетели. Балким алар эместир»,– деди.

Мистенин түбүн каза баштагандан эле баласынын көйнөгүн тааныган Аскар эчкирип ыйлап, эси ооп, тез жардам машинасы аны ооруканага алып кетти.

Кичинекей мистенин түбүнөн мешокко салынган эки наристенин жасаты табылды. Тирүүлөй көөмп салганбы, тумчуга баштаганда, чыгып турган колу менен топуракты жанталашып тырмалаптыр, бечара бала.

Аскар кыйлада барып эсине келди. Милиция кызматкерлери мончоктой эки наристенин кыйналып, тирүүлөй мистенин түбүнө көмүлүп өлтүрүлгөнүн ансыз да жанчылып, ыйлай берип алы кеткен энелерине айтууга даай алышпады. Туугандары чогулуп, быйыл эле жаңы бүткөн эки бир туугандын үйүнөн тең ый чыкты.

Бул жарык дүйнөдө эч нерсе көрө элек таптаза эки наристенин сөөгү жерге жашырылды. Ушул күнү кечте

арман менен ыйдан эсин жыя албай жаткан Аскарга 30–40тар чамасындагы бир адам келип, балдарды ошол жоголгон күнү парктан Жоробай аксакалдын улуу баласы ээрчитип баратканын көргөнүн айтып, анан өз атын эч жерде атабоосун өтүнүп, үйдөн чыгып кетти. Ошол замат келген милиция кызматкерлери Шухратты үйүнөн таба алышпады. Кичүү уулу Тимурду алып кетишти. Тимур эч нерсе билбейм, балдарды көргөн эмесмин. Кошунабыздын балдарына биз кантип тиймек элек,– деп безеленип тана берди.

Милиция кызматында көп жылдардан бери эмгектенип, мындай иштин көбүнүн бетин ачкан Самат Тимурдун үйүнө жөнөдү. Адегенде Жоробай аксакалдын, Тимурдун үйлөрүн абдан карап чыкты.

Шухраттын үйүн диванынын алдынан бери, жер төлөөсүнөн бери карап чыгышты. Мал сарайдын төр жагы караңгы экен. Бурчта жыйылган чөп турат. Чырак менен карап жүргөн Саматтын буту бир нерсеге чалына түштү. Караса, колуна ак кроссовканын бир түгөйү урунду. Бул Уландын жапжаңы кроссовкасы болчу. Тимур адегенде кроссовканын кандайча келип калганын билбей турганын, балким көөнү бузук бирөө алып келип таштагандыр деп танганын уланта берди. Аны менен башка тилде сүйлөшүүгө туура келдиби, айтор эки-үч күндөн кийин гана Тимур Улан менен Бакытты Шухрат велосипед тептирем деп алдап алып келгенин, балдар тамак жебей ыйлай баштаганда, ооздорун скотч менен чаптагандарын, анан бирөөсү эси ооп жыгылып калганда, өлүп калды окшойт деп коркуп кетип, экөөнү тең курорт жактагы мистенин түбүнө көөмүп салгандыгын, аларды көөмп салгандан кийин деле Аскардан акча сурап, телефон чалгандыктарын, атасы Жоробай жаңылыкты айтып келип турганын, катылган акчаны барып алуудан коркушканын, «Аскар менен Айбек экөө тең бизнес кылат. Быйыл тигинтип эки кабаттуу үйлөрдү салышты. Булар-

да миллион бар, баласын уурдасаң, акчасын өз колдору менен алып келип берет» – деп Шухрат айтканын айтты.

– Биз балдарды өлтүрөлү деген эмеспиз, бирөөсү өзү өлүп калды, анан биз коркуп кетип, экинчисин да көөмп салдык,– деди Тимур.

– Бакыт көп ыйласа талмасы кармап калчу эле, бул айбандар экөөнү тең тирүү бойдон көөмп салган турбайбы,– деп Аида боздоп турду. Шухрат Россияга качып кетип баратып, жолдо авария болуп каза болду.

Сот залынан жетимиштен ашып калган ак сакалдуу Жоробай, Тимур экөө бири он эки, бири он жылга эркинен ажыратылды.

Ушул окуядан кийин булардын көчөсүндө эч ким баспай калды. Көчө жетим баладай томсорот. Соттолгондордун балдары калды. Эки бир туугандын мончоктой наристелери бул жарыкчылык менен кош айтышты. Эки эне бир күндө боздоп, Жоробай акенин бала-чакасын коңшу-колоңдун баары жектеп, «канкорлор» деген ат коюшту. Бир жылга жетпей Жоробай чалдын байбичеси балдары менен үйлөрүн сатып, башка жакка көчүп кетишти.

Баласы жоголгондо Нурзаттын түшүнө уулу кириптир.

– Жоробай аксакалдын үйүнө эле кача берчү. Көрсө менин өлүмүмө ушулар күнөөлүү. Ушул жактан издегиле дечү тура,– дейт уулунун өлгөнүнө али да ишенбеген, үмүтү үзүлбөгөн эне бечара.

Эки үйдүн алдында эки көчөт тигилди.

– Жоробай акени аксакал деп атабыздай ардактачу эмес белек, сакалың өрттөнүп калгыр. Биздей боздоп калгыла,– деп каргады ишенимин уурдаткан Нурзат аргасыздан...

## ТАГДЫР

*(Өң тааныш келиндин баянынан)*

Жашы кыркка эми гана таяганы менен жүзүндөгү бырыштардын жыштыгын күзгүдөн көргөн сайын Бааркүлдүн жүрөгү сыздап, эрте карып кеткенине ичи туз куйгандай ачышат.

Кандай гана кыз эле, чиркин... Аппак жүзүнө мөлтүрөгөн капкара көзү, чийип койгондой тептегиз коюу кашы жарашып, наристеникиндей назик, мала кызыл эриндери бөрсөйүп, ансыз да сулуу жүзүн көрккө бөлөп турчу эмес беле.

Бой тарта баштагандан эле Бааркүлдүн ай чырайына сугун артып, келин кылып алсам деп Сагындын үйүн сагаалагандар көп болду.

Көркөмүнө көз салгандардын көптүгүнөнбү, Бааркүл кичинесинен эле текебер өстү. Балдардын баарын чакмак ойноп, бирине шоколад алдырып, бирине Кока-Кола, экинчисин кафеге сындырып, айтор, классындагы кыздардын ичинде Бааркүлдүн баа-баркы жогору болчу. Мугалимдер өздөрү деле ал кыздын окууга анча көңүлү жок экенин көрүп турушса да, оозунан жооп чыгып-чыга электе эле жакшы баа коюшчу. Өзгөчө агайлар, чоң эле агайлар дагы Бааркүлгө сук артып, жутуп жиберчүдөй тиктешчү. Бааркүл анча акылдуу болбосо да, бардыгы анын көзүнө карай бергендиктен, өзүн мектептин ханышасындай эрке сезчү.

Анан мектепти бүтүп, борборго келди. Университетке экзамен тапшырууда деле ошондой болду. Документ-

терин тапшырганча мындайыраак таякесиникинде жашады. Анан жатаканага келген күнү эле үчүнчү курсту бүткөн Асан аттуу бала менен таанышып алды. Асан татынакай кыздын көзүнүн агы менен айланып, мугалимдер менен сүйлөшүп экзамендеринин баарынан төрт койдуруп берди. Өңү-түсү анча болбогону менен Асан бардар үй-бүлөнүн баласы болчу.

– Бакы, окууга деги өттүң, жүрү, эми студенттерге сабак башталганча Ысык-Көлгө чогуу барып, эс алып келели. Ата-энеңе ишке жөнөттү дебейсиңби,– деп кыздын жанын койбоду Асан. Бааркүл адегенде «апам урушат»,– дегени менен өзү көңүлдөнүп, кыйылып турду. Биринчиден, Асандын экзамендерден жардам бергенине өзүн ага милдеттүүдөй сезсе, экинчиден, Ысык-Көлдү көргүсү келди. Анын үстүнө Бааркүл жалгыз эмес экен, дагы үч кыз кетип жатыптыр. Апасынын «балдардан сак бол, абийириңди сакта»,– деген сөзү көңүлүндө турса да, Асанга ишенип, Ысык-Көлгө кетти. Асан, үч досу, үч кыз, Бааркүл болуп Тамчыга кеч кире баштаганда жетип келишти. Балдар тез эле көлгө жакыныраак жерден төрт бөлмөлүү квартира таап келишти.

Бирге келген кыздар сууда мыкты сүзүшөт экен. Бааркүл көбүнчө суу далысынан өткөн жерден ары баспайт. Жээкке чыгат, күнгө денесин кактайт, кечкурун бардыгы көл жээгинде ойношот. Күндөр көңүлдүү өтүп жатты. Бул күндөрдүн ичинде Бааркүл Асанга кадимкидей көнүп калган. Күндөрдүн биринде Нуриянын туулган күнү болуп, бирге келген кыздар шыңгытып арак ичип отурушту. Бааркүлдүн ой-боюна койбой, «сен эч нерседен коркпо, биз сенин жаныңда турбайбызбы, Асанга эмне ишенбейсиңби. Биз деле иччү эмеспиз, анда-санда көңүл ачуу керек, сен эми студент болдуң»,– деп жатышып аны ичиришти. Анан Асан экөө көл жээгинде басып жүрүшкөнүн, бир кезде башы айланып, көңүлү айнып кеткенин элес-булас билет. Бир убакта башын көтөрсө

Асан экөө көл боюнда жатышыптыр. Кандай ордунан чыңырып турганын өзү да байкабай калды. Эчкирип, озондоп ыйлады. Суугa чөгүп кеткиси да келди. Асан Бааркүлдөн кечирим сурап, анын жаман ою жок экенин, бул кокустук болгонун айтып, аны сүйөөрүн, ага сөзсүз үйлөнөөрүн айтып, кызды сооротуп отурду. Бааркүлдүн кабагы ошол бойдон ачылбады.

Досторун таштап, Асан менен Бааркүл эртеси Бишкекке кайтышты. Асан кызды Бишкектеги өзү жашаган үйгө алып келди. Үйдө ал жалынып-жалбарып, ага сөзсүз үйлөнө турганын айтып, ата-энеси ага бир досунун кызын кудалап коюшканын, ал адегенде ата-энесин көндүрүш керек экенин, анын үстүнө Бааркүл эч болбосо биринчи курсту бүтүшү керек экенин түшүндүрүп, бир жылдан кийин үйлөнөлү, азыр сен Таласка үйүңө барып сентябрда кел, экөөбүз ушул үйдө жашайбыз, мен бешинчи курска жеткенде, экөөбүз үйлөнөбүз, сен мага ишенесиңби, макулсуңбу,– деп эркелетип, өпкүлөп жубаткан.

Бааркүл эмне дээрин билбеди. Намысын жоготконуна өкүнүп, Асанга ишенээрин да, ишенбесин да билбей турду. – Жок, азыр мага үйлөн,– деп кантип айтат эле? Бирок жүрөгү бир жамандыкты сезгендей көңүлү сыздап турду. Бирөөгө алданып көрбөгөндүктөнбү, Асандын сөздөрүнө ишенди. Башка аргасы жок болчу. Үйүнө барганы менен көңүлү ачылбады, апасына да эч нерсе айта алган жок.

Сентябрь айы болчу. Окуу башталганда Асанга жолугууну дегдеп, ал мени ошол үйгө алып кетет, анан биз бирге жашайбыз үйлөнгөнчө деп ойлоп ашыгып келген. Бирок, ал издеп келбеди. Өзү Асандын баягы үйүнө издеп баралган жок. Өзү келээр, биринчи курс кайсыл жакта окуй турганын деги билет, өзү келсин,– деп ойлоп, жатакана алып жашап жүрдү. Кабатырланып күттү. Күндөр өтө берди. Бирок Асандан дайын жок. Өзү издеп баргандан намыстанды. А-бу дегенче бир ай дагы өтүп кетти.

Бааркүлдүн ажарына сугун артып, көлөкөсүнө айланып, сүйүүсүн сунгандар университетте дагы деле көп болду. Бирок, ал эч кимисине көңүл бурган жок, ал эмне көпөлөк беле. Оюнда жалгыз Асан болду. Бирок, ал Асандын жоругуна таң калып, алдандымбы,– деп кыжалат боло баштаган мезгил эле. Күндөрдүн биринде китепканада сабакка даярданып отурган. Аңгыча жанында отурган кыздардын сөзү кулагына шак дей түштү. «Тээтиги жигитти көрдүңбү, ошол Премьер-министрдин кызына үйлөнүптүр. Өңү терс эле кыз болчу, атасынын баркы менен любой кыз өтө берет экен да»,– деди биринчиси.

– Симпатичный бала го,– деди экинчиси. Кыздар көрсөткөн жакты жөн эле карай калса, маңдайында Асан отуруптур. Бааркүл эшикке кантип атып чыкканын өзү да байкабай калды.

– Бакы, түшүнсөң, ата-энем зордоп эле үйлөндүрүштү. Менде башка арга калбады, өзүң билесиң, мен сени гана сүйөм. Бир аз чыдап турсаң, мен аны менен ажырашам, ишен... – деп жебиреп келатты артынан чыккан Асан. Жалбарган сөздөрдүн бири да кулагына кирген жок.

Көчөгө чыгып такси кармады да, Кантта жашаган классташ кызынын үйүнө кетип калды. Бир жума бою ыйлап жатты. Он жыл чогуу окуган классташ кызы Бааркүлдү эч качан мындай абалда көргөн эмес эле, мерт болуп калбаса экен деп коркту. Баарынан кызыгы Бааркүлдүн көңүлү айланып окшуйт. Эркинай Бааркүлдү врачка алпарса, үч айлык боюнда бар болуп чыкты.

– Мына кызык, мына тагдырдын тамашасы! Мен эми кайда барам, бул баланы кайда катам? Эл, ата-энем эмне дейт? – Ушул ойлор Бааркүлдүн мазесин алып, мээсин жеди. – Жок, бул наристе жарык дүйнөгө келалбайт,– деп чечти ал.

– Айланайын кызым,– деди токтолуп калган врач аял. – Сен азыр жаш экенсиң, он гүлүңдүн бири да ачыла элек, жаңылышкандырсың, баланды алдырып дагы

бир ирет жаңылышпа. Биринчи наристесин аборт кылдыргандардын көбү экинчи эне болалбай калышат. Кийин өкүнүп жүрбө, кызым,– деди өз кызындай аяган аял. Айтканынан кайтпаган Бааркүл көшөөрүп жатып баласын тазалатып салды. Окуусун дагы таштап, бир фирмага иштеп кетти.

Фирманын жетекчиси жаш жигит эле, Бааркүлдү көрүп эле эт-бетинен кетип жактырып, артынан калбай ээрчип алды. Турмуштан көңүлү кала түшкөн кыз адегенде аны жанына жакын жолотподу. Анан барып-барып ага көндү. Сапар анын мурунку-кийинки таржымалын да сураган жок. Аны куурчактай аппак кийиндирип, күркүрөтүп той берип үйлөндү. Сапардын достору анын келинчегинин сулуулугуна суктанып, мындай чүрөктү кайдан таптың деп тамаша-чын аралаш Сапарга тийишип жатышты.

Сапардын жылуу мамилеси, эрте-кеч тынбай элжиретип-эркелетип турган сөздөрү анын таштай муздаган жүрөгүн жибитип, көңүлү ачылып, жашоого үмүт байлады. Бири кем дүнүйө демекчи, заңгарыган эки кабат үйүндө эмнелер гана жок? Бирок бул экөөнүн бактысын наристе толуктай албады. Экөө беш жыл бирге жашашса да, балалуу боло алышпады. Балалуу болуш үчүн кайда гана барышпады? Алар көрүнбөгөн врач да, дарыгер да калбады. Жылдар өтө берди. Күтүүдөн үмүтү үзүлсө да Сапар жубайынын көңүлү кала турган сөз айтпады. Андан баш тарта албады. Бирок баары бир баштагыдай эмес, анда-санда үйгө кечигип келип, ичип да жүрдү. Бааркүлдүн «бала багып алсакпы»,– деген сөзүнө да макул болбоду.

Күндөрдүн биринде Сапар үйдө жокто колуна наристе көтөргөн жаш келин келди.

Көзүнүн жашын көлдөтүп туруп, бул сиздин күйөөңүздүн баласы, бирок ал мага эч качан үйлөнө албай тургандыгын айтып, колума акча карматып, экинчи

Ааркүлдүн ажарына сугун артып, көлөкөсүнө айланып, сүйүүсүн сунгандар университетте дагы деле көп болду. Бирок, ал эч кимисине көңүл бурган жок, ал эмне көпөлөк беле. Оюнда жалгыз Асан болду. Бирок, ал Асандын жоругуна таң калып, алдандымбы,– деп кыжалат боло баштаган мезгил эле. Күндөрдүн биринде китепканада сабакка даярданып отурган. Аңгыча жанында отурган кыздардын сөзү кулагына шак дей түштү. «Тээтиги жигитти көрдүңбү, ошол Премьер-министрдин кызына үйлөнүптүр. Өңү терс эле кыз болчу, атасынын баркы менен любой кыз өтө берет экен да»,– деди биринчиси.

– Симпатичный бала го,– деди экинчиси. Кыздар көрсөткөн жакты жөн эле карай калса, маңдайында Асан отуруптур. Баркүл эшикке кантип атып чыкканын өзү да байкабай калды.

– Бакы, түшүнсөң, ата-энем зордоп эле үйлөндүрүштү. Менде башка арга калбады, өзүң билесиң, мен сени гана сүйөм. Бир аз чыдап турсаң, мен аны менен ажырашам, ишен... – деп жебиреп келатты артынан чыккан Асан. Жалбарган сөздөрдүн бири да кулагына кирген жок.

Көчөгө чыгып такси кармады да, Кантта жашаган классташ кызынын үйүнө кетип калды. Бир жума бою ыйлап жатты. Он жыл чогуу окуган классташ кызы Баркүлдү эч качан мындай абалда көргөн эмес эле, мерт болуп калбаса экен деп коркту. Баарынан кызыгы Баркүлдүн көңүлү айланып окшуйт. Эркинай Баркүлдү врачка алпарса, үч айлык боюнда бар болуп чыкты.

– Мына кызык, мына тагдырдын тамашасы! Мен эми кайда барам, бул баланы кайда катам? Эл, ата-энем эмне дейт? – Ушул ойлор Баркүлдүн мазесин алып, мээсин жеди. – Жок, бул наристе жарык дүйнөгө келалбайт,– деп чечти ал.

– Айланайын кызым,– деди токтолуп калган врач аял. – Сен азыр жаш экенсиң, он гүлүңдүн бири да ачыла элек, жаңылышкандырсың, балаңды алдырып дагы

бир ирет жаңылышпа. Биринчи наристесин аборт кылдыргандардын көбү экинчи эне болалбай калышат. Кийин өкүнүп жүрбө, кызым,– деди өз кызындай аяган аял. Айтканынан кайтпаган Бааркүл көшөөрүп жатып баласын тазалатып салды. Окуусун дагы таштап, бир фирмага иштеп кетти.

Фирманын жетекчиси жаш жигит эле, Бааркүлдү көрүп эле эт-бетинен кетип жактырып, артынан калбай ээрчип алды. Турмуштан көңүлү кала түшкөн кыз адегенде аны жанына жакын жолотподу. Анан барып-барып ага көндү. Сапар анын мурунку-кийинки таржымалын да сураган жок. Аны куурчактай аппак кийиндирип, күркүрөтүп той берип үйлөндү. Сапардын достору анын келинчегинин сулуулугуна суктанып, мындай чүрөктү кайдан таптың деп тамаша-чын аралаш Сапарга тийишип жатышты.

Сапардын жылуу мамилеси, эрте-кеч тынбай элжиретип-эркелетип турган сөздөрү анын таштай муздаган жүрөгүн жибитип, көңүлү ачылып, жашоого үмүт байлады. Бири кем дүнүйө демекчи, заңгарыган эки кабат үйүндө эмнелер гана жок? Бирок бул экөөнүн бактысын наристе толуктай албады. Экөө беш жыл бирге жашашса да, балалуу боло алышпады. Балалуу болуш үчүн кайда гана барышпады? Алар көрүнбөгөн врач да, дарыгер да калбады. Жылдар өтө берди. Күтүүдөн үмүтү үзүлсө да Сапар жубайынын көңүлү кала турган сөз айтпады. Андан баш тарта албады. Бирок баары бир баштагыдай эмес, анда-санда үйгө кечигип келип, ичип да жүрдү. Бааркүлдүн «бала багып алсакпы»,– деген сөзүнө да макул болбоду.

Күндөрдүн биринде Сапар үйдө жокто колуна наристе көтөргөн жаш келин келди.

Көзүнүн жашын көлдөтүп туруп, бул сиздин күйөөңүздүн баласы, бирок ал мага эч качан үйлөнө албай тургандыгын айтып, колума акча карматып, экинчи

көзүнө көрүнбөөмдү өтүндү. Ал сизди гана сүйөт экен. Бирок, мен бул баланы багалбайм, сизге бала керек го, багып алыңызчы, эже, мен да өз бактымды таап алайын,– деп баланы колуна кармата салды. Бааркүл эсин жыйганча келин эбак кетип калган болчу.

Эмне кылаарын билбей эси ооп турган Бааркүл наристенин безеленип ыйлаганына чыдай албады. Сапарга телефон чалып, «упчу, бутылка, наристенин сүтүн алып тез кел»,– деди. Адегенде эч нерсеге түшүнбөгөн Сапар аялынын айткандарын алып үйгө келди. Баланын курсагын тойгузган соң, ал окуянын болгонун болгондой айтып, мен сени күнөөлөй албайм, азыр эми бул окуяны талкуулаштын кажети деле жок, Сапар, мен балалуу болалбадым, сен башка бирөөгө үйлөнсөң деле болот эле, андай кылбадың, мен сага ыраазымын, бирок азыр да үйлөнүп балалуу болом десең мен жок дей албайм. Эми бул наристени мен багып алайын, жат эмес. Сенин балаң экен, жок дебе, Сапар» – деп ыйлап турду.

Ошентип кызды багып алышты, Айдай 18 жашка чыгып, бойго жетип турган мезгили. Туубаса да кенедейинен баккандыктан кызын жанынан артык көрөт. Ал чоңойгон сайын «Мен апасымын» деп баягы аял качан келип калаар экен, бирөө кызыма сени апаң багып алган деп коёбу – деген ойдон жүрөгү бырчаланып, түн уйкусу качат. Жакында базардан Асанды көрдү. Ичип кеткен сыяктуу, кийимдери эски, чачтары уйпаланган, кебетесин көрүп өзү да коркуп кетти. Менин тагдырымды талкалап, мени эне болуу бактысынан ажыраткан Асан ушул беле, буга эмне болду экен? – деп ойлоду. Бир чети ага турмушка чыкпаганына ыраазы да болду. Жүрөгү сыздап айды. Канткен менен маңдайыңа эмне жазылган болсо, ошону көрөт окшобойсуңбу... Балким менин убалым тийгендир,– деп да ойлоду.

# ЫРЛАР

## БАКЫТТЫН БИР ТАМЧЫСЫ...

Канчалык мойнума албай тансам деле,
Бактымдын бир тамчысы сен болчусуң,
Жаныма жарык төккөн бир ирмемдин,
Бактылуу бир учкуну сен болчусуң.

Ааламга жарык чачкан күндүн, айдын,
Сынык бир шооласындай жарык элең.
Көркөмдөп көңүлүмө кубаныч бүрккөн
Таптаза наристедей шайыр элең.

Мөңгүдөн түшкөн суудай мөлтүр аккан,
Биз анда тунук элек, тентек элек.
Бактылуу күндүн баркын сезбей калган,
Биз анда бактылуу элек, бактылуу элек.

Өмүргө жарык төккөн бир ирмемдин,
Тамчыдай нур шооласы сен болчусуң.
Жалгыз күн бүт өмүргө азык болгон,
Бактымдын бир тамчысы сен болчусуң...

## АЯЧУМУН

Үшүгөндөй сезилчү эле даракта р,
Көтөрө албай калың кардын салмагын.
Аяз таңда турган сымал дирилдеп,
Аячу элем бутактарын арчанын.

Аячумун кыштын ызгаар таңын да,
Терезем ден тиктеп турган даракты.
Тоңуп, үшүп мен тарапка жалбарып,
Жардам сурап келаткандай каратчу.

Айды аяп, түн кечирген күн болгон,
Кышта суукта сыртта калды жалгыз деп.
Үшүдү го, үйү жокпу айдын деп,
Балалыкта айды аяп, кайгы жеп.

## КҮЧТҮҮРӨӨК ЭКЕН БУЛ ТАГДЫР

Алдыңды тороп бастырбай,
Эркиңди сынайт бул тагдыр.

Байлыкты төгүп жолуңа,
Алкыңды сынайт бул тагдыр.

Дөөлөт берип чирентип,
Акылың сынайт бул тагдыр.

Мээнет артып мойнуңа,
Күчүңдү сынайт бул тагдыр.

Дос алдында басынтып,
Баркыңды сынайт бул тагдыр.

Тамшантып туруп таарынтып,
Таалайың сынайт бул тагдыр.

Чөгөлөтүп алсызды,
Көрөңгөң сынайт бул тагдыр.

Көңүлүңдү оорутуп,
Сөзүңдөн сынайт бул тагдыр.

Жалындап турсаң суу төгүп,
Сүйүүңдү сынайт бул тагдыр.

Күчтүү деп жүрсөм адамды,
Күчтүүрөөк экен бул тагдыр.

* * *

Кирпигиңдин бир талына илинип,
Көз нуруңа байланганым сезбепмин.
Жүрөгүндө жашап жүрүп байкабай,
Жүрөгүңө барчу жолду издепмин...

* * *

Бир өмүр да жетпейт тура чындаса,
Жүрөктү бир тыз эттирген ирмемге.
Бүт өмүрдү жалган жашап өткөнүң,
Түшүнөсүң кээде жалгыз ирмемде.

* * *

Жылдар уурдап жашыңды да, эркиңди,
Турмуш гана кайратыңды мокотот.
Кыйындардын кыйыны да баш ийип,
Бул тагдырдын жазмышынан мокошот.

* * *

Оюм, дүйнөм, баары кетип сен менен,
Көңүлүмдө дегдөө калды сен деген.
Бар бактымды кайда кеттиң азгырып,
Сезимиңде учкун барбы мен деген?

# МЕН СЕНСИЗ...

Мен сенсиз жашап жүрөм жашай албай,
Бир үмүттү көпөлөктөй айланып.
Жетпей келем талпынып сен тарапка,
Өткөн күнгө наристедей алданып...

Бекинип канча жылдын далдаасынан,
Ошол күндөр келет мени азгырып.
Титтип турат дүйнөмдү таанып кыял,
Түгөй жүрөк эми минтип азгырык.

Бул турмушта экөөбүз – эки өйүз,
Үмүттүн көпүрөсү агып кеткен.
Чебеленип жээк бойлоп жүгүрсөк да
Аруу сезим капкачан сууга чөккөн.

## БАКЫТ ЭМНЕ?

Бакыт эмне? Бактылуу ирмемдерби?
Бактылуу болот кимдер? Сүйгөндөрбү?
Түшүнөт сүйүү өртүн кечкен гана
Сүйүүнүн жалынына түшкөндөрдү!

Сүйүү эмне? Жалындаган ирмемдерби?
Жалбырттап жүрөктөрү күйгөндөрбү?
Өрттөнөт бир ирмемге чындай келсе,
Түшүнөт сүйгөн гана сүйгөндөрдү!

Көңүл эмне? Жалын чачкан сыйкыр сөзбү?
Жайдары жүрөгүмө төшөп кетээр.
Жакшы сөз жан дүйнөңө угут болуп,
Гүлдөтүп өмүрүңө түгөл жетээр.

Бакыт эмне? Бактылуу ирмемдерби?
Бактылуу болот кимдер? Сүйгөндөрбү?
Түшүнөт сүйүү өртүн кечкен гана
Сүйүүнүн жалынына түшкөндөрдү!

## БУЛ СҮРӨТТҮ ТАРТКАН ЧЕБЕР КИМ ЭЛЕ?

Билбейм неге түшүптүрмүн каткырып,
Көргөн көздү кубанычка азгырып.
Жакшылыктан ачылгандай жаркыган,
Сүрөттөгү кызды турам жактырып.

Бир өмүргө бир жаралган бактыдай,
Карегиңди карек менен тузактап.
Күндүн нуру андан агып түшкөнсүйт,
Ай, ааламды турган сымал кучактап.

Менби, менби, мен экенмин чын эле,
Бакытыма сыйбай турам тим эле.
Бул ирмемди шап кармаптыр укмуш ай,
Бул сүрөттү тарткан чебер ким эле?

* * *

Тыбырчылап турган жүрөктүн,
Убайымын кайда батырам.
Көңүлдөгү турган санаанын,
Аруу таңын кайда жашырам?

## ЫРААЗЫМЫН ЖОЛУКТУРГАН ТАГДЫРЫМА

Сени мынча абайлайм да, аяймын,
Тагдырыма келгенденби кечигип.
Таарыныч да ыраа көрбөйм өзүңө,
Убайымдуу күндүн баарын кечирип.

Улам, улам ойлой берем чарчабай,
Уйку бербес түндүн баарын кечирип.
Бар бактыма ишене албайм азыр да,
Көңүлүмдө сенин табың сезилип.

Көзүм жумсам көз карашың сезилип,
Кубанчыма сыйбай кетем азыр да.
Жолугам деп ойлобопмун эч качан,
Ыраазымын жолуктурган тагдырга.

Жалгыз мага ыйгарылган байгедей,
Башкача бир болуп турам бактылуу.
Жамгыр төгүп, жарк деп тийген күн сымал,
Жамалыңдан туюп турам бактымды.

## КУРСТАШТАРГА ЖОЛУККАНДА

Шарактаган шайыр бойдон, жаш бойдон,
Мен силерди ойлоп жүрө берипмин.
Солкулдаган сонун кыздар келет деп,
Кучагына гүл батпаган курсташтар,
Кучак жайып, жүзүбүздөн сүйөт деп...

Тамашөкөй жаш жигиттер баягы,
Ойлоптурмун жигит бойдон жүрөт деп,
Айрымдары небересин жетелеп,
Каада күтүп, ак аралап чачтарын,
Эр ортону элүү жашка келиптир.

Жолукканда мен силерге курсташтар,
Мен өзүмдүн жаштыгыма кезигем.
Ал мезгилде ошол күндүн кубанчы,
Ошол ирмем муңаюуну билбеген,
Түбөлүккө калуучудай сезилген.

Шарактаган шайыр бойдон, жаш бойдон,
Мен силерди эстеп жүрө берипмин.

## САГЫНАМ КЛАССТАШТАРЫМДЫ

Сагынганда классташтарымды,
Балалыгым көз алдыма тартылды ай.
Ойноок элек, наристе элек, шок элек,
Тунук элек, мөлтүр элек булактай.

Шүүдүрүмдөй назик элек таптаза,
Көөнүбүзгө көлөкө да коно элек.
Балапандай баео элек, бала элек,
Көчөт элек, жаш бутагы сына элек.

Жан дос элек, жарашыктуу баарыбыз,
Атаандашып, ай, күн санап окудук.
Жан дүйнөбүз жарык болчу ал кезде,
Антташканбыз сыр чечишип отуруп.

– «Ким каерде иштебесин, баары бир,
Унутпайбыз балалыкты,– дегенбиз.
Көп кармашып, бул өмүрдөн өткөнчө,
Кыйышпаган курбу болдук»,– дегенбиз.

Анда-санда мен айылга барганда,
Көрсөм көрөм, кээде көрбөй кайтамын.
Ал-жаныңар сурап байке-женеңемден,
Аман жүрсүн деген сөздү айтамын.

Максатыбыз ааламдан да көп эле,
Ким бирибиз жеттик, балким жетпедик.
Бардыгыбыз бул тагдырга баш ийдик.
Балдай таттуу балалыкты эстедик...

## БАЁО БОЛСО МЕНЧЕ БОЛСОЧУ...

Канча жылды бекер уттуруп,
Кайыгыпмын сени күтүүдөн.
Алоолонгон оттун боюнда
Азыр дагы денем чымырап,
Жылый албайм ошол үшүктөн.

Эселектик менче болсочу,
Өзүмдү-өзүм чокко салыпмын.
Ызаланып, бекер күйүгүп,
Жарык издеп жиксиз туюктан,
Жарым жолдо калып багытым.

Канча күндү эстейм чыйрыгып,
Көз ирмебей аппак таң тосчу.
Көөдөнүмдө жанып бир үмүт,
Жолуң карап күтүп жүрүпмүн.
Баёо болсо менче болсочу...

## ОШОЛ КҮН КАЙРА КЕЗИКСЕ...

Ушунча жыл сени өзгөртүп салгандыр,
Деги сен кандай болуп калдың экен?
Экөөбүз күтө албаган аруу күндөн,
Ойлоруңа бир ирээт бардым бекен?

Түшүңө кирдим бекен, күлдүм бекен,
Аппак тилек колдон түшүп сынды эле.
Түшүнбөй түбү түшкөн ошол кечти,
Жаңылып жалгыз менин күнөөм дебе!

Үмүт деле сенден мага каттабай,
Жылдарды алоолонгон өрттөп кетти,
Аттиң азыр ошол күн болсо кана,
Өчүр эми суранам сүйкүм кечти.

Унутууга эми, эми бел байлап,
Улутунуп, туңүлүп бүттүм эми.
Кусалыктан жаңы айыгып келатам,
Азап салып, кезиге көрбө деги!

## БУЙРУБАГАН БАКЫТЫМ

Теңир сени өзүмө ыраа көрбөптүр,
Тагдыр мага буюрбаган бакытым.
Мен ийилген сайын өйдө бийиктеп,
Мен талпынган сайын өтө алыссың.

Бүт өмүрүм жетээр бекен өтүүгө,
Жүрөгүңдү жүрөк менен калкалап.
Алаксыйын деген оюм жайдак ой,
Чимирилтип алып кетет сен тарап.

Куюн үмүт кубалашып көңүлдө,
Уйгу-туйгу убайымга салат да.
Чарт үзүлсө деген тилек чачырап,
Чабалактап, бүт өмүрдү алат да!

Буйрук сени мага ыраа көрбөптүр,
Бакыттын да ченелгенин карачы.
Бешенеме буюрбаган адамым,
Тагдырыма түшүп турат арачы.

Тагдыр мага буюрбаган бакытым...

## БЕРЧИ ӨЗҮМӨ...

Бөтөн сөздөр көңүлүмө жукпаган,
Чоочун кыял кирпик какпай уктаган.
Чоочун тарап сени кетти азгырып,
Аруу тилек чоочун болуп муздаган.

Бөтөн үйдө бөтөн куштун үнү бар,
Уга албадым жат дүйнөңдүн добушун.
Өкүнүчтүн өртүн жүктөп алгансып,
Көңүл сынык, көп жүрөм го жол узун.

Сапарымды сагынч кылып сапырып,
Кусалыкка короду бүт өмүрүм.
Үмүтүмдүн көздөрүнөн мончоктоп,
Көз жаш болуп мөлт-мөлт этип төгүлдүң.

Оо жараткан, берчи өзүмө сүйүүмдү,
Кайырчыдай сурап, тилеп турганда.
Күн дөрүмдү күкүк болуп безилдеп,
Күтүү менен өмүрүмдү жууганда.

Оо жараткан, берчи өзүмө сүйүүмдү...

## КЕЗИГҮҮ

Жалгыз ойго жүрдүм эле алданып,
Жалкы бактым сени менен кетти деп.
Жылдарымды өкүнүчкө ургулап,
Мен өзүмдүн ойлорумдан жеме жеп.

Эми сага жолукпаймын деген бир,
Ишеничте жалган жашап жүрүпмүн.
Тагдыр, буйрук унутпаптыр дагы эле,
Тагдыр минтип кезиктирди да бир күн.

Адегенде тилден калган баладай,
Тиктеп-тиктеп чөгө түштүм жалдырап.
Өзүң деле азыр өксөп кирчүдөй,
Буулуп турдуң, колдоруңда калтырак.

Бир дасторкон, үчөөбүз үч тилек ой,
Алаксыткан дейди сөздөр көбүрөөк.
Сени билбейм, мен бир улуу жалынды,
Кечип туруп, өтүп кеттим көрүнөт.

* * *

Бул өмүргө кээде болом ыраазы,
Сүйүү сунуп, кайтып уурдап алганга.
Буйрук бизди кошсо деле баары бир,
Бактыбызга акыры бир көз тиймек,
Өтө ынак түгөй болбойт жалганда.

Мен өзүңдүк болгондобу, болгондо,
Балким бактым ашып-ташып турмактыр.
Көңүл куунап, ыр-күлкүгө киринип,
Дүйнөм жайнап, садагага чабылып,
Кубанычтан өчмөк окшойт ыр бактым.

Тагдыр мага сыртын салып койбосо,
Кусалыкты мен кайдан табат элем?
Ой-тилегим колдон түшүп сынбаса,
Махабаттан өксүп соккон жүрөктүн,
Сыздаганын мен кантип угат элем?

Үмүтүмдү бул тагдырдын бороону,
Тамыр койбой түбү менен жулбаса,
Гүлдүн сырын мен кайдан билет элем?
Үзүлгөн жалбырактын жалбаруусун,
Боздогонун мен кантип угат элем?

## ҮМҮТҮМӨ НУР ТАМАТ

Ушул күндү коёрумда унутуп,
Кайталанып кайра жаңы жыл келет.
Үмүт жагып көңүлүмө ар бир шам,
Башкаларга балким туураар байкалбай,
Башкаларга ал жөнөкөй күн демек...

Азгырыктай алып-учуп оюмду,
Балатыда оюнчук күйүп-жанат,
Канча жылды минтип тосуп келатам,
Канча жолу унуттум деп бел байлап,
Үмүтүмө ошончо ирээт нур тамат.

Сансыз ойдун кучагында термелип,
Көздөрүңө мынча болдум кусадар.
Бокалдардын шыңгырындай төгүлүп,
Балким анда сүйлөшкөнбүз жөн гана,
Эми минтип болуп турам кусадар...

## ИРМЕГЕНДЕН КИРПИГИМДИ КОРКОМУН...

Көз тийбесин кубанчыма, бактыма
Жамалыңа тиктегенден талбайм да.
Карегиңдин кумарына капырай
Карай берип, дегдей берип, канбайм да.

Жүрөгүм да бул көөдөнгө сыя албай,
Элирет да алып-учуп кетчүдөй.
Ирмегенден кирпигимди коркомун
Сен төгүлүп мөлт деп агып түшчүдөй...

Көңүлүмдө турган ойду билгизбей.
Көөдөнүмө жашырам да, жашырам.
Көздөрүңө кокус көзүм чагылса,
Чагылгандай чарт бөлүнүп чачылам.

## ЧЫНДЫК

Таарынып, кайрылбастан кетип калгам,
Мен анда өткүр элем, эссиз элем.
Канчалык көңүл куунак турган менен,
Тымызын эстеп жүрөм жалгыз сөздү
«Кайтууңду качан болсо күтөм» – деген.

Көзүмдү кубанычтуу ачам чындык,
Түшүмө түнү өзүң кирген үчүн.
Жадырайм, жакшылыкка жоруп алып,
Жаныңда турганыма жетине албай,
Жайдары сен бактылуу күлгөн үчүн.

Сөзүмдү сенден баштап, сенден бүтүп,
Бир кыялга алданамын кайрадан.
Ой-тилегим сен жөнүндө ыр курап,
Төгүп-чачып жан дүйнөмдү азгырып,
Сенин гана көлөкөңө айланам.

# ЫР ДҮЙНӨ

Аттиң сага жетчү жолдун мынчалык,
Татаалдыгын кайдан билдим катыгүн!
Канча өмүрүм түнкү шамга жалынып,
Канча күнүм айсыз түндү жамынып...

Сен тарапка сапар тозок экенин,
Жаным ырым, билсем эмне эртерээк?
Эртең бүттү, жазбаймын деп уктасам,
Бир сап кыйнап ойгономун эртерээк.

Жалгыз саптын кеткенине адашып,
Тызылдатып, көңүлүмдү канатып.
Күндө акыркы ырым менен коштошом,
Күндө жаңы ырым менен жарашып...

## ТУРМУШ СЕН – ЖАНДЫРМАКСЫЗ ТАБЫШМАКСЫҢ...

Эртеңдериң дарексиз да, дайынсыз,
Турмуш сен – жандырмаксыз табышмаксың.
Колума тамчы болуп тамса бакыт,
Бүркүттөй шукшурулуп илип качтың.

Жомоктой кереметтүү жан-дүйнөмдүн,
Тынымын өчүң бардай бузасың да.
Талпынып, таруу сымал бакыт тапсам,
Таранчы болуп илип качасың да.

Төгүлгөн бариктери дарак сымал,
Кубулуп, күйүп турсам өрттөйсүң да.
Жаркырап жазгы күндөй тийип турсам,
Жалындап, нуруң төгүп өчпөйсүң да...

Дарбазаң ачык, жабык ким бирөөгө,
Тагдырым, таалайымды таптырбассың
Көз жумуп кетип калсам ээрчий баскан,
Турмуш сен – жандырмаксыз табышмаксың.

## БИРӨӨНҮН КӨЗҮ ТИЙБЕСИН

Жылмая калсаң жарашып күлкү,
Өзүмдөн-өзүм кызганам кайра.
Жат көздөн оолак жүрө көр жаным,
Бирөөнүн сугу түшпөсүн сага.

Жароокер тиктеп жайнабай жүрчү,
Бирөөнүн көөнү түшпөсүн кокус.
Каткырып күлсөң чын ниет менен,
Бирөөнүн көзү тийбесин кокус.

Суук көздөн алыс жүрө көр жаным,
Баладай баео, көңүлүң таза.
Кышында жылуу кие көр жаным,
Ызгаардын суугу өтпөсүн сага.

Ниети бузук, бал тамган тилден,
Дүйнөдө түркүн адам көп дагын.
Ишенчээк жаның ийиле берип,
Көңүлүң үшүп калбасын жаным...

* * *

Көрбөгөнүм көп болду, сан жылдардай,
Көп ичинде кылчактайм шек алдырбай.
Өзүң жокто өрттөнөм алоолонуп,
Ар бир күнүм туюлуп бош калгандай.

Тайгалансам таянаарым турат деп,
Кылчактабай шыдыр басып кетчү элем.
Башка жактан көзүңдү албай турсаң да,
Оттон ысык илебинди сезчү элем.

## КЫРГЫЗДЫ БАЛА БАГЫП...

Кылчылдап, кыштын күнү суукка тоңуп,
Базарда наристебиз сагыз сатса.
Кыргызды аял багып, бала багып,
Чайпалып, эркектери оонап жатса.

«Алып кет эжекебай» деген бир сөз,
Жүрөгүң талам-талам тилип кетээр.
Үшүгөн жаш баланын жалдырашы,
Сөөгүңдөн чучугуңа өтүп жетер.

«Өтүгүң майлап бере коем»,– десе,
Өңгөчүм үзүлгөндөй денем дүр дейт.
Өзгөнү коелучу, калайык-журт,
Өз бала, өз тагдырдын камын ким жейт?

«Садага берип кетчи эже» десе,
Садагадай миң бүлүнүп чачылам.
Колун сунган жаш баладан уялып,
Кийиминин жыртыгына жашынам.

Тиктебейин десем көзгө сайылып,
Көйнөгүнүн көзөнөгү төгүлөт.
Кимдин көөнү бир зырп этип албаса,
Анын жаны анык таштан көрүнөт.

Быйтыйган колу тоңуп эпке келбей,
Балабыз балалыгын кошуп сатып.
Башкасын не кыласың айтып, нетип,
Базарда самын сатып, арын сатып,

Кыргызды жаткан чагы аял багып,
Кыргызды жаткан чагы бала багып...

## АК ТАЛ ЧАЧ

Өзүмө куштар болуп,
Күзгүгө күлүп турсам.
Жароокер жаштыгымды,
Жадырап сүйүп турсам.

Төбөмдөн бир тал ак чач,
Сербейип чыгып турат.
Жаштыгың аз калды деп,
Оксүтүп жылды сурап.

Капыстан аппак, ичке,
Бир тал чач ойго салып.
Жаштыгым нур кызымдын,
Көзүндө жалбырт жанып.

Чыркырап чок түшкөндөй,
Жүрөккө бир из кетип.
Өмүргө өрт кеткендей
Көңүл да зыр-зыр этип.

Жаштыгың өтөт деген,
Жалгыз сөз уктум окшойт.
Ажарың өчөт деген,
Бир ойдон көңүл боздойт...

## ЖЫЛДЫЗ ЭЛЕ

Татынакай, татынакай, татынакай,
Ушул сөз ооздон түшүп сынып калды.
Таттыбүбү айнектей сулуу дешчү,
Татынакай эжекем өчүп калды.

Ак Мөөрдү Ак Мөөр кылган аккуу мүчө,
Көздөрү күн-түн жанган чырак эле.
Тиштери тизип койгон накта бермет,
Келбети көз уялтчу бир периште.

Перинин перилиги калды көздө,
Чүрөктүн чүрөктүгүн жалган дебе.
Жүзүнөн айсыз түндө шоола төккөн,
Эжекем жарык жанган жылдыз эле!..

## САКТАЙ КӨР

Көңүлдүн күүсүн укпаган,
Көңдөйлүктөн сактай көр.

Сулуулукка заар чачкан,
Түркөйлүктөн сактай көр.

Боздогон үнгө кылчайбас,
Мерездиктен сактай көр.

Көз тийбесин периге,
Ач каректен сактай көр.

Ынак сезим өчпөсүн,
Киргилт сөздөн сактай көр.

Наристенин бактысын,
Шат күлкүсүн сактай көр.

Баарын турган көтөрүп,
Жер-Энени сактай көр!

## ИЗДЕП ЖҮРӨМ

Өзүмдү-өзүм мен бүгүн издеп жүрөм,
Издеп турам жазыла элек ыр болуп.
Шыбыр болуп тынч албай тыбырчылап,
Көңүлүмдө төгүлө элек сыр болуп.

Бул өмүргө жазда эңсетип, көксөтүп,
Жазбай койгон сүйкүм, жылуу жаан болуп.
Көргөн барбы, үмүтүмдү, оюмду,
Мен өзүмдү жылдардан издеп жүрөм.

Ырлардан кусаланып издеп жүрөм,
Жазбай калган сабым ойдон суурулуп.
Учуп кетип уясына кайтпаган,
Ырларымда мен кеткендей туюлуп.

Мен өзүмдү ырлардан издеп жүрөм...

## «СИЗ МЕНИН АПАМСЫЗБЫ?»

*(Өтүп баратып балдар үйүнүн дарбазасында жөлөнүп, күндө жол караган жылдызду кызды саамайынан сыласам үшүнтип сурады эле)*

Карегиңди кадап айнекке,
Телмиресиң күндө жол карап.
Үмүт болуп сага бир караан,
Талпындырып, сени азгырып,
Нурун чачып күйөт бир тарап.

Кирпиктериң сенин жазыксыз,
Мончок жашын төгүп себелейт.
Кыялыңды алыс учуруп,
Балалыктын таттуу жомогу
Апакеңе сенин жетелейт.

Кокусунан эшик ачылса,
Умтуласың шашып үмүттүү,
Унута албай койдум садага,
Сай сөөгүмдү мыкчып сыздаткан
«Апамсызбы?»,– деген сөзүңдү!

Бүгүн, балким болдуң бозала,
Күтө берип кечке апаңды.
Ичим түтпөй сени сооротуп
«Апаң келет» дегем аргам жок,
Апаң балким такыр келбестир...

«Апам болсо» деген кыялда
Бир адамды издей бересиң.
Сөөмөйлөрүң менен быйтыйган
Терезенин буусун өчүрүп
Өткөндөрдү тиктей бересиң.

«Келбейт энең» десе ишенбей,
Жылынасың жылуу көздөргө.
Анан издеп, издеп элеңдеп
Улутунуп кала бересиң
Жал-жал тиктеп коюп өткөнгө.

Бир энени күтүп жүрөсүң,
Нур жүзүңдөн жыттап сүйбөгөн.
Бир аялды күтүп жүрөсүң
Көздөрүңдү сенин жайнаган
Жүрөк эзип тиктеп көрбөгөн...

Кокусунан эшик ачылса,
Умтуласың шашып үмүттүү.
Унута албай койдум садага,
Сай-сөөгүмдү мыкчып сыздаткан
«Апамсызбы?» – деген сөзүңдү.

* * *

Жалганчынын жанында,
Жаның ооруп кирдейсиң.
Жалганыбы, чыныбы,
Жан дүйнөсүн билбейсиң.

Ушакчынын жанында,
Уккан сөздөн жүдөйсүң.
Жебиреген көп сөздүн,
Чыны кайсы билбейсиң.

Арамзанын жанында,
Арам ойдон кирдейсиң.
Балдай ширин уу сөздөн,
Ууланганың билбейсиң.

Кытмыр сөзгө ишенсең,
Ишеничиң үзүлөөр.
Кыйла-кыйла алдансаң,
Акыл-эсиң түзөлөөр.

Аракечтин жанында,
Айлаң кетип күйөөрсүң.
Жакшы адамдын баа-баркын,
Жаманды көрүп билээрсиң.

## КӨЛ КАЙРЫКТАРЫ

**Уруксатпы, көлүм сени сүйүшкө?**

Билем сенин келбетиңе арбалып,
Алыс жактан арзып, издеп келген көп.
Тамчы сууңду тамшангандай жомоктоп,
Тамшандырып жазып салган андан көп.

Көзгө илинбей бул жээгиңден тигил жээк,
Ысык-Көлүм, кооздугуңа сөз жетпес.
Өмүр бою карегиңе тартылып,
Бир көргөндүн жүрөгүнөн түк кетпес.

Ашык болуп келбетиңе келишкен,
Ченем, чексиз сүйүп турам, periштем.
Төрөлбөй да, чоңойбодум жээгиңде.
Уруксатпы, көлүм сени сүйүшкө?

## ТОЛКУН ТИЛИН БИЛГЕН БАРБЫ?

Күндүн сынык чекесинен,
Нур төгүлүп калгандай.
Көл бетинде жыбырайт,
Эрке желге эрээркеп,
Ээрчип сени кетчүдөй,
Көл толкуну шыбырайт.

Толкун нени шыбырады,
Толкун тилин билген барбы?
Көк мелжиген Ысык-Көлдүн,
Шоокум сырын билген барбы?
Көз артчулар көбү чындык,
Алыкулдай сүйгөн барбы?

## ЫСЫК-КӨЛ

Кайкып учуп чумкуган,
Чардагыңа суктандым.
Толкунуңду сапырган,
Жумшак желге суктандым.
Таң атканча мемиреп,
Кучагыңда уктаган
Аппак айга суктандым.

Катар учкан тизилип,
Каркыраңа суктандым.
Айдай жүзү мөлтүрөк,
Көл жээгинде бой жеткен,
Кыздарыңа суктандым.

Көл ичинде акактай,
Ташыңа да суктандым.
Аяр, аяр серпилген,
Толкунуңа суктандым.
Күндө өбүлгөн толкунга,
Кумга дагы суктандым.

Канат күүлөп керемет,
Бирин-бири кыя албай,
Кылчак-кылчак талпынган,
Ак кууңа да суктандым.
Күн тийгенде мемиреп,
Күлүп тоскон кучагын
Көлүм сага суктандым.

Аруу, аруу периште,
Кыздарыңды сүйдүргөн.
Жигиттерге суктандым.
Маңдайыңа жазылып,
Көл жээгинде төрөлгөн,
Көл элине суктандым.
Бермет кылып ыроолоп,
Маңдайыңа жазылган,
Касиеттүү көлү бар,
Кыргызыма суктандым.

* * *

Шам чыраксың сен Ысык-Көл,
Күүгүмдө жаркып жагылган.
Керемет кыргыз жерине,
Тумардай болуп тагылган.

* * *

Жылдыз түшүп калган өңдүү төгүлүп,
Ысык-Көлдө асман сүзүп баратат.
Чалкып жатса түндө уктап мемиреп,
Баканын да чардаганы жарашат.

Таңда ойгонсоң айнегинден чулдурап,
Булбул тынбай сайраганы сайраган.
Ысык-Көлгө канча келсем ошончо,
Он сегизге кайткандаймын кайрадан!

## ОО, ЫСЫК-КӨЛ, КЕРЕМЕТИҢ КЕРЕМЕТ

Оо, Ысык-Көл, кереметиң керемет,
Перидейсиң он сегизге келе элек.
Толкундарың тосуп чыгып аймалап,
Амандашып, башын иет чөгөлөп.

Жан дүйнөмдү удургутуп бир сезим,
Көл ичинде жалын болуп жагылып.
Наристедей толкундарга бой урам,
Келгенимде мен көлүмдү сагынып.

Кытыгылап кыялымды бир сезим,
Толкундарга саамайларым өбүлүп.
Кочушумда көк кашка суу мөлтүрөп,
Көз ирмемде салаалардан төгүлүп.

Түндө көлгө баргансыңбы, мемиреп,
Ай жаркырап көлдө жатат төгүлүп.
Анда-мында жымың, жымың чачылып,
Жылдыз дагы көл түбүнөн көрүнүп.

Таң атканын көргөнсүңбү агарып,
Көлгө күндүн шоолалары төгүлөт.
Көлдү сүйүп, анын сырын билгендер,
Таңкы көлгө таң атаарда чөмүлөт.

Оо Ысык-Көл, касиеттүү Ысык-Көл,
Чалкып кээде, кээде толкун тараган.
Кереметиң келишкен бир чүрөксүң,
Кыргызымдын маңдайына жаралган.

## АЛГАЧКЫ КАР

Түшүмө да кирип далай эңсетип,
Балалыкта аруу, сонун күндөр бар.
Дегдеп, дегдеп демимди ичке каталбай,
Уктасам да көздү жумуп жаталбай,
Сени кандай күтчү элем аппак кар...

Жүрөгүмдө учуп-конуп жаткандай,
Жагымдуу бир сезим төгүп көңүлдөн.
Бийлеп учуп жааганыңда зампарлап,
Бакытымдай сезилчү элең сен анда,
Асманымдан аппак болуп төгүлгөн.

Балалыкка алып кетчү жалгыз жол,
Чыйырыңда, муз жолуңда калгандай.
Адам жоктур сага сугун артпаган,
Сыйкырыңа, сымбатыңа арбалып,
Акын жоктур сени жоктоп жазбаган...

## ТАГДЫРЫҢ БОЛАЛБАДЫМ

Тагдырың болалбадым...
Ал үчүн кимге таарынам?
Кайрылып өзүң кайтпасаң,
Чөгөлөп кантип жалынам?

Кылчактап кыйбадым да,
Кош эми дей албадым.
Баш багып тагдырыңа,
Таалайың болалбадым...

Санаамды көтөрө албай,
Кубулуп түштү баары.
Үлбүрөк кыялымда,
Үзүлүп үмүт калды.

Кош уучта толо сен элең,
Байкабай төгүп алдым.
Бактыма жакын элем,
Бакытың болалбадым.

Өмүрүң болалбадым,
Өзүңө кантип таарынам?
Тагдырым турса кошулбай,
Теңирге не деп жалынам?

## «КЕТПЕ ЖАНЫМ...»

Айта албадым апкаарып кубанчымды,
Түшүнө албай, түшүнүп турасың да...
Жан дүйнөмдү толкундай сапырдың да,
Билип баарын, билмексен сурайсың да...

Сүйөөрүмдү сураба, акылсызым,
Сүйөмүн деп эч качан айта албасмын.
Карегимден таппасаң сүйөөрүмдү,
Жүрөгүмө тигилип табаарың чын.

Учкунундай жалындын абайлай көр,
Жан дилимдин добушу ташып, толкуп.
Мен өзүмө кээде өзүм таң калам,
«Жагамбы?» – деп сураба эси жогум.

Чарчадым деп кабагым чытыганым,
Сагынганым, көөдөнүм толкун, жалын.
Кете бергин, болуптур десем эгер,
Куса болдум, дегеним кетпе жаным!

* * *

Өмүрдү жашаганың сезээр күн бар,
Каректе калган жаздын деми менен.
Бакыттын табын сезип турaарың чын,
Бактылуу көз ирмемдин илебинен.

* * *

Кезиккен күндүн ак таңын,
Кечиккен күндүн аптабын.
Бактылуу түндүн ак шамын,
Коштошкон күндүн муздагын,
Сүрөттөп айтып бералбайм.

* * *

Көңүл чөгүп, буулугуп күйгөнүңдө,
Жакшы күндөр бар экенин унутпа.
Жалгыз ирмем өрттөп турган көөнүңдү,
Эртең эле калып кетээр унутта.

## БАКТЫЛУУДАН БАКТЫЛУУ ЭЛЕМ АНДА МЕН

Өтө ысык сүйүп туруп, сүйө албай,
Себеби бар сен түшүнүп, түшүнбөс.
Карегиңе коно калса капалык,
Бүткүл дүйнө кеткен сымал чайпалып.

Түгөл өмүр колдон түшүп кеткенсип,
Сен көңүлсүз жүрсөң ооруп жүрөгүм.
Кайсыл күнү ачык болсо кабагың,
Ошол күндү бакыт сезип жүрөмүн.

Кучагыма сыйдыра албай бактымды,
Бактылуудан бактылуу элем анда мен.
Бир кездеги алоолонгон сезимдин,
Деми менен жашаганым сезбе сен.

* * *

Жүрөгүмдү уурдап кеттиң жөн кетпей,
Абайлай көр, колдон түшүп сынбасын.
Жүрөгүм да өзүмө окшош шок эле,
Өзөгүңдү өрттөп салып турбасын...

# ЖАҢЫ АЧЫЛГАН КЫЗГАЛДАКТАЙ ЖАН КЫЗЫМ...

Жаңы ачылган жоогазындай алоолоп,
Көзгө өтө сүйкүмдүүсүң ай кызым.
Мен өзүмдү көрүп турам өзүңдөн,
Жаңы ачылган кызгалдактай жан кызым.

Таң аткандай жарык түшүп сен тарап,
Тиктеп-тиктеп көркөмүңдөн көз талат.
Шилекейин тарталышпай боз балдар,
Ширин-ширин шыпшынышат бир карап.

Апкаарышып батына албай өзүңө,
Тик карабай телмиришип көзүңө.
Имерилип, не кылаарын билишпей,
Кошоматты кош айтышат өзүмө.

Жаштыгың бар, тал чыбыктай чырагым,
Андан ашат сулуулугуң, чырайың.
Акылдуу бол, намыскөй бол көлөкөм,
Мен Теңирден сенин бактың сурайын!

Үйүбүздү шаңга, нурга бөлөгөн,
Перисиңби, ананайын ай кызым?
Жаңы ачылган гүлдүн баары сага окшош
Көз тийбесин, аман жүрчү жан кызым!

## КЫЙСЫПЫР АЙ, КЫЙСЫПЫР

Барган жерден чуу чыгып,
Батпайсың да кыйсыпыр.
Байыртадан келаткан,
Башкаларды көралбас,
Адатың да, кыйсыпыр.

Кытмыр күлкүң кытмыйып,
Ичиң кара кыйсыпыр.
Курбу болуп калп эле,
Кубуласың калтардай.
Жүзүң кара кыйсыпыр.

Жөлөп, таяп калп эле,
Тамырларын тааныштын.
Табасың да кыйсыпыр.
Тагдырына бирөөнүн,
Карасың да кыйсыпыр.

Жүрөгүңдө кенедей,
Адал ой жок кыйсыпыр.
Жер жүзүндө сенчелик,
Уусун чачкан заар жүрөк,
Жылаан да жок кыйсыпыр.

Кыйсыпыр ай, кыйсыпыр.

## БААРЫНАН ЭНЕ УЛУК

Ниети тунук булактай,
Энеге эч жан тең келбес.
Жарыгын төккөн үйүнө,
Жароокер аялзатына,
Байлыгын бүтүн дүйнөнүн
Чогултсаң дагы тең келбес.

Пендеге өмүр берип,
Ханды да тапкан эне.
Калк үчүн кыйын күндө,
Тайманбай жолго чыгып,
Кылычка жүзүн тосуп,
Кыргынды баскан эне.

Эненин аты ыйык, жолу улук,
Таптаган наристесин колу улук.
Энеге сөз тийгизбе, көз тийгизбе,
Эненин баскан изи, сөзү улук.
Энеңдин батасын ал сапар тартсаң,
Энеңе таазим эткин, эне улук!..

## ТАРЫХ ЧЫНДЫГЫНАН БИР ҮЗҮМ

*(Ош окуясынан калган көңүл тагы)*

Ошол күндөр өмүрлөргө жазылып,
Тарых турса эл оозунда айтылып.
Айтпа аны,– дегендерге таңданам.
Бар чындыкты жок дегенге таң калам.

Арабызда көзү менен бүт көрүп,
Кордолгон кыз, колсуз, бутсуз жүргөн бар.
Катыгүн ай, энесинен айрылып,
Жалгыз уулун жерге башсыз көмгөн бар.

Атасынан дайын-дарек билинбей,
Азыр дагы издөө салып жүргөн бар.
Көзүн чукуп, мурдун кесип кетишип,
Бир тууганын күйүтүнө күйгөн бар.

Досу досун сатып кеткен кыйналбай,
Кошунасын кордогонго уялбай.
Бир кездерде алып калган ажалдан,
Дарыгерди өлтүрүштү буйдалбай.

Мыкаачылык болсо болоор ушунча,
Адамдардын башына мык кагышкан.
Адам тилин адам сууруп боздотуп,
Адамды эле тирүүлөй көөмп салышкан.

Ошол күндөр өмүрлөргө жазылып,
Тарых турса эл оозунда айтылып.
Жазба аны дегендерге таңданам,
Бар чындыкты жок дегенге таң калам.

Оозун басса эч буйрукка багынбас,
Адамдыкта адилет бир сезим бар.
Айтпа десе атырылып чыгуучу,
Бул өмүрдө бурмалангыс чындык бар.

## МЕНЧЕ ТҮТӨ АЛБАС

Жазылып балким, жазылбай калган,
Көңүлгө каткан аруу сыр элең.
Зампарлап санаа, азгырып ойду,
Тагдырың деген табышмак экен.

Айтылып балким, айтылбай калган,
Жүрөккө каткан ырым сен элең.
Умсунуп канча күткөнүм менен,
Алдамчы экен турмушуң деген.

Суктанып койгом көбүрөөк балким,
Өз бактыма өзүм болуп мас.
Тагдырыңа көбү баш багаар, бирок,
Сени менче таттуу сүйө албас.

Сапырылып тунук сезимге,
Күйсө бирөө менче күйө албас.
Өмүр бою ушул күтүүгө,
Менден бөлөк эч ким түтө албас...

# КАНТИП ЧЫДАП МЕНИ ТАШТАП КЕТТИҢИЗ?

*(Апам Сабира ааламдан өткөндө)*

Өмүр тилеп, бакыт тилеп сиз мага,
Тынч албастан түн уйкудан кечтиңиз.
Жетимсиреп калат дебей апаке,
Кантип чыдап, мени таштап кеттиңиз?

Жашык кызым, менсиз кантип жашайт деп,
Ойлобостон кантип таштап кеттиңиз?
Сиз жок мага аалам күүгүм экенин,
Билип туруп кантип таштап кеттиңиз?

Кимге эркелейт, кимге сырын айтат деп,
Кылчактабай кантип таштап кеттиңиз?
Небереңдин укпай туруп күлкүсүн,
Апакебай, кантип чыдап өчтүңүз?

Ыйлап турсам боздоп-боздоп, эчкирип,
Көзүң ачпай, кантип чыдап жаттыңыз?
Бул ааламга жалгыз таштап өзүмдү,
Бул өмүрдөн мынча эрте кайттыңыз?

Көңүлүмдүн баары сынып бычырап,
Көөдөнүмдү өрттөп турат жалганай.
Сенин ордуң толтура албайт эми эч ким,
Аттиң арман, аны кимге айтам ай...

*1994-ж.*

## АЙЫЛЫМ

Сыдырым жел аймалап нур жүзүмдү,
Айылым сен тараптан сагынч сунат.
Сүйдүрүп шүүдүрүмгө балтырымды,
Жыңайлак баягыдай кыткылыктап,
Саамайыма ак бантик байлап алып,
Шибериңде чуркагым келип турат.

Чуркагым келип турат кызыл кечте.
Жарышып өзүм кырдуу балдар менен.
Узатып тептегерек кызыл күндү,
Ыза кылгым келип турат азыр дагы,
Жоош баланы ыйлаган далай менден.

Жапжашыл жазда куйган тентек жамгыр,
Жоктоп мени балким жашын төккөндүр.
Бейкапар ошол кечте мемиреген
Ак жолтой бешиктеги сиңдилерим
Жазда гүлдөп, жазда бойго жеткендир.

Жазда барам, дечү элем жазга окшоп,
Ак жаандай аппак көйнөк кийип алып.
Ошондо жамгыр төгүп, жамгыр ырдап
Турса деп балалыкты эске салып...
А бирок барбай калдым ошол жазда,
Жигитин башка жактын сүйүп калып...

## ӨЧҮРСӨМ ОШОЛ КҮНДҮ

Сураба, сурабачы,
Эзбечи жүрөгүмдү.
Ырбатып, ыйлатпачы,
Ансыз да бырчаланып,
Бүлүнгөн тилегимди.

Ансыз да көз жаш төгүп,
Ыйлагым келип турат.
Бозоргон ээн талаада
Бозоргон ойлор кулап.
Боздогум келип турат.

Көңүлүм талкаланып,
Өрттөнгөн үйлөр менен
Алоолоп жалын болуп
Өрттөнүп кеткен сымал,
Үмүтүм жанбай турат.

Жан дүйнөм сыздап, сыздап,
Ишенчим калбай урап.
Боздогон энелердин
Абалын сураганга
Жүрөгүм даабай турат.

Айтпачы, айта көрбө,
Таш жолдо кан акканын.
Беш көкүл жапжаш балдар,
Тайманбай төшүн тосуп
Апа-лап! – окко учканын.

Кыздарчы, ананайын,
Өмүрү талкаланып.
Бойго эми жетээринде
Көңүлү назик, бүчүр
Гүл ачпай уйпаланып.

Айталбайм, айталбаймын,
Оштогу алааматты.
Шаарымдын жүрөгүндөй
Суу акчу Ак-Буурадан,
Суу эмес, адам акты!

Сураба, сурабачы,
Эстетип каран күндү.
Өчүрүп салсам гана,
Эсимден ошол күндү!
Өмүрдөн ошол түндү!

Эстетпе, эскертпечи,
Оштогу кандуу түндү!
Көргүм жок күйгөн үйдү
Өчүрө алсам гана
Тарыхтан ошол күндү!

## МЕН ӨЗҮМДҮ КӨПҮРӨДӨЙ СЕЗЕМИН

Мен өзүмдү Түндүк менен Түштүккө,
Бекем түшкөн көпүрөдөй сеземин.
Түндүк мага жакын десем Түштүктө,
Бүт өмүрүм калган өңдүү сеземин.

Балам, үйүм, дос, жолдоштун баарысы,
Түштүктө деп канатымды жыйнасам.
Түндүк жакта агам, эжем, досторум,
Ата-Журтту, ата-энемди кыйбасам.

Кайсыл күнү кеткенимде Түндүккө,
Унуткансыйм жүрөгүмдүн жарымын.
Түштүк жакка кеткен күнү элеңдейм,
Жоготконсуп өмүрүмдүн жарыгын...

Мен өзүмдү Түндүк менен Түштүктүн,
Ортосуна түшкөн жол деп келемин.
Бөлгөндөрдү алакандай Мекенди,
Эл-журтуна чыккынчы деп билемин.

# БЕЙИШКЕ ДА АЛМАШПАЙМЫН АЙЛЫМДЫ

Айлым менин жөпжөнөкөй бир айыл,
Башка айылдын бардыгына окшош.
Асманы ачык, топурагы, тоосу да,
Өзгөлөрдүн айылына окшош.

Апам, айлым, балалыгым чынжырдай,
Бир-бирине байланышкан чырмалып.
Алыс кетип, алыс, алыс жүрсөм да,
Самай берем, сагынычтан кыйналып.

Мен эңсеген жөпжөнөкөй бир айыл,
Кыялымда, жүрөгүмдө жашаган.
Сени эстесем балалыкка кездешип,
Балалыктын деми менен жашарам.

Мага өзгөчө, өзгөчөдөй туюлчу,
Ай чыкканда жаңы гана жаңырып.
Эмнегедир айылыма тартылам,
Куса болуп, балалыкты сагынып.

Айлым менин кадимки эле бир айыл,
Башкалардан айырмасы азыраак.
Кереметтей сулуулугу, коздугу,
Карегимде тасма сымал тартылат.

Жылдар сурап турса дагы жашымды,
Самайм, эңсейм туулуп өскөн айлымды.
Ал айылда неге десең мен чоңойгом,
Бейишке да алмашпаймын айлымды.

* * *

Саамайымды желге сапырып,
Ат жалында ойноп баратам.
Жоолугумду сермеп асманга,
Ай-талаага сагынч таратам.

Ээликтирип кызыл тулпарды,
Камчы үйүрүп салдым ызага.
Эркин өскөн, эрке тоо кызы,
Буулугупмун жүрүп кусада.

Саамайымды желге сапырып,
Ат жалында ойноп баратам.
Ызаланып жетпей буртулдап,
Чаң келатат артка карасам.

## МЕНИН ҮЙҮМ

Узаткан бул жашоого,
Киндик кан тамган үйүм.
Кайрылып келдим бүгүн
Сагынып өзүңдөгү
Атамдын тааныш жытын.
Энемдин  жылуу сүтүн.

Шаттык жок бөлмөлөрүң,
Көркүнөн ажыраптыр.
Апамдын ыпылдаган,
Жыйнактуу колу тийбей.
Жөргөмүш желе байлап,
Бөлмө суз күлкү сүйбөй.

Сен мага таарынгансып,
Тунжурап үн катпайсың.
Биз канча көрүшпөдүк,
Канча жаз келип-кетти.
Кусалуу дегдеп келсем,
Төгүлүп сырдашпайсың.

Шыптабы, кайда кеткен,
Бейкүнөө менин күлкүм?
Издерим кана, кана
Апамдан качып чыкчу,
Ушул бурч баягы го
Кылтыйып мен жашынчу.

Сен бизге сапар берип,
Алыска узаттың да.
Мекени болуп калдың,

Бактылуу балалыктын.
Күч таптың кудуреттүү
Эңсетип сагындырган.

«Урады, эскирди»,– деп,
Бирөөлөр бузса дагы.
Турпатың карегимде
Күндө кооз, күндө жаңы.
Чубурат көздөрүмдөн
Сендеги күлкүгө бай
Балалык күндүн таңы.

## САГЫНЫЧ

Айта берип канбай тоонун кымызын,
Биреелерду тамшандырдым, суусаттым.
Саба бышып, мелт-калт куюп кесеге,
Кыялымда чын пейилден жадырап,
Ак дилимди ак кеседе узаттым.

Саамалым бал татыган ширин деймин,
Чаңкатып өзүмдү да, башкаларды.
Эске алуум удургуган сагынч болуп,
Кусалуу тоолоруму карап алам,
Жашырган кызык күндү – бала чакты.

Селки туруп ыкчам тоолук жигиттей,
Көөдөнүмдө өткүр сезим төрөлүп.
Көңүлүмдөн кетпей жүргөн бозойду
Боз жоргого камчы басып бир күнү
Эмнегедир кетким келди өңөрүп.

## ЖЕҢЕМ

Чөктүргөн кыялына, кылыгына,
Жоодур көз, эрке мүнөз менин жеңем.
Ах, жигит болгонумда өрттөй жанган,
Мен аны, жалгыз аны сүйөөр элем.

Айлуу түн, жылдыздуу түн биз сырдашкан,
– Кызыке, кай жигит,– дейт,– сага жаккан?
Бойлуубу, токтоо бекен, шайырбы же,
Төгүлсөң, айтсаң баарын жашырбастан!

Чыдамы кете түшөт жеңекемдин,
Жай гана жан дүйнөмдү ачканымча.
– Сага жагат, шайыр,– дейм, жеңем анда:
– Анын шок го тапчы,– дейт жакшы бала!

Айылга барган сайын жеңем менен,
Жөнөйбүз булак жакка илкий басып.
Чакалар анда-санда кылдырт-кылдырт,
А жүрөктөр төгүлүшөт сырдашып.

– Иним бар, сонун бала, шайдоот улан,
Барчы,– дейт,– сен ошого мени сүйсөң!?
Ах, менин жеңекем ай, билбейсиң да,
Жигит барын мен сүйгөн, мени сүйгөн.

Чөктүргөн кыялына, кылыгына,
Жоодур көз, эрке мүнөз менин жеңем.
Мен жигит болгонумда чоктой ысык,
Жеңеке, иниңди эмес, сени гана,
Сени гана жалбырттап сүйөт элем.

## КУРБУМА

Курбу элек биз экөөбүз анда эркем,
Жаздагы жанаша өскөн ак кайыңдай.
Тирелип жапжаш элек, баёо элек,
Шок элек, жалбырт этип от алчудай.

Биз анда эгиз элек бөлүнбөгөн,
Чындыкты, бул тагдырды «төгүн» деген.
Тапты да экөөбүздү эки жигит
Болдук биз «күкүк-зейнеп» көрүшпөгөн.

Алыстан жалгызсырап, жетимсиреп,
Нур элек бирге жанып, бирге өчкөн.
Эсинден кетпес курбум качанкы бир,
Экөөбүз  сыр айтышчу  сулуу көктөм.

Ак жаандан аппак сүйүү тилеп анан,
Көйнөкчөн жазга кетип калаар элек.
Экөөбүз эки жерде эки жубай...
Кат жаздым, сенден дагы бир кат келет.

## КЕЧ ЭЛЕ

Гүлдөрүн кечип адырдын,
Каткырып ойноп жүрүппүз.
Кыпкызыл талаа кызгалдак,
Жүзүмө жүзүң тийсе эле
Өрттөмөк мени бир караш.

Башыңа башым жөлөнүп,
Бакыттын баасын сезээрде.
Ойгонуп кеттим капыстан
Түшүрбөй колдон калышка
Аттиң ай, анда кеч эле.

Аттиң ай анда кеч эле,
Сезимден сезим адашып.
Көзүмдү жумсам уйку жок
Көп ойлор турду көңүлдө
Түшүмдөн сени талашып.

Эркелеп туруп эрээркеп,
Колуңа колум тийбеди.
Өкүнүп турам өкүнүп,
Өңүмдө эмес, түшүмдө...
Көзүмдү көзүң сүйбөдү.

# ТАҢ ЖҮЗДҮҮМ

Таң жүздүүм, сага канча таарынсам да,
Сагынычты жашыра албайт экенмин.
Өрттөп салдым деген менен бүт бардыгын,
Отко күйбөс дүйнөмсүңбү сен менин.

Сыр айтышып жылдыздар сен, сен дешет,
Эми сени эскербейм деп жүргөнүмдө.
Баягыдай шуудурап бак-дарактар,
Шыбырай берет тура сен жөнүндө.

Өчүрбөй көздөрүмдөн жүргөнүмдө,
Катыгүн ай, келбей неге кечиктиң?
Кусанын өртү акырын өчөөрүндө,
Жалындатып бекер эле кезиктиң!

* * *

Сезимиңде бейпилдик жок, сенин жаным
Мен аны көздөрүңдөн көрүп турам.
Салкын тарткан санаадар карегиңден,
Жансырыңдын жалыныч сөзүн угам.

Жүрөк толгон дүрбөлөңүң жашырып,
Таарынганың бакчадагы баладай.
Күлүп ийсең, күндөгүдөй, канакей,
Наристедей тетир жакты карабай...

## АДАШКАН КӨПӨЛӨК

Дөңгөлөк уруп кетти,
Апакай көпөлөктү.
Таш жолго кулады да,
А балким көз жаш төктү...

Канатын бир сермеди,
Үлбүрөк, назик аппак.
Акыркы үмүтү окшойт,
Тыбырап, жан далбастап.

Оо алда байкушум ай,
Гүл тандап бейкут жүрбөй.
Кайдан да жолго чыктың,
Көз жумдуң өмүр сүрбөй.

Көкөлөп бийик – бийик,
Көз жоосун алып учпай.
Мүмкүн сен жапжаш элең,
Оо, алда байкушум ай!

## АЙ БАСЫП БАРАТАТ

Өмүрүңө турган чагы кут конуп,
Табигатка периштедей көрк болуп.
Көздөрүңдөн жаштык жалын төгүлүп,
Айжамалың жылмаюуга жык толуп.

Ууртгарыңдан төгүп-чачып күлкүнү,
Кирпиктериң кубанычка киринип.
Он сегиздин таңы сени жетелеп,
Бактылуусуң, бакыт сага кезигип.

Күл, күлө бер, күлкү сага жарашат,
Аргасыздан баары сени карашат.
Ичи тардын ичегисин туз жалап,
Бир сулуу ай жерде басып баратат.

Периштесиң, өзүң аны билесиң,
Жаштыгыңдан жаркып сенин таң атат.
Аруу кыздар ай-ааламга нур төгүп,
Бир сулуу күн жерде басып баратат.

## КЛАРАГА

Канча жылдар өтсө деле эсимде,
Бүгүн сенин туулган күнүң жан курбум.
Сен сүйгөн гүл өнүп турат дүйнөмдө,
Сенин ырың унутулбас ыр курбум.

Оо бир кезде «сенсиз жашай албайм»,– деп,
Карааныңа жалбаргандар көп эле.
Бул өмүрдө жайнап жашап жүрүшөт,
Башка кызга жар болушуп жөн эле.

Чүрөк десе, пери десе жарашчу,
Сен ал кезде тийип турган күн элең.
Тиктей калсаң жамалыңдан көз тайчу.
Үлпүлдөгөн назик, аппак куу элең!

Мүчөң кетпей жигиттердин түшүнөн,
Далай кыздар карегиңе жутулчу.
Бажырайган көздөрүңдөн нур төгүп,
Кирпигиңден сүйүү таамп туруучу.

Бүгүн сенин туулган күнүң жан эркем...

## ҮМҮТТӨР ЖАНБАЙ КАЛДЫ

Канча кыздын махабатын ок элеп,
Көшөгөсү калды чиркин ачылбай.
Канча каттар кетти Ооганстанга,
Арман ташып, муңдуу ыйы басылбай...

Бурма эненин жалгыз баласы,
Кетти дагы, кайтып келбеди.
Эне байкуш жүрөт күндө жалбарып,
Акыркы бир сүрөт болуп эрмеги.

– Апаке, эки, үч күндө барам,– деген
Бир күнү кубанычтуу каты келген.
Делбиреп көпөлөктөй учуп-күйүп:
– «Урматым аман-эсен келет экен!»

Ушул кат эң акыркы белек болчу,
Уулунан дайын-дарек келбей койду.
Жалгыз аял жалгыз жолдо күтүнүп,
Үмүт чиркин булбулдөп өчпөс болду.

Далай жандын ой-тилегин ок элеп,
Онтоп кайтты канча сырлар айтылбай.
Канча үмүттүү үндөр Ооганстанга
Арман ташыйт, муңдуу ыйы басылбай..

## БАҢГИ КЫЗ

Кечээ эле сулуу, назик жан эле,
Келбетине далай жигит багынган.
Аруу кыздын мөлтүр, аруу тилеги,
Ылайланып, анан бир күн жаңылган.

Куюн болуп, алып кетти учуруп,
Нур тилегин азезилдер аздырып.
Шарактаган үнгө кайдан кошулду?
Шайтан кыздар кетти аны азгырып.

Табылбаса чабалактап өрт алып,
Бир татымга түшүп күнү зар болуп.
Ай чырайлуу эми аппак пери өчтү,
Ушул күндө бар болуп да, жок болуп.

Жалгыз татым жанына тынчтык бербей,
Бул жашоонун жүзү ага жабылып.
Айбанга окшоп бирөө жүрөт ээлигип,
Куюн болуп, көөдөй түндү жамынып...

## АЙПЕРИМ, АЙДАЙ КЫЗЫМ

Каткырып күлсөң талпынып,
Жадырайм, жарпым жазылып.
Буулугуп азыр турсам да,
Булуттуу ойлор чачылып.
Кылыгың сенин, татынам,
Көңүлдү кетет сапырып.

Колуңа тийсе баарысын,
Кемирип, шимип көрөсүң.
Көтөрүп койгон адамды,
Көзүнөн бери өбөсүң.
Баргың жок чоочун бирөөгө,
Мулуңдап качып жөнөйсүң.

Өзүңдү-өзүң тай-тайлап,
Жыгылып, туруп жүрөсүң.
Мышыкты кечке уйпалап,
Жүндөрүн жулуп жүдөттүң.
Быдырап турсаң апалап,
Садагам, сарым чүрөксүң.

Урушуп койсом бултуюп,
Таарынып калдың туйтуңдап.
Көзүңө келип мончок жаш,
Кирпикте турат жылтылдап.
Чыдабай кайра жыттасам,
Жүгүрүп кеттиң быйтыңдап.

Кайрадан күлсөң талпынып,
Жадырайм жарпым жазылып.
Буулугуп азыр турсам да,
Булуттуу ойлор чачылып.
Кылыгың сенин, татынам,
Көңүлдү кетет сапырып.

## КУСАЛЫК

– Сагындыңбы, уулум? Сагындың.
Жүргөндүрсүн күндө жол карап.
Улутунуп, далай умсунуп
Жомок болуп сага мен тарап.

Куса болдуң уулум, билемин,
Окшош мага бирөө көрүнсө.
Жүгүрөрсүң там-туң жыгылып.
Шылтоо тутуп болбос нерсени
Кеткен чыгаар көз жаш сыгылып.

Барам, уулум, бүгүн барамын,
Таң атсынчы, тарап жылдыздар.
Бир аз чыда, жаным, чыдагын.
Чоң энеңди алдап жагынып,
Чоң атаңдын чачын сылагын.

– Сагындыңбы, уулум?
Мен да сагындым!!!

## ЭСКЕРҮҮ

Жыйырма бешке чыкканымда, апаке,
Жаш калдың деп өксөп жатып көз жумдуң.
«Апакебай, эми эмне кылам?»– деп,
Көз жаш төгүп, бөбөк болуп мен турдум.

Жашоо-турмуш отко-сууга ыргытып,
Энесинин эркеси эле дебеди.
Уул-кызымды чоңойтоюн деп жүрүп, ,
Үй турмушка бышып калдым мен эми.

Алыска бир сапарга узаарымда,
Апа сенин элесиңди көп эңсейм.
Аздектеген нерсем кала бергенсип,
Кагылайын апакебай, сени эстейм.

Башымдан суу айлантып чаччу элең,
Алыс жолдон азып, чарчап келатсам.
Азыр дагы араң бутум шилтенип,
Апакем ай, сени эстеп келатам...

## ЭСКЕРҮҮ

Жыйырма бешке чыкканымда, апаке,
Жаш калдың деп өксөп жатып көз жумдуң.
«Апакебай, эми эмне кылам?»– деп,
Көз жаш төгүп, бөбөк болуп мен турдум.

Жашоо-турмуш отко-суууга ыргытып,
Энесинин эркеси эле дебеди.
Уул-кызымды чоңойтоюн деп жүрүп,
Үй турмушка бышып калдым мен эми.

Алыска бир сапарга узаарымда,
Апа сенин элесиңди көп эңсейм.
Аздектеген нерсем кала бергенсип,
Кагылайын апакебай, сени эстейм.

Башымдан суу айлантып чаччу элең,
Алыс жолдон азып, чарчап келатсам.
Азыр дагы араң бутум шилтенип,
Апакем ай, сени эстеп келатам...

## КУСАЛЫК

– Сагындыңбы, уулум? Сагындың.
Жүргөндүрсүң күндө жол карап.
Улутунуп, далай умсунуп
Жомок болуп сага мен тарап.

Куса болдуң уулум, билемин,
Окшош мага бирөө көрүнсө.
Жүгүрөрсүң там-туң жыгылып.
Шылтоо тутуп болбос нерсени
Кеткен чыгаар көз жаш сыгылып.

Барам, уулум, бүгүн барамын,
Таң атсынчы, тарап жылдыздар.
Бир аз чыда, жаным, чыдагын.
Чоң энеңди алдап жагынып,
Чоң атаңдын чачын сылагын.

– Сагындыңбы, уулум?
Мен да сагындым!!!

## ЭСКЕРҮҮ

Жыйырма бешке чыкканымда, апаке,
Жаш калдың деп өксөп жатып көз жумдуң.
«Апакебай, эми эмне кылам?»— деп,
Көз жаш төгүп, бөбөк болуп мен турдум.

Жашоо-турмуш отко-сууга ыргытып,
Энесинин эркеси эле дебеди.
Уул-кызымды чоңойтоюн деп жүрүп,
Үй турмушка бышып калдым мен эми.

Алыска бир сапарга узаарымда,
Апа сенин элесиңди көп эңсейм.
Аздектеген нерсем кала бергенсип,
Кагылайын апакебай, сени эстейм.

Башымдан суу айлантып чаччу элең,
Алыс жолдон азып, чарчап келатсам.
Азыр дагы араң бутум шилтенип,
Апакем ай, сени эстеп келатам...

## АПАМДЫ КӨРГӨН КАРЫЛАР

Айылымдын карылары айланайын,
Адегенде кезигишет бушуркөшүп.
Тааный албай, таанып алышат.
Кайра-кайра сүйүп жүзүмдөн,
Жетине албай сурап калышат.

Жетине албай бири-бирине,
Ата-энемди муңайып эскеришип.
Балдарымдын сылап маңдайын,
Чын дил менен мээрим төгүшүп.
Көздөрүнөн аяр өбүшөт.

Ата-энемди көргөн куттуу карылар,
Силердеги пейил жоктур ааламда,
Силердеги жөнөкөйлүк, эстүүлүк,
Апакемдей көңүлүмдү көктөтүп,
Акыл болуп келатат жугуп мага!..

## КАЙЫРЧЫ ТАГДЫР

Балдагына сүйөп бүткүл өмүрүн,
Арман жутуп көчөдө бала турат.
Жалгыз колун сунса аттиң, калтырап,
Көздөрүнөн мөлтүрөгөн жаш кулап.

Шоола да түшпөйт караңгы дүйнө,
Капырай азиз, убалы кимге?
Айта албай муңун, уга албай дудук,
Тагдыр ай, мынча таш боорсуң неге?

Ойноп жүрсө болмок бойтоңдоп,
Боз топурак кечип чаң салып.
Жылдызы өчүп, жайнап күлө албай,
Боздоп көңүл, боздоп муңканып.

Ырайым тилеп, кайырчы кургур,
Жанынан өтсө жалдырап тиктеп.
Агылып кеткен көп элден бөбөк,
Мээримди күтүп, убайым издеп.

Майыптык анын айыбы беле,
Майтара көрбө баланын көөнүн.
Беш, он сом сизге кенч болуп бербес,
Уялта көрбө сунулган колун.

Сындыра көрбө көңүлүн назик,
Кең пейил элбиз, кененбиз дале.
Аяна көрбө калайык-журтум,
Жоголот акча чөнтөктөн деле.

## МЕН ШААРГА АШЫК БОЛДУМ

– Бейиш кайда,– деп калышса негедир,
– Оштто дегим келип зорго токтоймун.
Сулаймандын чокусунда баратсам,
Салкын желге саамайларым өбүлүп,
Беш салаамдан күндүн нуру төгүлүп,
Ушул шаарга ашык болдум окшоймун.

Тентек ойлор булуттардай самсаалап,
Ээрчип барып тоого чыгып алышат.
Баео балдар дүйнө капар жүгүрүп,
Таштан-ташка улак болуп түйүлүп,
Ой-кыялым бала болуп тызылдап,
Оюн болуп бөбөк менен жарышат.

Аппак үйү көзгө Бабур бабамдын,
Жомоктогу сыйкырдуу алтын сарай.
Карап туруп туу чокудан шаарымды,
Капилеттен өз оюмдан селт эттим.
Жыбыраган үйлөр бүт тызылдашып,
Ушул тоого жүгүрүп келаткандай.

Түн бир оокум болуп калды көрүнөт,
Үргүлөгөн шаардын көзү илинип.
Эч ким эми мени көрбөйт,– дегенсип
Аста тиктеп уялыңкы ийилип.
Ай акырын түшүп келип чечинип,
Ак-Буурада сүзүп жүрөт киринип.

– Бейиш кайда,– деп сураса бирөөлөр,
– Ошто,– дегим келип зорго токтоймун.
Жер-жемиштер бышкан кезде укмуш ай...
Ош-Ош эмес, Ош жемиштин мекени,
Каректерим сулуулукка сыя албай,
Ушул шаарга ашык болдум окшоймун.

## ЭКИ ЧҮРПӨМ – ЭКИ АЗАМАТ

Бирөөнүн жаман сөзү тийип кокус,
Көңүлү сынбасын деп калкаладым.
Эр жетип, көз алдымда жигит болуп,
Азамат болупсуңар байкабапмын.

Кечээ эле эрбеңдеген эки чүрпөм,
Бой жетип, экөөң бүгүн эки азамат.
Тындырбай телефондон кыздар сурап,
Тынч албай кечиксеңер жүрөк туйлап.

Адам бол, айланайын азамат бол,
Жарыгың башкаларга тийип турсун.
Бир жанын жандык деле багат уулум,
Керегиң эл-журтуңа тийип турсун.

Алыста жүрөсүңөр айланайын,
Келишкен эки жигит, эки чүрпөм.
Кайсы жыл, кайсыл күнү кайсы саатта,
Келиндүү боломун деп күтүп жүрөм.

Кечээ эле эрбеңдеген эки чүрпөм,
Эр жетип калыпсыңар байкабапмын..

## УУЛДАРЫ КАЙДА?

Жонуна мүшөк көтөрүп,
Чет элде жүдөп самсаалап,
Аялы жүрөт кыргыздын.
Балдарын эптеп бага албай,
Тамакка чай пул таба албай,
Катыгүн, эркеги кайда кыргыздын?

Басаарга жол жок бытырап,
Базарда кечке тополоң.
Алгандан көп сатканы,
Аялдын баары топтолгон.
Отуруп кечке сыз жерде,
Оорунун баары козголгон.

Аракка тоюп сандалып,
Жигити жүрөт кыргыздын.
Базарда байлык топтойм деп,
Байлык тургай айлык жок.
Акча тургай тыйын жок
Эркеги жүрөт кыргыздын.

Сагыз сатып, кант сатып,
Балдары жүрөт кыргыздын.
Назиктик тургай, көрк тургай,
А-а деген де алкынып,
Күнгө күйүп күйпөктөп,
Кыздары жүрөт кыргыздын.

Көңүлүм сыздап көргөндө,
Аялын аяйм кыргыздын.
Калтырап колу турса да,

Тириликтин айынан,
Базарда жүргөн бечара,
Карысын аяйм кыргыздын.

Жакырланып эл турса,
Жардам сурап кол сунса.
Катыгүн деп кайрылаар,
Туйгуну барбы кыргыздын?
Тагдырын элдин ойлоочу,
Уулдары кайда кыргыздын?

* * *

Кайтала дагы,
«Эч кимди сенче
суйбөгөм» дегин.
Убада берчи,
«Эч кимди сенче
өбө албайм» дечи.
Шыбыра дагы,
жагымдуу сөзүң аябай.
Угузбай айтчы,
«Эч качан
сенче сүйбөгөм» дегин.
Жалындап сүйчү,
Кылчактап артты карабай.
Өрттөнүп күйчү,
жалының өчпөй,
                тарабай.
Жылмайчы дагы,
эзилген жүрөк дүкүлдөп,
дүкүлдөп турсун
бул өмүр бою тарабай...

* * *

Айтпа антип, өзүңдү да,
Мени дагы алдаба.
Таң нуруна тайкы сөздү жамаба.
Удургуган уйгу-туйгу сезимди,
Бул өмүрдүн мыйзамына камаба.

## УЯЛДЫМ

Өз төшүн өзү койгулап,
Өзүн-өзү мактаган
Келесоо үчүн уялдым.

Акылы жок бир кемпай
Акылдуусунуп көсөмгө
Акыл айтса уялдым.

Өзүн жанга теңебей,
Көрөңгө менен иши жок
көкөлөсө уялдым.

Өзүн-өзү таанбай,
Алоолоп турган кызкызыл
күнмүн десе уялдым.

## ОШПИРИМДЕ ТУМАР ТОО

Көөдөнүндө согуп турган солкулдап,
Сулайман Тоо оштуктардын жүрөгү.
Ош шаарына турмар болуп тагылган
Ош шаарына түнкү шамдай жагылган
Сулайман Тоо – Ош шаарынын жүрөгү.

Дүйнө жүзүн дүңгүрөткөн аты бар,
Жер жүзүндө не бир укмуш жерлер жок.
Асман тиреп коодолсо да канчалык,
Чок ортого жүрөк болуп тагылган,
Сулаймандай ыйык, сулуу тоосу жок.

Тарам, тарам бүт денеге тараган,
Кан тамырдай Ак-Буурасы агылат.
Мажрүм тал саамайлары самсаалап,
Үч кылымды уламыштай жашаган,
Ошпиримде достук шамы жагылат.

Ыйыктыгын уламыштар улаган,
Кереметиң алыс жерде сураган.
Сыйынууга келип алыс-жакындан,
Сыйкыр таштын сырын айтып бабалар
Кылымдардан кылым сырын уга алган.

## АЛАЙ ЖЕРИ КЕРЕМЕТ

Аскалары көк асманды чапчыган,
Алай жери Теңир мээрим төккөн жер.
Алымбектей датка атабыз төрөлүп,
Курманжандай датка энебиз өткөн жер.

Жайын-кышын арча жыты аңкыган,
Тоолору да, суусу, жери керемет.
Асман толо жылдыздары жымыңдап,
Алай таңын сүрөттөсө сөз жетпес.

Жер алдынан атырылып Жылуу-Суу,
Дартка даба издеп келген андан көп.
Керемети менен жердин кооздугун,
Айтуу кыйын кур сөз менен сүрөттөп.

Жүрөгүндө эмне болсо түз айткан,
Адамдары ачык болот Алайдын.
Сууларындай мөлтүрөгөн таптаза,
Кыздары да сулуу келет Алайдын.

## ЖЫЛДАР МЕНЕН КУСАЛЫГЫМ ЭСКИРИП...

Аска-зоодон так секирген улактай,
Теңир тоонун тентек кызы мен элем.
Шоктугумду апам гана кечирип,
Бой тартканда токтолосуң дечү элең.

Бой жеткенде көзүң албай көзүмдөн,
Перидейсиң, көз тийбесин дечү элең.
Көз мончокту тагып жатып колума,
Тынчың кетип, убайымды жечү элең.

Кеткенимде кыздар менен көчөгө,
Үйгө кирбей, сыртта күтүп турчусуң.
Алыс жактан кокус жаным ооруса,
Апакем ай, аны сезип, туйчусуң.

Өксүп, өксүп, ыйлап ие жаздаймын,
Апа, сени эстегенде эчкирип.
Жылдар гана жан дүйнөмдү дарылап,
Мезгил менен кусалыгым эскирип.

## АГАМ АСКАРБЕК САЛЫМБЕКОВГО

Дөөлөттү да, бакытты да теңирим,
Ниетине карап берет адамдын.
Байлыгына, мансабына мас болбой,
Көлөкөсү тийип турат агамдын.

Үмүт артып үшүп келсе жылытып,
Көңүлүнө далайлардын шам жакты.
Бечараны аяп, жөлөп, тургузуп,
Байкуштун да жүрөгүнө баш бакты.

Атакты да, даңкты дагы теңирим,
Көөдөн кербей көтөргөнгө ыйгарат.
Эл-журтунун намысына чеп сымал,
Агабыздай азаматтар тура алат.

Эл ичинде эл мүдөөсүн ойлогон,
Мартабалуу уулдарга бак консун.
Элин сыйлап, элдин жүгүн көтөргөн,
Агабыздай азаматтар көп болсун.

## БАР БОЛ, ИНИМ!

*Иним Маткабылов Ырысбек Шаршенбаевичке*

Жаштыгына карабай,
Нарк-насилди билген иним.
Пейили кенен, марттыгын,
Теңирим сүйгөн иним.

Улууга урматы бар,
Маңдайы жарык иним.
Кичүүнү сыйлай алган,
Маанайы ачык иним.

Жакшы атанын уулусуң иним,
Намысың, салмагың бар.
Бапырап колуң ачык,
Жаркырап көөнүң ачык.

Урматтап улуу, кичүүнү,
Урмат-сыйдын үстүндө жүр.
Элиңе тийип жарыгың,
Элиңе өтсүн кадырың.

Аман бол, садагасы,
Өмүрүң узун болсун!
Таалайың кемибесин,
Теңирим бакыт берсин!

## МЕЛИСБЕК МЫРЗАКМАТОВГО

Эл башына кыйынчылык түшкөндө,
Эр, азамат элдин жүгүн көтөрөт.
Эр жүрөктү «Эр жүрөк»,– деп айтпасаң,
Калыстыктан кайттың анда, сөз өлөт.

Журтка ийилип, элди урматтап, сыйлаган,
Азаматтар чанда, сейрек төрөлөт.
Караан тутуп, медер тутуп, жаш дебей,
Калкы сыйлап, эли-журту жөлөнөт.

Жүзүң жарык, жолборс жүрөк жигитсиң,
Тайманбассың, элдин түшүп назары.
Элди сыйлап, эл тагдырын ойлогон,
Көбөйсө экен сендей уулдун катары.

## ИНИМ МАМАТЖАН АНАРБАЕВГЕ

Таңда нур чачып  тийгендей,
Күндөй ачык ниетиң бар иним.
Теңирим сени колдосо экен,
Теңирге жакчу пейилиң бар иним.

Өмүрлүү бол, өсө турган жигитсиң,
Өнчү адамдын өзгө менен иши бар.
Элин ойлойт, журтуна  болот карамдуу,
Эр, азамат, элден чыкчу  мыктылар.

Ооматың арта берсин, бактылуу  бол,
Маанайың ачык болсун бүгүнкүдөй,
Жарыгың башкаларга тийип турсун.
Пейилиң кенен болсун күнүмкүдөй.

# КҮҮГҮМДҮҮ КҮНДӨР

## *Ыр түрмөк*

### Биринчи ыр

## Боздоп турду Ош эне

### I

Сөз бар эле бүт шаарды жортуп жүргөн,
Жолбун иттей андан-мындан угулуп.
Ишенээрди билип-билбей элейдик,
Бейкуттукка көнүп калган жаныбыз,
Чындык дагы жалган болуп туюлуп.

Чындык анан булут болуп буулугуп,
Каптай калды калаабызды заматта.
Мемиреген июндун бир күнүндө,
Көңүлүмдү көзөп өтүп ок үнү,
Карегимден тыйылбай жаш тамат да!

### II

Эчак жансыз энесинин боорунда,
Эмчек сурап боздогонун баланын.
Көздөрүмдү жумсам дагы унта албай,
Наристенин чыркыраган үнүнөн,
Эңшерилип, бырчаланып турамын.

Талкаланып, айнектери бычырап,
Аңтарылып, күйүп жаткан машина.
"Түшүм болуп кала көр" деп тилеймин.
Канга батып өлүп жаткан адамды

Театрдан көргөн окшоп жүрөмүн.
Бир китептен окугам деп өзүмдү,
Ишендирсем. Коңшу үйдө адам жок.
Дубал калды кара түтүн каптаган.
Мотураңдап эртели-кеч ойноочу,
Көзгө сүйкүм татынакай бала жок.

Жамандыкты жалган түшкө ыйгарып,
Бир чындыкты моюнга албай танамын.
Эки дос эл бири-бирин аябай
Бычак шилтеп, колу барып ок атты,
Көрдүм аттиң, жүрөк канап чыдадым!

Өзбек өлдү, кыргыз өлдү айыпсыз,
Калаам турду ый табытка айланып.
Ою жаман от чачты да ортого,
Жымырылып, жылып кетти акырын,
Элим калды көкүрөктү муң чалып.

Эне калды уулун жоктоп боздогон,
Коогаландуу ошол күндү айыптап.
Келин кургур кечээ эле баш кошкон,
Кош жаздыгы көз жашына чыланып
Оор  кайгыда ооруп турду айыкпас.

III

Үч күн, үч түн шаарыбызда думугуп,
Жашоо токтоп, өмүр акпай калгандай.
Суу да токтоп, жада калса  нан болбой,
Аз да болсо уруш көрдүк жалгандай.

Ишенели деген менен баары бир,
Каректерге капилеттен шек келип.
Коомай тиктеп бирибизди-бирибиз
Жүрөк үшүп, жүрөк байкуш титиреп
Кошула албай арабызды бөлүп жик.

Бир атанын эгиз эки баласы,
Эзелтеден бир-бирине эш эле.
Ынтымактан ырыс-кешик төгүлүп,
Бапыраган байлык батпай койнуна
Берекелүү байыркы шаар Ош эле...

Боз ингендей ботосунан айрылган,
Боздоп турду чыдай албай Ош эне!!!

**Экинчи ыр**

## "Атаке, качан келесиң?"

*(Оштогу кайгылуу июнь күндөрүндө бейкүнөө канча адам жарык дүйнө менен кош айтышты. Ошолордун бири – "У-ШУ" боюнча машыктыруучу, кыргыздын намыстуу кулундарынын бири – Байыш Жунусов эле. Анын өлүмүнө себепчи болгондор дайын болсо да негедир жазасыз кете беришти. Өмүр, өлүм эмне экендигин айырмалай элек эки наристеси ата мээриминен эрте ажырашты. Улуу уулу ушул бүгүн да атасын келет деп, балалыктын баёо үмүтү менен күдөр үзбөй томсоруп жол карап күтүп жүрөт)*

## Баланын ыры

Эшиктен албай көзүмдү,
Элеңдеп тиктейм, ойнобойм.
Эртеге атам келет деп,
Эртерээк уктайм күндө эле,
Тезирээк эртең болот деп.

Санасам эртең көп болду,
Санагым жетпей адаштым.
Ойгонуп карайм ордуңду,
Кыялда сага таарынып,
Түтпөдүм, кайра жараштым.

Сүрөтүң менен сүйлөшөм,
Баратам уулум, күт дедиң.
Бүгүн да күттүм, келбедиң.
"Тез эле кайтам" деп коюп
Машина сатып бербедиң.

Бек болсо дүкөн мейличи,
Ала албай койсоң оюнчук.
Келе бер ата, ыйлабайм,
Чарчасаң макул, уктай бер,
Көчөгө жүр деп кыйнабайм.

Мойнуңа мени көтөрүп,
Алпарчу элең бакчама.
Капыстан келип калат деп,
Айнектен жылбай сени издейм,
Агылган элден бакчама.

Бир күнү барсак төмпөйүп,
Топурак жатат талаада.
– Бейити, балам, ушул жер,
Бейкүнөө кеткен өмүрдөн
Келдик,– дейт апам – атаңа.

Карасам тымтырс айлана,
Кыбырап баскан адам жок.
– Жашынба, ата, чык,– дедим,
Акыры келип калды,– деп
Кубанып чуркап издедим.

Шолоктоп апам басылбай,
Иним да, мен да ыйладык.
Акылдуу болуп келатам,
Аяймын аны, шоктонбойм.
Түшүнбөйм неге келбейсиң?

Гантелиң турат бөлмөңдө,
Көтөрө албайт аны эч ким.
Карайм да дароо сени эстейм.
Кайрадан баарын унутуп
"Атакем качан келет?" дейм.

## Үчүнчү ыр

## Келсең боло...

*(Кайгылуу июнь күндөрүндө беш жашар уулун дайынсыз жоготкон эненин ыры...)*

Босогодон аттаарымда,
Көздөрүмдөн үмүт куюлат.
Үй ичинде күлүп жаткансып,
Кулагыма добуш угулат.

Жаттап алып сенин үнүңдү,
Ар бир буюм сүйлөйт сен болуп.
Ал ансайын жүрөк тилинип,
Аалам, ай, күн баары сен болуп.

Кутсуз сөзгө ыраа көрбөдүм,
Каралдым ай, сени жалгыз деп.
Баягыдай ойноп жашынмак
Кирип келсең боло капилет.

Кирип келсең боло чырагым,
Апакеңди салбай азапка.
Сен жөнүндө бирөө айтчудай
Сени күтүп жашоом азап да...

Сүрөтүң менен сүйлөшөм,
Баратам уулум, күт дедиң.
Бүгүн да күттүм, келбедиң.
"Тез эле кайтам" деп коюп
Машина сатып бербедиң.

Бек болсо дүкөн мейличи,
Ала албай койсоң оюнчук.
Келе бер ата, ыйлабайм,
Чарчасаң макул, уктай бер,
Көчөгө жүр деп кыйнабайм.

Мойнуңа мени көтөрүп,
Алпарчу элең бакчама.
Капыстан келип калат деп,
Айнектен жылбай сени издейм,
Агылган элден бакчама.

Бир күнү барсак төмпөйүп,
Топурак жатат талаада.
– Бейити, балам, ушул жер,
Бейкүнөө кеткен өмүрдөн
Келдик,– дейт апам – атаңа.

Карасам тымтырс айлана,
Кыбырап баскан адам жок.
– Жашынба, ата, чык,– дедим,
Акыры келип калды,– деп
Кубанып чуркап издедим.

Шолоктоп апам басылбай,
Иним да, мен да ыйладык.
Акылдуу болуп келатам,
Аяймын аны, шоктонбойм.
Түшүнбөйм неге келбейсиң?

Гантелиң турат бөлмөңдө,
Көтөрө албайт аны эч ким.
Карайм да дароо сени эстейм.
Кайрадан баарын унутуп
"Атакем качан келет?" дейм.

### Үчүнчү ыр

## Келсең боло...

*(Кайгылуу июнь күндөрүндө беш жашар уулун дайынсыз жоготкон эненин ыры...)*

Босогодон аттаарымда,
Көздөрүмдөн үмүт куюлат.
Үй ичинде күлүп жаткансып,
Кулагыма добуш угулат.

Жаттап алып сенин үнүңдү,
Ар бир буюм сүйлөйт сен болуп.
Ал ансайын жүрөк тилинип,
Аалам, ай, күн баары сен болуп.

Кутсуз сөзгө ыраа көрбөдүм,
Каралдым ай, сени жалгыз деп.
Баягыдай ойноп жашынмак
Кирип келсең боло капилет.

Кирип келсең боло чырагым,
Апакеңди салбай азапка.
Сен жөнүндө бирөө айтчудай
Сени күтүп жашоом азап да...

### Төртүнчү ыр

## Буюм дүйнө

*(Кайгылуу июнь күндөрү адамдардын да аласын иргеп, кимдин ким экенин көрсөттү го...)*

Бул өмүрдү акча менен тиктеген,
Бир аялдын акчага окшоп көздөрү.
Тыйындардай анын үнү шыңгырак,
Тыйын болуп калган сындуу көңүлү.

Буюм жыйып, буту тийбей бутуна,
Өмүрү анын үй –музейге айланып.
Үйү чиркин, буюмдардын базасы,
Жан дүйнөсү жыгач-ташка айланып...

Тагдыр таш боор, өктөм аттиң ай,
Ызы-чууда үйү кетти өрттөнүп.
Чыркыраган аянычтуу ошол үн,
Чыр-чыр этип, күйүп бүттү өрттөнүп.

### Бешинчи ыр

## Түрмөдөн

*(Каргашалуу июнь күндөрү жалган жалаага кабылып, соту болбой саргарып, көптөгөн күнөөсүз уулдарыбыз түрмөдөн көз жумду)*

Түрмөдөн көрдүм эле,
Ушул муңдуу көздөрдү.
Үн катып сүйлөбөгөн,
Арыкта, акырайып,
Жаштыгы өчүп калган

Көздөрду көрдүм эле.
Жалооруп турду беле?
Жалыныч уктум беле?
Жашы да кургап бүткөн
Үмүтсүз ушул көздү
Кай жерден көрдүм эле???
Түрмөдөн!
Түбү түшкөн!
Ошол көздөр, ошол үндөр,
Ошончо күндөн бери
Кадалып көңүлүмө,
Көздөрүмө, жүрөгүмө,
Таптакыр жеп бүтүшкөн...

Чыны жок, жалганы жок,
Жалаага кабылышып
Капканга чалынышып.
Токмокко тоюп бүтүп,
Белинен омурулуп
Түрмөдө күнү бүткөн
Наристе балдар эле...

Кимдер эле?
Ал биздин балдар болчу,
Эл-журту эстебеген.
Төрт дубал үнүн угуп
Кудайга жеткен үнүн
Биз гана укпай коюп...
Оо дүйнө кете берген
Ал биздин балдар болчу...

Жыйырмага чыгып-чыкпай,
Өмүрү чарт үзүлгөн.
Бир байкуш эне кургур,
Жакшы эле тилек менен

Жадырап өстүрдү эле,
Көкүлү бириндеген
Кыргыздын баласы эле…

Кыргыздын кулундары,
Эл-журту эстебеген.
Төрт дубал үнүн угуп,
Кудайга жеткен үнүн
Биз гана укпай коюп…

Оо дүйнө кете берген…
Кай жерден уктум эле,
Онтогон ушул үндү?
Түрмөдөн!!!
Түбү түшкөн!!!
Кечирип кой садагасы,
Безилдеп безеленсем.
Колумда эч нерсе жок.
Кокуй күн бийлик деген…

Көзүңдүн тирүүсүндө,
Кубантып кое албадым.
Жайнатып садагасы
Мен сага эркиндикти,
Чындыкты бере албадым.
Сен күткөн акыйкатты
Катыгүн таба албадым…

Кечиргин… Кечире алсаң…

* * *

Жылмаясың жүрөгүңдө от бардай,
Каткырасың көңүлүңдө чок бардай.
Кагыштырып калп сүйлөйсүң ышкыртып,
Ушактасаң ууктурасың сөз калбай.

Жакшы, жакшы, сен кыйынсың деп койсо,
Айдан аттап, күнгө чыгып кеткиң бар.
Тепкич кылып тээп туруп ааламды,
Колуң сермеп, көк асманга жеткиң бар.

## ЖАЛГЫЗ СЕНИ УНУТАЛБАЙМ ЭМНЕГЕ?

Күндөр өтүп, кайсы кайсы жыл эле,
Таңдар атып, батып кетти күн деле.
Унутулду укмуш күндөр жыл өтүп,
Жалгыз сени унуталбайм эмнеге?

Жылмаюуңду жан адамга теңебей,
Жылдарымды арнап сага ченебей.
Жылт дей түшсө карегиме карегиң,
Шуудурумдөй бакыт кулап кенедей.

Бир өмүрдү бир күтүүгө айлантып,
Ката баары, ката жашап жүрөмүн.
Кайсыл күнү жолум сенден адашса,
Ошол жерде адашыптыр жүрөгүм.

## СИЗДИН САПТАР МЕНИН ДҮЙНӨМ ОЙГОТКОН

Ырдын пири мени колдоп кетээр деп,
Алыкулдун ырын жаттым жазданып.
Ырдын алпы жүрөгүмдө жүрсүн деп,
Ыр дүйнөгө тизе бүктүм баш багып.

Китебиңди көп жатчумун жазданып,
Түшүмдө ырыңды окуп, күйүп, жанып.
Жылдыздай асманымдан ыр жааганда,
Наристедей шаттанчумун кубанып...

Өңүмдө жүзүңүздү көрбөй туруп,
Кереметтүү ырдын демин сезгемин.
Түшүмдө ыр деңизин сүзүп жүрүп,
Сиздин ырдан ойгонгонум эстедим.

Сиздин саптар кар сампарлап жаагандай,
Сезимимди ойготуптур эстесем.
Жамгыр сымал жааган ырдын күчүнөн,
Кереметтүү саптар эстен кетпеген.

Агатай, көздөрүңдү көрбөдүм эх!
Татаал, сүйүү тагдырыңды эстеймин.
Сиздей алптан талант, шыкты аябай,
Жашты аягап кудуретке не дейин?

# ИНИМ ЖОЛДОШБЕК ТУРСУНАЛИЕВГЕ

Бакытты да, дөөлөттү да жараткан,
Манчыркабай, көтөргөнгө ыйгарат.
Жолдош иним сендей мыкты жигиттер,
Эл ичинде сейрек гана жаралат.

Айылда өскөн көп баланын бири эле,
Келечегин билди дейсиң ким эле!
Мойтоңдогон ойноок бала кечээги,
Эл намысы болот дептир ким эле!

Жылдар өтүп, мезгил өтүп зыпылдап,
Учкан куштай күндөр көзгө илинбей.
Ата баркын, эне наркын остургөн,
Эр азамат өсүп чыкты билинбей.

Кудайым өмүр берсин, таалай берсин,
Жаркытып маңдайыңды маанай берсин!
Аман бол элиң менен, жериң менен,
Үй бүлө, тууган, урук, келин менен!

## АЛООЛОГОН ЖАЛЫН КӨРӨМ АГАМДАН

*«КРнын эмгек сиңирген куруучусу», «Имарат Строй групп» бирикмесинин президенти, агам Бейшенбек Иманалиевге*

Жылуу сөзү жүрөккө дем бере алган,
Жылмайганда көңүлгө шам жагылган.
Бапырандап ак көңүлүн чачканда,
Алоологон жалын көрөм агамдан.

Барга, жокко көтөрүлүп кетпеген,
Ысык, суукту унуткарбай эстеген.
Жакшы адамды, март адамды ойлосом,
Мен агамдын элесине кез келем.

Мээнет менен, эмгек менен талбаган,
Өз тагдырын өзү куруп жасаган.
Үмүт артып, тилек кылып келгендер,
Кубанышып, күлүп чыгат агамдан.

Эли урматтап, калыстыгын, марттыгын,
Боорукердик, мээнети көп тагдырын.
Пейилиндей оомат берип, бак берип,
Теңир андан аябантыр бардыгын.

Кадырыңыз, баркыңыз бийик болсун,
Көк чапчыган Теңир тоонун зоолорундай.
Өмүрүңүз узун болсун анан дагы,
Мартабаңыз аша берсин агатай!

# МАЗМУНУ

## АҢГЕМЕЛЕР


Түштүккө түшкөн келин ........ 4
Нике ........ 6
Казан көөлөгөндө ........ 7
Эшик шыпырганда ........ 8
Нан үзгөндө ........ 8
Сынган чыны ........ 9
Каляч ........ 10
Нан палоо ........ 10
Камыр палоо ........ 11
Эчки сааганда ........ 12
Сөлөкөттөн коркcондо ........ 12
Кайнагамды тергегенде ........ 13
Маасы ........ 14
Анжирди көргөндө ........ 14
«Ликаптарды» издегенде ........ 15
Челекке суу алып келгенде ........ 16
Жаванга жыйган жүгүм кулап... ........ 16
Шимек ........ 17
Люся апа келин болгондо ........ 18
Балалык ........ 21
Бастырмадан учканда ........ 22
Винону таштаганда ........ 23
Куурчагымдын жуурканы ........ 23
Чачымды кыркканда ........ 24
Мышыгыма кошулуп өзүм ыйлап ........ 24
Кызыл өтүк ........ 25
Кайнатам келгенде ........ 25
Эки тентек бир класста ........ 26
Эжейим калп айтканда ........ 26
Кызганыч ........ 28
Маршруткада ........ 31
Көлгө барып, көңүл калып... ........ 33
Балама кутуча карматышып... ........ 33
Күмүш таап алып, алтын менен төлөп ........ 36
Эне тагдыры ........ 38
Назиктин сүйүүсү ........ 62
Апама баратам ........ 70
Уурдалган ишеним ........ 75
Тагдыр ........ 81

## ЫРЛАР


Бакыттын бир тамчысы... 88
Аячумун 89
Күчтүүрөөк экен бул тагдыр 90
Мен сенсиз... 92
Бакыт эмне? 93
Бул сүрөттү тарткан чебер ким эле? 94
Ыраазымын жолуктурган тагдырыма 95
Курсташтарга жолукканда 96
Сагынам классташтарымды 97
Баёо болсо менче болсочу... 98
Ошол күн кайра кезиксе... 99
Буйрубаган бакытым 100
Берчи өзүмө... 101
Кезигүү 102
Үмүтүмө нур тамат 104
Ирмегенден кирпигимди коркомун... 105
Чындык 106
Ыр дүйнө 107
Турмуш сен – жандырмаксыз табышмаксың... 108
Бирөөнүн көзү тийбесин 109
Кыргызды бала багып... 111
Ак тал чач 112
Жылдыз эле 113
Сактай көр 114
Издеп жүрөм 115
«Сиз менин апамсызбы?» 116
Көл кайрыктары 119
Уруксатпы, көлүм сени сүйүшкө? 119
Толкун тилин билген барбы? 120
Ысык-Көл 121
Оо, Ысык-Көл, кереметиң керемет 124
Алгачкы кар 125
Тагдырың болалбадым 126
«Кетпе жаным...» 127
Бактылуудан бактылуу элем анда мен 129
Жаңы ачылган кызгалдактай жан кызым... 130
Баарынан эне улук 132
Тарых чындыгынан бир үзүм 133
Менче түтө албас 134
Кантип чыдап мени таштап кеттиңиз? 135
Айылым 136
Өчүрсөм ошол күндү 137
Мен өзүмдү көпүрөдөй сеземин 139

Бейишке да алмашпаймын айлымды ........ 140
Менин үйүм ........ 142
Сагыныч ........ 144
Жеңем ........ 143
Курбума ........ 146
Кеч эле ........ 147
Таң жүздүүм ........ 148
Адашкан көпөлөк ........ 150
Ай басып баратат ........ 151
Кларага ........ 152
Үмүттөр жанбай калды ........ 153
Баңги кыз ........ 154
Айперим, айдай кызым ........ 155
Кусалык ........ 156
Эскерүү ........ 157
Апамды көргөн карылар ........ 158
Кайырчы тагдыр ........ 159
Мен шаарга ашык болдум ........ 160
Эки чүрпөм – эки азамат ........ 161
Уулдары кайда? ........ 162
Уялдым ........ 165
Ошпиримде Тумар тоо ........ 166
Алай жери керемет ........ 167
Жылдар менен кусалыгым эскирип ........ 168
Агам Аскарбек Салымбековго ........ 169
Бар бол, иним! ........ 170
Мелисбек Мырзакматовго ........ 171
Иним Маматжан Анарбаевге ........ 172
Күүгүмдүү күндөр ........ 173
Ыр түрмөк ........ 173
Боздоп турду Ош эне ........ 173
“Атаке, качан келесиң?” ........ 175
Баланын ыры ........ 175
Келсең боло... ........ 177
Буюм дүйнө ........ 178
Түрмөдөн ........ 178
«Жылмаясың жүрөгүңдө от бардай» ........ 181
Жалгыз сени унуталбайм эмнеге? ........ 181
Сиздин саптар менин дүйнөм ойготкон ........ 182
Иним Жолдошбек Турсуналиевге ........ 183
Алоолонгон жалын көрөм агамдан ........ 184

*Көркөм-адабий басылма*

**Акунова Жыпар**

**ТҮШТҮККӨ ТҮШКӨН КЕЛИН**

*Аңгемелер, ырлар, тандалмалар*

Бишкек, «Улуу тоолор» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Ж. Медералиев*
Корректору *Н. Ногойбаева*
Мукабасын көркөмдөгөн *А. Кадыров*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга 08.04.2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^1/_{16}$. Көлөмү 11,75 б.т.
Заказ № 125. Нускасы 500 даана.

---

«Улуу тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
720000, Бишкек шаары, Ю.Абдырахманов көчөсү, 170А.